**Жыпар ИСАБАЕВА**

# МАХАБАТ МАЗАРЫ

*Аз жашап, чоң сүйүүгө кезиккендер,*
*Ээрчишип эгиз учуп кетишкендер.*
*Мазары МАХАБАТТЫН болоор дайым -*
*Экөөңдү кучагына бекиткен жер!..*
***(Автор)***

Бир күнү иштен келсем, тун кызым китеп окуп отуруптур. Кабагы бүркөө, көздөрүндөгү каканактаган ысык жаш төгүлүп-төгүлө албай мөлтүлдөйт. Назарым дароо эле колундагы китепке урунду. Кыргыз эл акыны Сооронбай Жусуевдин сыясы кургай элек сыякөк китеби – «Канат менен Зарина» экен. Андагы эки жаштын армандуу да, өлбөс-өчпөс, улуу махабаты Нурайкамдын жандүйнөсүн өкүткө салып, кайра ошончолук кызымды ак сүйүүнүн эч нерсеге теңдеши жок мөлтүр тазалыгына, ыйыктыгы, бийиктигине жетелеп, бул жашоодо анын бар экенине ишендирип атканына ынандым да, кубандым. Ушунун баарына көзүм жетип, билип туруп эле:

– Кызым, сага эмне болгон? – десем ый аралаш күлүмсүрөп келип, моюнума колдорун ороп, көпкө чейин үн-сөзү жок кучактап, бойлошуп турду. Кызымдын чыгармадан, андагы чыныгы сүйүүдөн алган таасирине кубанып, анын жандүйнөсүндөгү балалык баёолуктун, аруулуктун кереметине ырахаттана саамай чачынан жыттагылап, жүзүнөн сүйдүм. Эне мээримине ого бетер эркелеп, эреркей түшкөн кызымдын каректериндеги каканактаган тамчылар ошондо гана тыпылдап таамп кетти.

– Апаке, – деди анан бир убакта олуттуу бир нерсе айтуучудай салмактуу үн катып. – Апаке, эгерде туура көрсөңүз, мени Канат менен Заринанын күмбөзүнө ала барыңыз?!.

Кызымдын үнүндө өтүнүч да, менин ошентүүгө милдеткер экенимди баса белгилеген өктөмдүк да бар эле.

Канат менен Заринанын күмбөзүнө барып, сыйынып келүүнү өзүм дагы көптөн бери ойлогонум менен, көртириликтин көйгөйлөрү көңүлдү да, колу-бутту да тушап, убакыт-саатым чыкпай жүргөн.

* * *

Чоң-Арык көрүстөнүндө кош бейит бар... Тирүү кездегидей бири-бирине жакын ыктап, жанаша жатышкан бу, жыйырмага али толуп-толо элек кыз-улан ушул жерди мекен тутуп жакында эле, 2003-жылдын январында келишкен. Келишкен да, ушул жерден түбөлүктүү жай таап, а бирок эчендеген жылдардан бери боздоп, муңдуу обон созгон ушул көрүстөндөрдүн арасын махабаттын мазарына айлантып, өздөрү да өлбөстүккө, керемет ырга, күүгө кубулуп, адамдардын жүрөктөрүнө сүйүү себелеп, ай ааламды чарк айланып кетишкен.

А бирок! Алар анда бул жарык дүйнөнү эрте, эң эле эрте таштап, маркумдардын шаарынан конуш алып, мекен тутуп калууну каалашкан да, шашкан да эмес! Маңдайларына жазган тагдырдын бул жазуусу болбогондо, алар ээрчишип алып көрүстөнгө эмес, ата-энелер аздектеп тиккен ак өргөөгө, ак көшөгөгө киришмек...

* * *

Күн көтөрүлө электе эле бул жерге бүтүндөй калайык-калкка кадыры сиңген, канаттуу калемсап менен кадыр-барк тапкан, канчалык башына кайгы-капачылык түшүп, небереси Канаттан, Заринадан айрылып атса дагы кайратынан кайтпай, калган бала-бакырага калдайган караан болуп, карылык нуска кеби, акыл-насааты менен, жана да эки ашык жөнүндөгү көлөмдүү, көркөм дастаны менен ким-кимге кайрат-кубат берип аткан айкөл ата, атактуу акын Сооронбай Жусуев байбичеси Шааркүл апа менен ээрчишип келет да, саал бошой түшкөн денесин, муун-жүүнүн чыйралтып, неберелерине куран окуйт. Таятанын эриндерин болор-болбос дирилдек басып, көздөрүнө ысык жаш тегеренет. А бирок, улуу адамдын улуу ойлору кайгыруудан кайра бат эле аны арачалайт. Элге улуу сезимдин бар экенин ырастап кеткен эки чүрпөсүнө Эл акыны башын ийип, жандарынын жаннатта болуусун Кудайдан тилейт...

Сооронбай агайдын кызы, Канаттын апасы Гүлнара менен атасы Дайыр, Заринанын ата-энеси Жеңиш менен Клара да канчалык өзөктөрү өрттөнүп атса дагы, улуу адамдын алдынан кыя өтпөй, бардык муң-кайгыны ичтерине жутушат. Айтмакчы, Кудайым өзү жар, Канат менен Заринадан аян болуп, Гүлнара эже жакында Аян аттуу уул төрөп алды. Бул баланын төрөлүшү өзүнчө эле жомок, терең сырлуу. Ал жөнүндө кийинчерээк сөз болоор.

Канат!.. Кандай гана карагаттай мөлтүрөгөн бала эле?.. Айрыкча, таенеси ал дегенде эт-бетинен кетип, ал дегенде эне-чыйырчыктай чыйпыйы чыгып, канаттарын калдайтып жаза коюп, ысык-сууктан калкалап туруучу! Экөөнүн жаны бир эле го, чиркин! Олда, эненин жүрөгү, ай! Канатсыз канчага чыдап түтө алар экен?...

Оо! Ал эми Заринка кыз, Зайка жөнүндө сөз кылуу, анын ысымын жөн гана көмөкөйдө кайталап айтуу – мен үчүн өзүнчө эле бир ыйык дуба сыяктуу. «Сүйүүнүн ханышасы»...– дейм мен аны өзүмчө. Ушул саптарды жазып атып, бир кездеги өзүмдүн:

Сөлөкөтүн тартпайле кой сөз менен,
Мен сүйүүнү көргүм келет көз менен.

Гүлдөй назик үлбүрөгөн немедир,
Аруулуктан бүткөн же ууз денедир?..

Оттой ысык, чоктой кызыл болсо да,
Жалынына күйсөм болот эле бир...

«Адам жинди болот дейсиң ой менен»,
А мен сени жайыма эле кой дегем...

Жүрөгүмө келет сүйүү чакыргым,
Өрттөнсөм да, өчсөм дагы макулмун...

– деп чыныгы махабаттын бар экенин билүүгө куштар болгон, качанкы бир эңсөөмдү эстедим. Андай болсо, сүйүүнүн жүзү ошол – Зарина кыздын жүзүндөй сүйкүм, сулуу, жагымдуу жана назик чыгаар? А балким, туулганда эле Зарина сүйүү болуп туулгандыр? А кийин өзүнүн ыйык мекенине кайып болуп, адам катары адамдардын арасында эмес, жандүйнөдө, жүрөктөрдө жашаш үчүн чексиздикке сиңип, кайтып кетти бекен?..

Заринаны билгендер анын бир үйдүн эч нерседен кем-карчы жок эрке, жалгыз кызы болуп туруп, ушунчалык карапайымдыгына таң кала беришет эле. Ал жаш туруп өтө терең ойлогон, көп окуп, көптү билүүгө умтулган, жароокер, күн нурундай сүйкүм кыз болчу дешет... Ага кошул-ташыл, Канатка болгон таза махабаты аны ансайын ажарына чыгарып

туруучу... Ал Канатты башкача бир аруу, таза, чексиз сүйгөн экен. Атурсун бир жолу Канаты: «Кокустан көзүм жумулуп кетсе жүрөгүң канайт го, Зайка?»-дегенинде: «Анда мен сенсиз кантип жашамак элем, келесоом,– деп адатынча эркелете: – Сен эгерде бул өмүрдөн учар болсоң, мен да кошо учамын. Экөөбүз ал жакта да айрылышпай, бирге болобуз»,– дептир. Бул сөздөр армандуу да, аруу махабаттын далили сымак, Канаттын күндөлүгүндө калган экен... Балким, Канат да, Зарина да ажалдын ушунчалык жакын экенин анда аңдашпаса деле керек. Канаттын өмүрдөн ушунчалык эрте учарын тамчыдай таза кыз кайдан ойлоду дейсиң? А бирок, Зарина сүйүүгө, антка бекем эле...

Ал апасынын түшүнө кирген сайын, анын ыйлабашын суранат... А тургай бейтааныш ким бирөөлөрдүн да түшүндө аян берип, апакесине ошону айтып коюусун өтүнөт... Атүгүл дагы бирөөлөрдүн түшүндө аян берип, ыр да жаздырат дешет... Сүйүүнүн улуулугун айтат экен, ыйык кыз. Эмесе ошол ыйык кызды тапкан, жандүйнөсүнө бийик адамкерчиликти, улук сезимди түнөтүп баккан, эми да белди бекем бууп, уул-кызынын махабатын, атын аздектеп, бүгүнкү замандаштарына эле эмес, улам кийинки урпактарга уламалап айтып, аруулукка, туруктуулукка үндөш үчүн «Канат менен Зарина» аттуу коомдук фонд ачып, адабият менен маданият чөйрөлөрүнө колдоо көрсөтүп, чоң иштерди жаратып аткан Клара эжени мен өз дилимде ЫЙЫК-ЭНЕ атадым.

Эмесе, урматтуу окурман, дастан-ырга, обон-күүгө, арман менен ажайып улуулукка айланган ошол эки ашыктын аз өмүрдөн тапкан бактылуу, бактысыз да, жыргалдуу, жыластуу да махабатынын тарых, таржымалы мына мындайча болгон...

* * *

Ак таң менен кошо ойгонуп, адатынча терезеден теребелге көз чаптырган аруу бийкеч эмнегедир башкача бир жарк этти да, эки ууртунда ар убак мелт-калт этип даяр турган күлкүсү төгүлүп кетти:

– Кар?!. Алгачкы кар! Кандай жакшы!..

Кучагына сыйбай, жүзүнөн нур, ууртунан күлкү болуп куюлган кубанычын бөлүшкүсү келгендей анан кылчайып, ким бирөөгө үн салды:

– Наташа! Карачы эшикти! Тим эле кол менен жасап койгондой, айлананын баары аппак!

Жүрөгү туйлап, жүзү албырган акмаңдай кыздын ушул кубанычын туюп, ансайын ошого куштар болгон таризде таңкы табият да ал ансайын кербезденип керилет... Түнү бою балпалактап жаап чыккан биринчи кар, ой-тоону бүт аппапак түскө боеп, сагынычы тарабай аткандай дагы эле лапылдата жаап атыптыр...

Балкондун терезелерин кенен ачып жиберип, Зарина кыз кардын кебездей жумшак, балпайган-балпайган бүртүктөрүнө дидарын тосту.

– Мен сени сагындым, ак кар! Сенчи? – деди кыздын жапакеч, кыялкеч дили. – Сен да мени сагындың го?..

Кыткылыктап, ак кар менен кошо айлана-тегерекке күмүш күлкү чачып, алакандарына, жүзүнө коно калып, бат эле кайра «жылт» деп эрип кетип аткан жылдызчаларга ичи ысый, жоодурай тиктейт кыз.

Канча жылдан бери бирге жашап, бу кызга экинчи энесиндей болуп калган мээримдүү, камкор дагы үй кызматчысы Наташа анын жандүйнөсүн жакшы билет:

– Зайка, суукка урунуп алба, – дейт ал кабатырланып. А Зарина аны уккусу жок.

– Билесиңби, Наташа, эгерде менин колумдан келсе, мына бул апакай кардын аруулугунан адамдарга белек жасайт элем да, өзүм дагы ак кар менен аралаша асмандан жаап, тээ Көкөтеңирдин көк мейкиндигинен сезимдерге аруу тилек, ак сүйүү болуп себеленип келет элем... – дейт.

Гүлдүн үлбүрчөгүндөй назик, таңкы тамчыдай таза, өзгөчө бир сезимтал, эрке дагы, анткен менен көп ойлонуп, көптү окуган жөп-жөнөкөй бул кызга ичи элжирей, суктана күлүмсүрөдү Наташа :

– Ушунча да керемет болосуңбу, Закуля!..

Кар себелеп жаап атты...

Кай бирде эле көңүлү тоо булагындай таштан-ташка урунуп, жүрөгү туйлап, а кай бирде ойго батып тунжураган тунук кыздын жүрөгүндө эч ким билбеген сыры бар... Бу саам дагы, ошол эс тартканы ырларында, кыялында гана жашаган белгисиз мырзасы ак кар менен аралашып, ак боз атын азынатып, азыр асмандан түшүп келүүчүдөй таттуу кыял, эргүүнүн кучагында эс-мас турду:

Келер болсоң бүгүн келчи,
Падышасы сүйүүнүн!

– деди кыздын жандүйнөсү, тилеги:

Сезем дагы,
Келатканың мени издеп,
Сүйүү төшөп,
Келер жолуң тегиздеп,
Арнап койгом,
Өзүңө эчак өзүмдү,
Жүрөгүмө -
Жүрөгүңдү эгиздеп!..
Кимсиң, билбейм!
Бирок сени сагындым...
Жарымындай,
Жандүйнөмдүн, жанымдын.
Кимсиң айтчы,
Каяктасың, кандайсың?
Мен да эртелеп,
Келет сага табылгым...

Наташанын кайра-кайра чакырып, тынчсызданганы Заринаны оюнан «селт» эттирди:

– Үшүбөй үйгө кирсеңчи, Зарина! Суукка урунуп алып жүрбө?!

– Сен эмнегедир апама окшошсуң, – деди Зарина чайга отуруп атып же таарынганы, же эркелегени белгисиз. – Качан болсо эле чебелектей бересиң!..

Андай сын укканда Наташа ага таарынбайт. Тескерисинче, керемет кызга «экинчи эне» болуу бактысы ага жагымдуу да, сыймыктуу да. Өзүнөн он жаш кичүү болсо дагы акылы артык, адам түгүл жан бүткөндүн баарына жароокер, жапакеч кызды ал өз дилинде ак канаттуу периштедей сезе берет.

– Билесиңби, Наташа, – деди бир убакта ойго батып кеткен кожойкеси серпиле баш көтөрүп. – Эмнегедир эле белгисиз ким бирөөнү сагынып, кусалана берчү болдум... Башка бирөөлөр үчүн балким бул күлкүлүү угулаар. А бирок, кимдир бирөө мени издеп, жолумду карап жүргөнсүйт... Мен анын атүгүл жакын эле жерде жүргөнүн сезгенсийм, бирок таппайм...

Ойго чөмүлө, унчукпай калып кайра эле заматта «жымың» этет кыз:

– Ким болду экен ал? Көргүм келет. Ушул ак таңда, азыр ал эмне кылып атты экен? Менин белгисиз махабатым...

* * *

Канатты эртең менен таянеси адатынча өпкө-жүрөгүн чаап, көкүлүнөн кайра-кайра шорулдата жыттагылап ойготту:

– Туулган күнүң кут болсун, кубатым! Кудайым өмүрүңө береке берип, жаныңды таштан жаратсын!

Андан ары эне өзүнчө кобуранып, күңгүрөндү:

– Пендем десең, балдарымдын жамандыгын көрсөтпө, Жаратканым?! Бакдөөлөт, ырыс-кешик, ыйман бер?! Суук көздөн, суук сөздөн сактай көр?!.

Уктамыш болуп, энесине эмне кылып эркелеп ийүүнүн эбин издеп аткан небереси калп эле билмексен болуп, күлүмсүрөп ойгонду:

– Таяне, ким менен сүйлөшүп атасың?

Небересинин ажыкыс суроосуна Шааркүл апанын ансайын эбедейи эзилет:

– Ий, жаманым! Кудайдан суранып атам да...

– Эмне деп?

– Уулума узун өмүр, бакдөөлөт, ден соолук бер деп...

– Анан ал эмне деди? Берем дедиби?

– Кагылайын каралдым, менин! Алдыңа кетейин, ажыкысым!..

Эненин чечекейи чеч. Тирүүлүктө мындан өткөн ырахат, мындан өткөн жыргал жоктой, дүйнөсү түгөл болуп бир жыргап күлөт да:

– Тура гой, – дейт. – Сенин туулган күнүңдү билгендей, кар да очойто жаап салыптыр.

– Чынбы?!.

Баятан бери эне-баланын алда нелерди эле кобурашып, эркелешип атканын аңдап отурган Сооронбай ата да аңгыча баш багат:

– Туулган күнүңүз кут болсун, мырза!

Бул – Канаттын он алтынчы кышы болчу...

Ошол күнү ал окуган №13-мектептин эшигинин алды өзгөчө шаңга толуп кетиптир эле. Кар менен ургулашып, бири-биринин моюнуна кар шыкап, кубалашып ойногон жаштардын күмүш күлкүсү кудум мөрөк суусундай агылып барып, бу жалган дүйнөнүн жүрөгүнө куюлуп... Ошон үчүн жашоо улам жашарып, улам кайра уланып аткандай.

– Туулган күнүң менен, Канат!

Канаттын келатканын көрүп, утурлай чуркаган курбу-курдаштары аны курчап, ортого алышты.

– Бул жашоодо бар экендиги үчүн, биздин сүйүктүү Канатыбызга урмат жана даңк! Ура-аа!!! -деген баланы коштой, калгандары да жапырт «ураалашып», Канаттын үстүнө үймөлөктөшүп, биринен сала бири бетинен өөп, кучактап басып жыгылышты.

Тээ бир убакта, баятан бери башкалардан обочороок турган узун бойлуу, чырайлуу орус кыз тигилерден жакыныраак өңдөнүп, Канаттын мойнуна көпкө чейин оролуп турду да, жүзүнөн сүйдү:

– Кымбаттуум, мен сага эч качан түгөнбөгөн жана түмөндөгөн байлык каалайм!

– А мен, – деди тыкылдаган дагы бир кыз ага каяша айтып, – Канатка байлыктан да кымбат, чыныгы сүйүү каалайм!

Мурунку кыз менменсине, аны шылдыңдай каш какты:

– Сен эмне, ошол «чыныгы сүйүүнүн» да акчага сатыларын билбейсиңби?!

– Сатып алгандай, же болбосо сатып ийгендей сүйүү буюм эмес! Ал акчага түгүл, адамдын акыл-эсине да баш ийбеген улуу сезим!

– Ха! Андай улуу сезим китепте жана байыркы аң-сезимде, түркөйлөрдүн мээсинде гана жашайт! Азыр деген – Интернеттин заманы! Кааласаң катын албай, эрге тийбей, жандилиңдин эле эмес, жанкумарыңдын да көйгөйлөрүн компьютер аркылуу чечип алсаң болот, секет!

– Андайларды – робот дейт, акылы азым!

Канаттын алдында беделине доо кете түшкөн биринчи кыз анын алдын торой, уруп ийүүчүдөй демите унчукту:

– А сен ошончолук эле акылдуусуңбу, кемпай?!

Бул тирешүүнүн акыры эмне менен бүтөт эле, аңгыча Канат адатынча жарк эте топтон суурулуп чыгып, эки кыздын ортосуна куудулданып тура калды да, акындарча көкүрөктү кенен ачып, көөдөндү керип таштап, чачты силке, башты бийик көтөрүп, колду оң-тетири жаңсагылай, кайсы бир китептен жаттап алган ырды окуп калды:

– О, Теңирим!
Ошол сулуу ким өзү?..
Жерге түшүп келген окшоп Күн өзү!
Айдай аппак айжамалы. Анан да -
Ак канаттуу Периштедей мүнөзү!

О, досторум! Мени оору деп түшүнбө,
Көрдүм ошол Перини мен түшүмдө.
Келдим анан: «Бүт Жер шарын айланып,
Ашыгымды табам!» -деген бүтүмгө!..

Балдар-кыздар Канаттын өнөрүн кубаттап, шатыра-шатман алакан чаап ийишти. Андан ары «махабаттын каарманы» кудум сахнада роль ойноп, образга кирип кеткен чебер артистче, же чындап эле жүрөгүнүн эңсөөсүн издеп жүргөн карыптай сыңар тизелеп отура калып кыздарга карай:

Ашкан сулуу -бирөөсүнөн-бирөөсү,
Балким ошол сенби? Сенби? Ким өзү?
О, жок, башка! Жүрөгүнүн кагышы
Окшош эмес! Таш боор да экен мүнөзү!..

– деди да, мүңкүрөгөн адамдай жер тиктеп, улутунуп отуруп калды.

Ортону саамга жымжырттык уялай түштү эле, бир убакта Канат каткырып тура калып, кыздарга кар чачып качты. Анын тамашасын калгандардын каткырыгы коштой, кирүүгө коңгуроо болгучакты бирин-бири кар менен ургулашып, атүгүл эки кыз да эми элеки чекишкенин эстеринен чыгарып салгандай, жанаша туруп алып кыткылыктап күлүп атышты.

Канат искусствонун ушул жанрына табиятынан жакын боло турган. Кичинекей кезинен эле короонун балдарын чогултуп алып, сценарийин өзү жазып, өзү кайра режиссер, оператор болуп, боевик «кинолорду» тартар эле. Сооронбай ата менен Шааркүл апа да андайда балдардын оюнуна ортоктош болуп, алардын үйүнөн ар дайым «кичинекей артисттердин» аягы үзүлчү эмес. Эл акынынын иш кабинети балдардын чыгармачылык борбору болуп кетчү. Качан гана «Көркөм фильм» даяр болгон кезде балдар чогулуп отуруп алышып кинону көрүп, ага өздөрүнүн сынын, пикирин айтышып, ролду мыкты алып чыккан «артистке» атайын «мактоо баракчалары», «дипломдор» ыйгарылчу. Ар бир жолу «артисттер» Канаттын режиссерлук талантын айрыкча баалап, ага ыраазычылык билдиришкени Канаттын эсинде. Бир жолу балдар ага күтүүсүз жерден «Супер-режиссер» деген номинацияны ыйгарышканда, Канат чындап эле толкунданып, чекесинен чыпылдап тер чыгып кеткен болчу...

Кечинде Канаттын куттуу уясы -таята, таянесинин үйүндө чоң майрам болду. Канаттын туулган күнүнө арналган жайыл дасторкондо бапырап, Сооронбай атанын бала-бакырасы чогулду.

Ушундай учур Канатка өзгөчө жакчу. Айрыкча өзүнүн ата-энеси Дайыр менен Гүлнаранын катарлашып, бири-бирине ыктай, жанаша отурганы эле ага канчалык?!

Таятасы менен Канат канчалык сыймыктанса, өз атасынын бедели да ага ошончолук. Кээде сүйүктүү атакесине өзүнүн окшош жактарын издеп, таап, атүгүл жүрөгүндө жүргөн тубаса дарттын да атасынан экенине эрдемсип, оорунун опураталын ойломок турсун, так ошол окшоштуктун өзүнөн да ал кубаныч тапчу... Ал анткени атасындай болгусу келчү.

Ушул түнү Канат бир башкача түш көрдү. Түшүндө кызыл-тазыл гүлгө оронуп, учу-кыйырына көз жетпеген жапжашыл айдың талаада тызылдап чуркап, балбылдап жанган Күн менен кубалашып, жарышып барат... «Мен каякка баратам?!» – деп бет маңдайдан тоскон белгисиз алыстыктан чочуркап, жүрөгү опкоолжуйт. Канчалык баргысы келбей, артына улам кылчактаганы менен кандайдыр бир тартылуу күчү аны өзүнө оп тартып, ансайын арышы арбып бараткансыйт.

Аңгыча эле кайдан-жайдан канаттын доошу угулуп, жолдо өзүнө жакшынакай ак кептер жандай учат.

– Сен каякка?– дейт Канат.

– Билбейм. А сенчи?

– Менби? Күн батышка! – дейт Канат капыс эле оозуна келе калган, буга чейин эч качан оюна келбеген жоопту айтып:

– Мен Күндү кубалап баратам...

Жашыл аалам барган сайын артта калып, алыстап, ансайын Канаттын жүрөгү дүкүлдөйт...

Ойгонуп кетсе, чындап эле эриндери кургап, жүрөгү кысылгансып атыптыр...

* * *

Канат менен Заринанын тагдырын жазмыш тээ кенедей кездеринен эле бири-бирине энчилеп, бири-бирине экөөнү тымызын жакындатып, сезимдерден-сезимдерге күн желесинен жол төшөп... бири-биринин каяктадыр бар экенин бири-бирине тымызын кабарлап... көңүлдөрдү белгисиз сагынычка, санааларга саргайтып... жүрөк кылын дирилдете, күтүүнүн күүсүн черттирип, ал ансайын жолугушчу күндөр дагы улам-улам утурулап отурган тура... Ооба!

Заринанын башкача бир зиректигин, ким бирөөнүн өзгөчө күйпөлөктөөсүнө муктаж эмес, өз алдынчалыгын туйган ата-энеси бир күнү акылдашып, ага эртелеп эле өзүнчө өргөө көтөрүп беришти. Айткандай эле Зарина эс тарткандан эле чоң кишидей сарамжалдуу, үй-тиричилигине бүйрө өсүп, эч нерседен кем-карчы жок чоңойду. Бир үйдүн эрке, жалгыз перзенти болуп туруп эне-атанын тапкан-ташыганына манчыркап, обу жок эркелебейт эле. Тескерисинче, өз алдынча түтүн булаткан алгачкы күндөн тартып эле андагы: «Ата-энемдин эмгегин, ишенимин актоом керек», – деген жоопкерчилик ого бетер арбыды.

– Зайка, жок дегенде дем алыш күндөрү сыртка чыгып, эки жакка сейилдеп, курбуларың менен кобурашып келсең боло? Же дүкөн кыдырып, өзүңө кийим карап келесиңби? – дечү кээде Клара-апа. Бирок, Зарина анда да ынанчу эмес:

– Апакебайым менин! Жетет кийимим. Ашыкча чүпүрөк-чапыракты чогултуп алып эмне кылам? – дейт да бош убактысын жалаң окуу менен өткөргүсү келет. Сүрөт тартып, ыр жазып, бул жашоонун табышмактуу сырларына саякаттап, кагаз бетине ой көчүрөт...

Бирок, мектептен үйгө чейинки аралыкта аны өзүнчө чакырып, ар убак арбап турган бир сүйүктүү жайы боло турган. Ал – Москва көчөсүндөгү 141-үйдүн биринчи кабатындагы

китеп дүкөн. Бул дүкөнгө кыз күнүгө келчү. Келчү да, китеп сатып алып, кубанычы койнуна сыйбай кудуңдап үйүнө кетчү. Анткен менен кыз так ушул дүкөндүн үстүңкү кабатында Канат жашарын билчү эмес...

*** 

Бүгүн таң башкача атты.

Баягы ак кар кетип, азыр аалам жашыл кымкап жамынган...

Адатынча таң эрте балконго чыккан кыз башын саал оң ийнине төшөй, көздөрүн жумуп, кудум керемет күүгө кулак түргөн периштедей күлүмсүрөп, береги жапыз талдын бутактарында учуп-конуп кужулдаган таранчыларды тыңшады. Ага удаа эле ашыгын издеп аалам кезген бечара чымчык канаттарын калдактатып, так төбөдөн сайрап өттү:

– Күк-күк?! Күк-күк!..

Зарина аны аяп кетти.

Бул жомокту ал атасынын эжеси – Сабира апасынан уккан.

Тээ качандыр бир замандарда ай десе аркы, күн десе көркү жок Зейнеп аттуу адеми кызды ата-энеси кудалап, жүрөгү сүйбөгөн эле бир кишиге күйөөгө беришет экен. Ошол кыздын антташкан Күкүк аттуу ашыгы болгон имиш. Кийин-кийин кусалыгы жанына баткан ошол жигит Зейнепти издеп чыгат. А бирок, ал ашыгына жолуга албайт. Анткени аны каардуу күйөө жигиттерине карматып, көзүн тазалатып таштайт да, карга-кузгунга жем болсун деп сөөгүн алыс-алыс, аска-зоонун арасына ыргытырат... Ушул аңыз акырындап Зейнепке да жетет дейт. Ошондо күйүтүнө чыдабаган жаш сулуу капастан качып чыгат имиш.

Токой-черди аралап, тоо ашып, өзөн кечип, өзөгү өрттөнүп Күкүгүн издеп, кийими дал-далынан айрылып, азапка белчесинен малынып жер кезген келинге акыры боору ачыган Жараткан канат берип, чымчык кылып көккө учуруп ийген экен. Ошол күндөн ушул күн уя да салбай, бала да бакпай, Күкүгүн издеп гана зар какшап учуп калыптыр, бечара...

Күкүктү ээрчий караган кыз ушуларды ойлоду. Эмнегедир эсине махабаттын каармандары Мажнун менен Лайли, Ромео менен Жульетта, Тристан менен Изольда, Олжобай менен Кишимжан түшүп кетти. «Сүйүүдөн бактылуу болгондор бар болду бекен? – деп ойлоду кыз анда. – Деги эле ошол өлүмдөн да кайра тартпай, сүйгөнү үчүн бар азапка макул кылган махабат өзү жашоодо барбы? Же ал жомокто гана жашайбы?.» «Бар! – деди ага экинчи бир туюму. – Бар эмей!»

Бир ирээт ушул суроону ал апасына да берген. Клара-апа анда кызынын каректеринде тунган кандайдыр бир түйшөлүүнү көргөн. Ал апасынан баары бир жандүйнөсүндө өзү каалаган, жүрөгүнүн суроосун канааттандырган жооп уккусу келип турган. Кызынын саамайларынан жыттап, бооруна имере тартып, бек кучактаган апакеси анан:

– Сүйүү бар, кызым, – деди, – Ал бар үчүн тээ атамзамандан бери эле акылмандар ал жөнүндө айтып бүтпөй, акындар жазып бүтпөй, кылым улам кыр ашкан сайын махабат улуу даңазага айланып, дастан болуп, күү болуп, ырдалып келатпайбы!

Сексеңдеген секелек кызы анда апакесине күлмүңдөй караган:

– Анда, Олжобай менен Кишимжандар, Ромео менен Жульетталар чын эле жашап өтүшкөн турбайбы?

– Албетте. Атүгүл, боору менен сойлогон таштай муздак жыланда да жылуу сезим болот дешет.

– Кызык...

Зарина кыз ушуларды ойлоп турганда, балкондун кырына келип коно калган сагызган жан-алы калбай шакылыктап:

– Жүрөгүң кубанат! Жүрөгүң кубанат! – дегендей мойну-башын койколоктотуп аркы-терки басты да учуп кетти. «Эгерде терезеңе сагызган консо, жакшы жаңылык угасың», –

деп укканы бар эле, ошол дагы кошул-ташыл болдубу, алда нени туйган окшоп, эмнегедир жүрөгү туйлады.

Тоо тараптан соккон айдарым аба айжаркын кыздын айжамалын аймалап, саамай чачтарын дирилдете, көңүлүн кытыгылады. Жанына канат бүткөндөй, же болбосо аны кандайдыр бир жакшы жаңылык күткөндөй, каяккадыр сабалап учкусу келип, сезимдери серпилип, жандилинде бир талпынып алды, кыз бала!

Сезимтал кыздын жүрөгү чын эле алдабаптыр... Ушул күнү ал сүйүүгө жолукту! «Бул жашоодо чыныгы махабат барбы?..» деген түпөйүл суроосуна ошол бир кылымга да алмашкыс бир ирмемде чыныгы жооп тапты. Кереметтүү май айынын бул күнүндө анын жандүйнөсү балалык баео кыялдардан ат чабым кыйлага алыстап, махабат аттуу ошол улуу дүйнөнүн ырахаттуу да, армандуу аралчасына карай канат какты.

Бишкек калаанын Москва көчөсү менен Тынчтык проспектисинин так кесилишинен орун алган № 13– мектептин жыйын залы. Күн тартибинде «Окуу жылынын жалпы жыйынтыгы» каралып, мектептин директору окуучуларды жыл ичиндеги жетишкендиктери менен куттуктап, алдыдагы жыйынтык сыноолорго да ийгиликтерди каалап, андан ары да көп сөздөр сүйлөндү. Директорго удаа эле мектептин завучтары, мугалимдери жарыш сөзгө чыгышып, Канатка жыйын эң эле узакка созулуп кеткендей, эмнегедир тап-такыр анын аягы жоктой сезилди. Эшиктеби, үйдөбү, айтор аны кимдир бирөө чакырып, ким бирөөгө жолукчудай шаштысы кетип, отурган отургучунда ойдолоктоп, чыдамы жетпей баратты.

Канчалык өзүн-өзү тынчытып, алаксытууга аракеттенгени менен, анте албады. Жүрөгү дүк-дүк кагып, байлоодогу тай күлүктөй тынчы кетти да калды. Аңгыча, өзүнө да белгисиз бир күч, бир сезим аны артына жалт каратты!.. Карады да, жанатан берки табышмактын жообун эми тапкандай, өзүн күлүмсүрөй тиктеген сулуу кыздан каректерин ала албай, нес боло түштү. Эмнегедир тулку боюн чымыраган ысык жалын каптап, эки бети да болуп көрбөгөндөй от менен жалын болуп, арбалып турду. «Укмуш!..– адеп эле оюна келгени ушул болду. – Укмуш!.. Бул пери го?.. Же кызбы?»

Ары карап кетейин десе өчөшкөндөй, же байлап койгондой мойну бурулбайт. Өтө кыйынчылык менен кыздан көздөрүн тартып алып, башын буруп кетти. Бирок ушул ирмемдер уландын жандүйнөсүнүн чакчалекейин чыгарып, чаң-тополоң түшүрүп ийди. Ой-санаасы удургуп, башка жашоо, башка бир планетке кабылгандай, бир эле заматта карбаластап калды. Табышмактуу ушул сезим, ушул кыз, ушул учур, өңүбү же түшүбү айрый албай, көздөрүн эки-үч ирет ирмегилеп жиберди. Эмнегедир өзүнө-өзүнүн эрки жетпей, кандайдыр бир белгисиз бир күч аны артына дагы каратты.

Бал-бал жанган каректер бир-бирине кусалуу тигилди. Аппак кийим кийген, күлүмсүрөгөн айжаркын аруу кызды Канат качандыр бир, каяктандыр көргөн өңдүү бүшүркөй түштү. «Ким эле?.. Ким эле?..» Бирок эстей алган жок...

Бул не деген керемет эле? Не ажайып сулуулук?! Ушундай кыз, ушундай дүйнө, эс-акылды эс-мас кылган укмуш сезим бар экенин Канат неге баштатан билбеди экен?

Кылчайып, артына дагы карады.

Ууртунан күлкүсү төгүлгөн уяң кыз да күлө бакты.

«Сен кимсиң, пакиза кыз?..» – Канаттын каректери ушинтип сурады.

«А сен өзүң кимсиң?..» – деди бажырайган сурмалуу, сулуу көздөр.

«Менби?..»

Канат карбаластай түштү. Кабынан ыргып кетүүчүдөй көкүрөгүн дүкүлдөтө ургулаган жүрөк дүбүртү кайра өзүн абдаарытып, электр тогу жүрүп кеткендей тула боюн жыбыраган майда толкун каптап кетти.

«Кызык! – деди Канат ошонун ортосунда.– Эмне болуп атам?..» А бирок, ага жооп издеп да отурбады. Анткени, аны чечмелегенге азыр анын акылы да, чама-чаркы да чак

келбейт болчу. Тек гана өзүн бир чети таң калгандай, бир чети эң жакынындай жароокер, жал-жал караган татына, тамчы кыздан башка эч кимди көрбөй, укпай дагы, уйгу-туйгу түшө берди. Ага азыр эле жөпжөнөкөй өтүп аткан жыйын, жашоонун өзү бүтүндөй керемettүү жомокко айланып кеткенсиди.

Чогулуш соңуна чыгып, кыз-уландар топурап сыртка агылышты. Арткы катарда отурган үчүн Зарина Канаттан мурда чыкты. Капысынан кабылып, кайра бат эле кайтып кеткен кайып кыздай, эми элеки кыз заматтын ичинде көздөн кайым болду да калды. Эмнегедир, Канаттын тамагы мууна түштү. Үнүнүн бардыгынча ай ааламга айгай салып ошол кызды чакырып, а болбосо бакырып ыйлагысы келип кетти. Өчөшкөнсүп, элдин көбү!.. Топту жиреп, эшикке умтулган уландын өтө шашылыш экенин башкалар билип коюптурбу...

Эчак эле эшикке чыккан менен, Зарина да андан ары кете албай койду. Өмүрүндө ким бирөөнү күтпөгөн, ким бирөөгө мынчалык жүрөгү имерилбеген кыз, эмнегедир өзүнө-өзү таң калып да, намыстанып да, а бирок кетип да кала албай буттары тушалып, кадамы жылбай, кандайдыр бир эркине баш ийбеген тымызын күч аны ошол жерде кармап туруп алды. Эзелтен тааныш, эң жакын адамына кезикчүдөй жүрөгү алып учуп, а бирок Канаттын карааны көзүнө урунганда калп эле кайдыгерче ары карап кетти.

Эки ашыкты жолуктурган ошол ирмем, керемет ошол кезди, жүрөктөрдүн кагышын сөз менен айтууга... аттиң ай десеңчи, менин кудуретим, шаам жетпес! Андай ыйык сезимди, анткени жүрөк гана сүйлөп, жүрөк гана туюш керек! Антсе да аракеттенейин...

Бири-бирин тик кароого батына албай, каректер качып атты. Дүк-дүк соккон жүрөктөрдүн гана кагышын угуп, үн-сөзү жок саамга буйдала турушту да, ушул учурду капысынан жоготуп ийүүчүдөй калтаарыган кадамдарын аяр таштап, кыз-улан жанаша басышты.

«Эмнегедир, сен тараптан агылган нур алдастатып жанымды, акыл-эстен тандырат да, ал ансайын алоолонуп, ай жамалың албырат!.. Андай болсо, Айдын кызы болуп жүрбө?»– дейт Канаттын жүрөгү.

Кыз кыялы карматпай алыс-алыс алып учат...

«А балким... Кирпиктериң күн желеси сыяктуу, каректериң карек эмес, бал-бал жанган чыракпы?!. Бой-келбетиң кербездене суналып, эки ууртуңдан күлкү ордуна нур агып!.. Күндүн кызы болуп жүрбө?.. Же аккуу?»

Канаттын кадамдары байланып, кыздын каректеринен жооп издей, суроолуу тигилди:

«А балким, көңүлүмдү аруулап, жүрөгүмдү арбап алган перисиңби? Акыл-эсти азгырып, адаштырган сыйкырчы, же болбосо жүрөгүмдүн теңисиңби? Же кимсиң?!..»

– Кимсиң?.. – деди эриндери шыбырап. Оюндагысын кантип угузуп алганын өзү да байкоос албай калган улан ыңгайсыздана түштү. Кыз бала жарк этип күлүп ийди эле, акак тиштер кашкайып, ууртундагы күлкүсү «бырс» жарылып, көздөрү да бир башкача жайнап кетти:

– Заринамын, – деди ал.

Шашып калган улан:

– Канат! – деди кыздын сунулган жумшак манжаларын акырын кармап.

Эчактан берки ынактардай, бири-бирине астейдил, аяр карашып, ойлору да, бойлору да колго жасагандай жарашып, баш калаанын көчөлөрүндө ошол күнү эки жаш ээрчишип көпкө жүрүштү. Эмнегедир Канатка да, Заринага да жашоо, өмүр эң эле бир башкача, кудум жомок сыяктуу керемettүү эле. Ушул азыр баары-баары, атүгүл канчалаган жылдар бою, канча адамды аркы-терки узатып, кадамдардын дабышын, жүрөктөрдүн кагышын тыңшап, кээде дымып унчукпай, кээде шуулдап үн салып, жол жээгинде кыркаар тарткан карт теректер да ал экөөнө үңүлө, узата карап аткандай. Бутактан-бутакка учуп-конгон түркүн куштар да безелене сүйүүнү ырдап, жада калса жаңы ачылган гүлдөр дагы таажыларын дирилдете, бариктерин бириндете мойнун созуп, кол булгап калып

атышкансыйт. Атургай бүт Ааламга нур чачып, жарыгын төккөн алтын Күн да бул экөөнө үзүлүп түшүп, өзгөчө мээрим төккөндөй.

Ушундай туюм сезимтал кыздын ансыз дагы ысып-күйгөн эки бетин эндиги жок кызартып... А бирок, аркы-беркиден кеп салып, чын дилдерден сырдашкан эки жаштын бири-биринен каткан таруудай да сыры калбай, кайра бирок ошончо сөздөр дагы түгөнбөй, өздөрүнөн башканын баары унутта калгандай бактылуу баратышты.

Алар Канаттын үйүнө аз калышкан. Аңгыча, өтө маанилүү бир сөз айтуучудай Зарина кыз жолдун аркы бетиндеги так ошол Канат жашаган үйдү көрсөтүп токтой калды:

– Аркы өйүздөгү үйдү карасаң, Канат. Бул үй мен үчүн көп нерсеге арзыйт...

Ансыз да канча жылдардан бери бир мектепте окуп, бирок буга чейин бир да жолу бирин-бири көрбөй келишкендерине, анткен менен экөөнүн ортосундагы эчактан берки ынактардай бат эле ысык-ынак болуп кеткен ымалага, бирінин – оюн бири окуп алгандай, ой-кыялдарындагы окшоштуктарына таң калып келаткан Канаттын жүрөгү эмнегедир бу саам да бир серпиле түшүп:

– Себеби? – деди анысын жашыра албай.

Ошол үйдү чындап эле жүрөгүнө батырып, кучагына катып тургандай бактылуу жылмайды кыз:

– Менин акыл-сезимимди, жандүйнөмдү мекендеген канча бир ойлор, сүйүүлөр, тагдырлар бар. Алардын баардыгы менин жүрөгүмө ушул 141– үйдөн келишкен да, мени менен жашап калышкан...

Канат дагы эле эч нерсеге түшүнбөй аң-таң:

– Бул үйдө... жакындарың барбы?

– Эң жакындарым!

Канаттын жүрөгү уйгу-туйгу түшүп,ал гана эмес, ошол белгисиз ким бирөөлөрдөн жаңы эле таанышкан, жаңы тапкан бийкечин кызганып да кетти. Канаттын эмне тууралуу ойлоп ийгенин али аңдай элек кыз:

– Бул үйдө менин эң жакын каармандарым жашайт... – деди кыялдана.

– Алар көппү? – таарынгандай үн катты улан.

– Аябай!

– Кечир, а мен эмнегедир өзүмдү... жалгыз сыяктуу сезип атса...

Уландын аянычтуу болбурай түшкөн кебетесин ошондо гана байкаган Заринанын бир чети ага күлкүсү келсе, бир чети таарынтып алдымбы дегендей түйшөлө дагы, суроолуу күлө бакты:

– Канат, сага эмне болду? Мен сага китепкана, китептеги каармандар жөнүндө айтып атам!

Канат күлүп ийди:

– Чынбы? Анан бая эле ошентпейт белең! А мен... – деп анан: – Мен дагы азыр сага бир кызык айтайынбы? Ушундай бир таң каласың дейсиң, атурсун мага ишенбей дагы коюшуң мүмкүн, – деди.

Заринанын ошол кызыкты тез эле билгиси келип, шаштысы кете түшкөнүнөн улам жигит ансайын кепти алыстан баштады:

– Ошол, сенин китептеги каармандарың жашаган китепкананын так үстүңкү кабатындагы үйдүн терезеси, эмнегедир сен экөөбүздү үзүлө түшүп тиктейт да?

– А тиктесе эмне экен?

– Эмесе, так ошол үйдө бир сулууну бир эле көрүп ашык болгон, сүйүүнүн чыныгы рыцары жашайт!

Зарина ишенип да, ишенбей да күлкү аралаш сурады:

– Анда ошол сүйүүнүн чыныгы рыцары ким экен?

Канат куудулдана: «Мен!»– дегендей какайып тура калып, башын ылдый «шылк!» эттире ийип койду. Кыз кыткылыктап күлдү:

– Чыныңды айт!

– Чын айтам, Зарина! – Канат муну тамашалабай, чын жүрөгүнөн айтты. Анын эми элеки шоктонгон кош кареги: «Сенчи, сулуу кыз? Эгерде мен жүрөгүмдү, тун сүйүүмдү, мындан аркы ар бир мүнөт, күндөрүмдү сага арнасам, кабыл алар бекенсиң? Же балким, жарык жылдыздай бир жарк этээрсиң да, бат эле каяккадыр кайып болуп, менден дагы жакшы бирөөдөн бактыңды издеп кетээрсиң?» – дегендей сырдуу тиктеди.

Эми элеки ачык-айрым, күлкүчү кыз үлбүрөп, көздөрүн уламдан ала качып кетти.

– Мен сени жоготкум келбейт,– деди Канат капысынан эле. Эмне үчүн антип алганын өзү да байкабай калды.

«Мен дагы...» -сыртында сыр бербегени менен, кыз да ичинде ошону айтты. Эч качан бөлүнбөгөнгө унчугушпай убадалашып, дил аркылуу шерттешкендей, ысык алакандар бирин-бири аяр жетелеп, кадамдар жай шилтенип баратты...

«Зарина!.. Зарина! Жагымдуу, жакшы ат экен, – деп ойлоду улам. – Закуля!.. Зайка!..»

Ичинен кайра-кайра кайталады.

Эмне үчүндүр ушул ысым да, ушул сезим да көптөн бери көкүрөгүн уялап, көңүлүндө жашап, жадымымда жатталып калган окшоп, жакын эле. Бир убакта:

– Зайка? – деп эркелете айтып алды жигит. Зарина аны жалт карады.

– Эмне үчүн сенин атыңды Зарина коюшкан, – деди Канат. – Бул ысымды кайдан табышкан?

– Кинодон, – деди кыз күлүп. – Ата-энем Индия киносундагы Зарина аттуу сүйүүнүн каарманынан таасирленип, мага ошол атты ыйгарышыптыр. Кызык, мен да жаңы эле Канат деген аттын маани-маңызы тууралу ойлоп келаткам. Оюбуздун окшош чыкканын карасаң!

– Койчу!? – деди Канат ишенип-ишенбей.

– Чын айтам!

– А сен Канат деген атты балага эмне коерун билесиңби? – компоюп койду Канат.

– Менби?.. Мм... Боолгоп атам, – билсе деле ушинтти кыз.

– Ата-эненин, Ата Журттун ар-намыстуу, канаттуу эр-азаматы болуп, бийик-бийиктерге учкан уул болсун деп коюптур таятам!

– Оо! Анда ошол бийик-бийик жактарга өзүңүз менен кошо мени да ала учсаңыз экен? – тамаша чындап ушинтти кыз.

Кыялында өзү да бул кыз менен келечегин бир болжоп, алыс-алыска саякаттап барып келе койгон жигит эмнегедир шашкалактап:

– Жандилим менен! Сөзсүз! – деп ийди. – Албетте!

* * *

Улам убакыт өткөн сайын Шааркүл апанын санаасы санга бөлүнүп, көңүлү уйгу-туйгу.

– Балаң мынчалык кечикчү эмес эле, атасы? – деп күңгүрөнгөнү менен, иш бөлмөсүндө жазып отурган абышкасына анысын угузбайт деле. Тескерисинче минтип кейип-кепчигенин балдардын атасы туйбаса, билбесе экен дейт. Бармактайынан баш кошкон өмүрлүк жарын апа ошол ак жоолук салынган алгачкы күндөн тартып эле аялзатына таандык зиректик, акылгөйлүк менен ардактап, барктап, өзү түгүл чыгармачылыгын кошо ызааттоого үйрөнгөн. Балдардын атасы качан иш үстөлүнө отурганда Шааркүл апа аны көр турмуштун майда-барат көйгөйлөрүнөн таптакыр бөлүп кароочу. Андай кезде акынга жолтоо болуу, ар кандай жагдай менен тынчын алып, алаксытуу Шааркүл апанын да, балдардын да акылына сыйбай турган иш эле.

Бул үйгө жаш акын-жазуучулар, деги эле колуна алгач калем алып, чыгармачылыктын сапарына кадам шилтеген жаш канат кыз-уландар да байма-бай каттап , Шааркүл апа ошолордун ар бирине энелик мээримин төгүп, эркелетип тосуп алат эле. Ошон үчүн да болсо керек, поэзия дүйнөсүнүн кайсыл муунуна болсо да бул үй чыгармачылыктын куттуу уясына окшоп турчу.

Күн уясына жашынып баратты.

Байбичесинин бир орунга отура албай тынчсызданып, кирип-чыкканын баятан бери эле байкап, туюп отурган карыянын да акыры чыдамы түгөнүп, а бирок өзү калп эле эч нерсе ойлобогондой калбаат унчукту:

– Бу сен эмнеге эле күйпөлөктөп атасың, апасы? Бала деген ойнойт ошентип, кечигет! Анын үстүнө Канатың азыр кичинекей эмес да. Мүмкүн кыз жандап жүргөнүн сен каяктан билесиң?

– Ошондой эле болсунчу, – деди Шааркүл апа капкайдагы жаман ойлорду ойлоп ийгени үчүн өзүн-өзү жемелеп:

– Капырай десең, анан калса адамдын оюу түз эле жамандыкка кетет!

Бул учурда Клара-апа да ары жак, бери жакка телефон чалып, тызылдап кызын издеп атты.

А Канат менен Зарина ата-энелердин антип сар-санаага батып, убайым жеп атканын ойлоруна да албай, убакыттын бир далай болуп кеткенин билбей, бири-бирин сагынып, эзилишкен эчактан берки ынактардай ээрчишип, бул жашоодо жалгыз гана экөө бардай, башканын баарын унутуп, ушунчалык бактылуу эле.

Алар «Асанбай» кичирайонуна келген кезде асманда жылдыз жыбырап, аппак ай так төбөдө турган...

– Бул күн мен үчүн эстен кеткис, эң жакшы күн болду, – деди Канат, – Билесиңби, эми ойлосом, өзүм да сезбей, билбей, мен сени жашоодон тымызын издеп, сагынып жүрүпмүн...

– Мен дагы... Мен да сага качандыр бир жолугарымды билгем...

Кыздын колун кармалап, сезимине канат бүтүп, өзүн азыр учуп кетүүчүдөй сезген улан:

– Сенин күлкүң хрусталдын шыңгырындай таза экен, – деп анан: – Кызык, өзүмө да тааныш эмес, тааныш дагы... бул сөздөрдү мен каяктан, кантип таап айтып атам? – деди чындап эле өзүнө-өзү таң калып.

Экөө тең күлүп ийишти. Эки ашыкка кошулуп ай, жылдыз да жымың этти. Аңгыча, Зарина жашаган үйдүн алдына жеңил машине келип токтоду эле:

– Атам! – деди кыз. – Мен эми үйгө кирейин...

Кыйылып туруп , Заринанын колдорун араң коё берген Канат:

– Эртеңге чейин! – деди кол булгап.

А бирок, алар үчүн эртеңге чейинки убакыт ушунчалык узактай сезилип, кылчактай карашып араң бөлүнүштү.

* * *

Зарина үйгө кирип келгенде ата-энеси али босогодо турушуптур. Башкача бир бактылуу, башкача бир сулуу болуп, жарк этип кирип келген кызын көрүп, Клара-апа аз жерден ыйлап ийе жаздады:

– Кызым, эмне болду? – деди эне. Анысы: «Эмне кечиктиң? Кайда жүрдүң?» дегени эле.

Зарина болсо жооп айтуунун ордуна экөөнү бирдей кучактап, алмак-салмак өпкүлөдү:

– Атам менин! Апакем!.. Менин алтындарым!.. Экөөңөрдү ушунчалык-ушунчалык жакшы көрөм!..

Жароокер, жапакеч кызына ата-эненин да эбедейи эзилип, эми элеки санаркоолор заматта жуулуп кетти.

Буларды карап, кошо жыргап күлүп аткан үй кызматчы кыз бир убакта тамаша-чындан:

– Биздин үйдүн ханышасы, меймандарды төргө чакырууга ракым этиңиз? – деди.

– О, албетте! – деди Зарина да. – Төргө өтүңүздөр, биздин бийик даражалуу коноктор?!

Кыздар бир паста эле дастарконун жайнатып, булоолонтуп ортого бешбармак коюшту.

– Тамакка караңыздар, -деген менен Зарина алардын бир сөзүн укса, бир сөзүн укпай, кайра-кайра Канатты эстеп, жүрөгү алып уча берди.

Эненин жүрөгүндөй кыраакы, сезимтал не бар? Клара-апа кызынын жандүйнөсүндө кандайдыр бир жаңылык болгонун туюп, билди...

* * *

Канат келгенде Сооронбай ата менен Шааркүл апа жол карап, көчөнүн боюнда турушуптур.

Улам эле бир токтогон троллейбус, маршрутка менен таксилерден көзү өтүп, келаткан жөө-жалаң адамдарды утурлай карап, кайра эле бирок ындыны сууй, томсоруп калышат.

– Мынчалык кечикпейт эле?!. – деген эненин ою -онго, санаасы -санга бөлүнүп, чакчалекей. Чындап эле ыйлоочудай өң-алеттен кетип, үнү каргылданган байбичесин Сооронбай ата тамашалаган болот:

– Бу сен кантесиң, апасы? Карып калган белемсиң!..

Аңгыча, так үйдүн тушуна келип токтогон маршруткадан Канатка окшогон шыңга бойлуу бирөө түшүп калып, караңгыда өңү-түсү таанылбаганы менен ошол караан түз эле буларды көздөй келатты. Жакындап келгенде гана эненин жүрөгү «болк!» этти:

– Канат?!

– Мен, апа...

Кубангандан эне уулун жыттагылап, эмшеңдеп ыйлап ийди:

– Кайда жүрөсүң, берекем? Сен жок, энең аз жерден өлүп кала жаздабадыбы!

Уулу күнөөлүүдөй унчукту:

– Андай сөздү айтпай жүр дебедим беле?..

Үчөө эрчишип үйгө кирип келгенде Канаттын өз апасы да үрпөйүп, телефондун жанында отуруптур.

– Канат?! Каякта жүрөсүң?! – деп тура калганда Гүлнаранын каректеринде каканактаган ысык тамчылар мөлтүдөп төгүлүп кетти.

Аңгыча атасы Дайыр менен каректери чагылыша түшүп: «Атам да келген тура!»– деп ойлоп, булардын баарын минтип дүрбөлөңгө салганы үчүн ыңгайсыздана түштү эле:

– Кандай, жигит? – деди атасы.

– Салоом алейкум, – Канат кадыресе чоң кишидей калбаат, токтоо кол берди. Уулунун эрезеге жетип, жигиттик мүнөз күтө түшкөнүн ушу азыр гана байкаган Дайыр баласынын колун демейдегиден башкачараак кысты:

– Алеки салам! Кандай иштер, окуулар?

Уулу жымыйып, баш бармагын көрсөттү:

– Эң жакшы!..

Ошондогу түндүн узактыгын айт! Канат улам туруп келип, тоо тарапты карай берген. Ошол тоолорго этектей, Зарина жашаган «Асанбай» кичирайону жатат...

«Заринанын түшүнө эмне кирип атты экен?..– дейт оюнда. – Ал да мендей, мен жөнүндө ойлоду бекен?»

Башын оң ийнине төшөй, жалжылдап күлгөн ошол кыз түнү бою Канаттын уктаса түшүнөн, ойгонсо оюнан кетпей койгон.

А бирок, махабаттары улам убакыт өткөн сайын жалындап, ырбаганы менен алар ашыкча басып-туруп, арзуунун ак кемесинде ашепке сайран курушкан жок. Ага алардын ата-энеден алган таалим-тарбиясы, адеп-ыйманы жолдош болду белем... Кээде коңшу-колоңдор да ошону айтып, кеп кылышат эле:

– Капырай, бул бир керемет кыз го? Канча жылдан бери жалгыз өзү кожойке, жалгыз өзү бий туруп, бир да жолу үйүнө жоро-жолдоштору менен шапар тээп, ойноп-күлгөнүн көрбөдүк.

Ага ошол тегеректе жашаган кыз-кыркын, чоң-кичине дебей, баары ашык. Айрыкча Саша аттуу тестиер бала басып-туруп эле кеп кыла берет.

– Зайка, Закуля! Сени ай-йабай жакшы көрөм! Сен баарынан сулуусуң! – дейт эсине түшө калган сайын телефон чалып.

– Мен дагы, Саша! Мен да сени жакшы көрөм! – дейт Зарина. Бул Заринанын баланы алдап, жөн гана көңүлүн улоосу эмес, чын дилден айтканы. Колунан келсе Зарина бул жашоону, жер шарын бүтүн бойдон бооруна кысып, жүрөгүнүн жылуулугун өткөрсөм дечү... Алдынан чыккан ар бир бейтааныш адамга да мээрим төгө, сүйө карачу. Бул анын өмүргө, тирүүлүккө болгон чексиз сүйүүсү эле...

«Жашоо-жалгыз!
Сен да жалгыз жаралган,
Издегенин
таба албаган, таба алган...
Жансың адам -
бактылуу да, бактысыз,
Жолдошуң – жол,
Жолуң – түйшүк жана арман!..»

Кайсы бир күнү күндөлүгүнө ушинтип, жазып, чиймелеп отурса телефон чырылдап калды.

– Алло, алло?– деди бейтааныш үн. Зарина:

– Да-да, сизди угуп атам...-дегени менен белгисиз жигит андан ары үнчүкпай, демин ичине катты.

– Алло, ким бул? Үн катпайсызбы?– деди кыз.

Эмнегедир, ары жактан белгисиз ошол адам кандайдыр бир армандуу, муңдуу улутунуп, атурсун Заринага ал ыйлап да аткандай туюлду...

Ким экени кызга али белгисиз ошол жигит алардын үйүн көп акмалайт. Эртели-кеч телмирип терезесинен карайт. Карайт да, жаагы ылдый жамгырлаган көз жашына жүзү жуулуп, кыймылсыз катып тура берет...

Анын эмнеге анткенин карыган энеси да билет. Бирок ал да унчукпайт. Унчукканда не? Тек гана уулун аягандан жүрөгү барча-барча тилинип, сай сөөгү сыздайт, кабыргасы кайышат. Кээде атайылап камынып туруп, ошол кызга басып барып кабылгысы, уулунун ал деп убайымга батып жүргөнүн айткысы, ырайым сурагысы келет. Бирок, өз оюнан кайра өзү чочуйт. Уулу билсе эмне дейт, катыгүн? Ансыз да басынып, ызадан сиркеси суу көтөрбөй араң турган эме... Азыркы жаштарды түшүнүп болобу. Анын үстүнө алиги кыз деле муну кандай кабыл алат, кудай билет. «Каяктагы какмар кемпир келип алып башты оорутту!?» -десечи? Акыры эркектана эмеспи, ботом, жаны болсо өзү эбин таап, акыры Кемчонтой болбогондон кийин тамырын тартып көрбөйбү десең! Ии-и! Эл айткандай, чын

эле Акылкарачач кыз болсо, арзып турган адамдын сунган колун албаса да, акырын-жумшак жолуна салаттыр да!..»

А бирок Кубан антпейт. Айрыкча, Заринанын турмушунда Канаттын пайда болушу аны ого бетер басынтып, акыркы күндөрү эң эле чүнчүтүп жиберди.

Былтыркы ушул маал – май айы эле. Анда да Кубан адатынча Заринанын келер жолун акмалап, аялдамада турган. Ар күн сайын кызды артынан узатып, кайра алыстан тосуп алып, үйүнө чейин көрүнбөй узатып баруу ага – бүтпөс рахат, канагат. Бирок, кайсы бир кеч анын ошол бактысына кыргын салып, кыйсыпыр кылып ийген! Кыял менен романтикага жык толгон айыпсыз махабатынын көк асманы алай-дүлөй аңтарылып, так ошол күн алаамат түшүп кеткен!.. Анткени, аркар моюн ак периштени ал кечте кыздын так өзүндөй ак сөөк , бейтааныш боз улан коштоп келген! Кызганычтан каны кызып, жаак эттери түйүлө, ынтыга түштү Кубан! Ошол жигитти болуп көрбөгөндөй жек көрдү. Аны экинчи бул жерге келгис кылып, жанчкысы келди. А бирок ал антпейт эле, анте албайт болчу! Заринанын жүрөгүн ооруткудай бул акмак эмес да! Эки ашыктын ошондогу алда нелер тууралуу бактылуу божурашып, кыялдана кол кармашып турганы, кыйылып араң коштошкону... Мунун баары Кубан үчүн айыккыс арман, эт жүрөгүнө сайылган жебе болгон.

«Жок-жок, – дейт эми да өзүн-өзү жооткотуп. -Заринаны кызганганды мага ким коюптур? Деги мен ага киммин?! Мен -бир бечара, байкушмун да! Ал кыз -сүйүүнүн Кудайы! Демек жигити да тегин эместир?! Кандай гана бактылуу жигитсиң?! А менчи? Мен жада калса ак шоола кыздын алдынан тосуп чыгып, ак жүзүнө тике карап, аманчылык суроого да алсызмын! Өңү өчкөн чүпүрөктөй кейпим менен ага көрүнгүм, көңүлүн иренжитким, антип басынгым да келбейт!

Сага жетпегеним бир чети жакшы. Болбосо, олдоксондук кылып гүлдүн үлбүрчөгүндөй назик көңүлүңдү оорутуп, аруулугуңду кирдетип алсам кантет элем? Анда мен өзүмдү эч качан, эч качан кечирмек эмесмин!..»

Ушуну ойлогон Кубан трубканы кайра алды. Эмнегедир, Заринанын добушун кайра да бир уккусу келип, жүрөгү ээленди.

– Алло, – деди трубкадагы үн. Бирок бул Зарина эмес болчу. Ындыны сууй, трубканы таштап койду.

– Наташа, ким экен? Канат эмеспи? – деди Зарина аркы үйдөн учуп чыгып.

– Башка, – деди үй кызматчысы. – Баягы дудук.

Шаабайы сууй түшкөн Зарина ачылган китебин жаап, отургучуна чалкалай кетти. Көздөрүн жумуп, жана күндүзгү окуяны кайра да бир таразалай, көз алдынан чубатты.

* * *

Тыныгуу убагы болчу. Зарина китеп окуп отурат эле. Эшиктен энтигип, олуттуу бир нерсе айтуучудай болуп чуркап кирген курдаш кыздарынын бири:

– Зарина, укмуш көрөсүңбү, бол ылдам! Алар тиякта турушат. Бол! – деди аны колунан жетелеп.

– Кимдер?

– Азыр көрөсүң!

Бир топ кыздар-балдар топтошуп, коридордо турушуптур. Арасында -Канат. Адатынча көпчүлүктүн көңүл чордонунда болуп, алда нелер тууралуу кызуу сүйлөп, калгандары ага ынтаа коюп карашат. Кайсы бир кыз аны аяр колтуктап, эркелегендей анын ийнине башын жумшак жөлөп, термелип туруптур.

– А эмне экен? – деди Зарина жүрөгүнүн саал тызылдай түшкөнүн кыздарга билгизгиси келбей. – Анын эмнеси бар экен?

– Анын эмнеси дегениң кандай? Ал кыз деген качантан бери Канатты сүйөрүн билбейсиңби?! Айтмакчы, Канат деле а кызды акылынан адашкыча сүйөт дешет...

– Сүйүүнүн күчү кандай гана керемет, чиркин! – дейт экинчиси тамаша-чындан,– Тим эле бири-бирине бап келишип, бактылуу болуп тургандарын карачы!..

Калп эле сыр алдырбай, ордуна кайрылып келип отурган кыздын эмнегедир кулагы тунуп, көздөрү ымыр-чымыр болуп, кимдир бирөө башынан ылдый ып-ысык жалын куюп ийгендей тулку бою өрттөнүп кетти. «Кызык, мен эмне болуп атам?» – деди Зарина өзүн-өзү кармап. – Бирөөлөр айтып койсо эле... Колтукташып турса эмне экен?» Бирок ага экинчи бир сезими карама-каршы чыкты: «А балким, чын эле ошондой болсочу? Мага телефон чалып, Канат экөө бири-бирин сүйөөрүн кайра-кайра безилдеп айткан ушул кыз болуп жүрбөсүн? Жок, жок! Анда мен Канатты эч качан кечирбейм, эч качан!»

Кирүүгө коңгуроо кагылып, класска мугалим киргенде Зарина суранып эшикке чыкты. Эки бети ысып-күйүп, жүрөгү ызалуу дүкүлдөп атты. Анысын туюп, билип аткандай кыздар да артынан күбүң-шыбың болуп калышты.

Буга чейин өзүнө Канатынын канчалык кымбат экенин билген менен, сүйүүдө кызгануу аттуу мынчалык азап сезим бар экенин ал билген эмес. Кудай жалгап, колуна чөнтөк телефонун кармай чыгыптыр. Коридордо туруп, манжалары Канаттын телефон номерин шашылыш терди.

– Алло?!.

Заринанын үнүн тааныган улан шыбырай:

– Заичка? Мен азыр,– деди да, мугалимден уруксат алып ал да коридорго чыкты.

– Зайка, алло?

Анын коридорго чыкканын көргөн кыз, эмнегедир эркелеп да, өзүн-өзү токтото албай кетти :

– Билесиңби, Канат, мен сени жек көрөм! Жек көрөм!..

Эч нерсе түшүнбөй, аң-таң боло түшкөн Канат Заринаны көрүп, утурлай басты:

– Зайка, сага эмне болду?

– Келбегин!– деди кетенчиктеген кыз ый аралаш, өктөм. – Жакындаба, мага!

– Алло, Зайка? – Канат ошол токтогон жеринде ага таң кала, жалооруй карады, – Зайка?..

– Кереги жок, Канат! Келбегиниң! Мага эми телефон да чалба! Жолукпа! Сен – жалганчы, эки жүздүүсүң! Уктуңбу?!

Ушинтти да, кыз ал жакка кылчайып, кайра карап да койбой классына кирип кетти. Канат эмне болуп кеткенине түшүнбөй, дел боло түштү.

Канатка сабактан кийин да жолукпай баса берген Зарина жолдон апасына кайрылды. Эне жыты, мээримине эркелеп, апакесин көпкө чейин кучактап, жыттап турду.

– Апаке? – деди саал ыйламсыраган, ызалуу үн менен. -Апаке, сиз атамды кызганчу белеңиз?

Эненин жүрөгү сезди. Кандай жооп айтса кызына жеңилдик апкелерин издеген апа анан:

– Албетте, балам. Сүйүүнүн ошондой, жан чыдагыс азабы да болот! – деди. – Сагынат, сүйгөн адам, таарынат. Күтөт, түтөт дегендей. Эң негизгиси, Жараткандан келген ошол ыйык сезимди ким-кимиси кандай келсе так ошондой таза сактап калууга тийиш. Качан ортону башка нерселер, маселен ошол кызганыч, кыйкымчылдык, ишенбестик сыяктуу адаттар аралаганда, сүйүү ыйыктыгын жоготот... Сүйгөн адам сабырдуу болгон жакшы, балам. Кечиримдүү болуш керек.

– А эгер сүйгөн адамың сенден башка дагы бирөөнү сүйүп калсачы?

– Чыныгы сүйүү андай болбойт. Бирок, андай учурда ага таарынууга да болбойт. Кечире билиш керек.

– Неге?

– Сүйүүнүн мыйзамы ошондой, кызым. Сүйгөн адам ар убак сүйүктүү адамына жакшылык гана каалаш керек. Бул адамдагы эң улуу касиет!

– Чоң адамдардын катарына кошулуу... канчалык жооптуу окшобойбу, – деди кызы санааркай.

– Эгерде адам бул жашоодон өз жолун, өз чыйырын туура таап алса, ал ырахаттуу дагы!

– Чынбы?

– Албетте, балам.

Зарина энесине суктана, элжирей күлө бакты:

– Апакем, менин! Кандай гана акылдуу, керемет жансың?! Сендей болгум келет менин!

Апасы кызын көкүрөгүнө кысып, көкүлүнөн жыттады. «Кудайым жанына кубат берсе экен,– деп тилеп атты ушу ирмемде эне. – Бу жалгандан жамандык көрбөй, бакдөөлөттүү, узун өмүрлүү болсо экен. Пендем десең жалгызымдын убайым чеккенин, көз жашын көрсөтпө, Теңир?!»

Кызынын көңүлүн көтөргүсү келдиби, же чындап эле айттыбы:

– Айтмакчы, апаңдын курсагы ачты. Эртеден бери иштен баш көтөрбөй отуруп, түштөнгөндү да унутупмун,– деди.

– Анда кеттик! – Күндөй жарк этти кызы: – Атамчы? Аны да чакыралыбы?

Көп өтпөй үчөө шаардын эң мыкты ресторандарынын биринде отурушту. Зарина эмнегедир экөөнү демейдегиден башкача, астыртан карайт.

«Кызык, сүйүү эскирет болду бекен?»– дейт оюнда. А бирок, ал ата-энесинин ортосундагы бири-бирине туюм аркылуу акырын агылып өтүп, бири-бирине кандайдыр бир ич элжиреткен эң аяр, назик сезим жаратып турган касиет бар экенин тээ эс тарткандан туйчу. Эми да алар Заринадан тартынып, эч нерсе билмексен, байкамаксан өңдөнүп, улуулук каада күтүп, калп эле компойгондору менен дилдеринде бири-бирине кудум кыз-жигиттей кылыктанып, эркелеп, эркелетип турушканын кыз алардын көздөрүнөн окуп атты.

– Кудай буюрса, жакында биздин Күнүбүз мектепти бүтөт,– деди атасы. – Экзамендерге даярдык кандай, кызым?

– Жакшы эле.

– Убакыттын учкулдугун кара,– деди Клара Досматовна өткөн күндөргө сереп сала. – Заринка кечээ эле кенедей кыз эле. Бүгүн болсо бой жетип... Буюрса эми студент болот...

Алда нени элестете, кубангандан эненин жүрөгү түйлап, жүзү нурданып кетти:

– Анан, Кудайым буюрса эркек балалуу да болобуз...

– Эркек балалуу?!.

Ата-бала адегенде эч нерсе түшүнө албай бири -бирин, анан Клараны аң-таң боло карашты. Алардын оюн окуй койгон эне:

– Жок, жок! Силер туура эмес түшүнүп алдыңар! – деди күлүп.– Мен болочок күйөө балабыз жөнүндө айтып атсам, а силер дароо эле башканы ойлоп ийдиңер да!

Күлүштү.

Өзү ата-энесинин жанында антип отурганы менен, Заринанын акыл-эсинин баары тең Канатта болчу: «Өзүм!.. Баарына өзүм күнөөлүмүн! Эмнеге анттим?!»-деген кыз сүйгөнүнүн артынан ушул азыр, эч токтоосуз учуп жеткиси келип, ордунан обдула түшүп оңолуп атты. Кайра-кайра саатын, чөнтөк телефонун карайт.

Кызынын антип, тымызын тыбырчылап, жүрөгү бырчаланып атканын эне туюп эле атты. Анткен менен: «Ар убак сабырдуу, көтөрүмдүү болуу керек, балам!..» Эненин көздөрүнөн ушуну окуду Зарина.

Ресторандан чыккан соң ата-энеси аны үйгө жеткирип коюп, өздөрү андан ары кетишкен. Ошондон бери Заринанын күткөнү – Канаттын коңгуроосу. Жанагы «дудук» жигит чалгандан кийин, өчөшкөнсүп телефондор да унчукпайт.

Наташа улам чай, кофе көтөрүп кирип атты. Зарина бирок анысын ууртап да койгон жок. Демедегидей үзүлүп түшүп, китепке да үңүлбөдү. Адатынча балконго чыгып, айдарым желге айжамалын тосуп, сырдуу да, сүрдүү да дүпүйгөн тээтигил тоо кыркаларына назарын төшөп, жылдыздар менен сүйлөшпөдү. Анын эси-дарты жалгыз гана Канат болуп, жүрөгү да, «Канат» Канат!» деп гана кагып атты. Эки-үч курдай телефон чалса, Канат трубканы албай койду.

– Закуля, суранам сенден, антпечи?– деди үй кызматкери жалооруй сурап. – Жок дегенде чай ичсең боло, ооруп калсаң кантебиз?

Жооп жок.

– Анда кел, Канатка телефон чалайын?

– Жок, жок. Чалба, Наташа!

– Зайка, ушунчалык да сүйөт бекен? – деди бир убакта Наташа сабагынан үзүлүп, солуй түшкөн кызгалдактай алсыздана түшкөн кожойкесин аяп. – Ушундай кантип болсун?

Айткандай эле түнү менен Заринанын эти от менен жалын болуп, ысып-күйүп чыкты. Ансайын Наташа:

– Айтпадым беле! Ооруп каласың деп айтпадым беле?!– деп ордунда тегеренип-тегеренип кетип атты.

– Клара Досматовнаны чакырайынбы? – деди бир убакта.

– Жок, жок!– деди кожойкеси. – Апамдын тынчын албай эле коелучу?

– Эгерде дары ичпесең, анда сөзсүз чакырам!– деди Наташа акыры кыстап.

Ошол, дары ичкенден кийин гана Заринанын ынтыкканы саал басаңдап, денесинин табы кайтып, көзү илингенсип кетти...

Уйку-соонун ортосунда кебездей жумшак алакандар акырын саамайынан, маңдайынан сылап, башынан аяр жөлөп өйдө тургузду да, каяккадыр жетеледи. Өңү экенин, түшү экенин Зарина ажыратып биле албай, ак буладай аппак көйнөк кийинген, абадай жеңил пери-кыздын соңунан калбай барат. Жетелешип, экөө балкон аркылуу сыртка чыгышты да, ай жарыгында жеп-жеңил калкып учуп, ак булуттарды аралап, улам жерден алыстап, бийик-бийик көтөрүлүп баратышты. Зарина кыз ак шамдары жаркыраган түнкү шаарга суктана карады. Атүгүл ал Канаттын үйүнүн үстүнөн учту. Анын терезесине конуп, өзү менен кошо ай-жылдыздарды аралатып алып учкусу келди. А бирок алар шаардан эле эмес, көз ирмемчелик да болбогон ушул убакыттын ичинде бүтүндөй жер планетасынын чегинен чыгып кеткендей болушту.

Алар токтогон дүйнө өзүнчө эле бир ажайып кооз, кереметтүү жай экен. Балтырына оролуп, көйкөлгөн көп-көк шибер бетинде түркүн түстүү гүлдөрдүн жыпары аңкыйт. Бутактан-бутакка учуп-конгон куштардын кубулжута сайраганына кошулуп, тармал булактын шыңгырап аккан добушу табияттын керемет симфониясындай жүрөктү элиртет. Зарина өмүрүндө эч качан көрбөгөн жан-жаныбар, айбанаттар аны айланчыктап, эш тутуп шынаарлашат. Энесинен бөлүнүп, элеңдеп чуркап келип, кудум адам баласындай көз карегин жайнатып, эркелей калган кичинекей эликтин чаарчыгын башынан сылап, маңдайынан өөп койду кыз.

Ушундай керемет дүйнө, ажайып сулуулукка акылы айран таң калып турганда, аңгыча азыр эле ап-ачык турган асманда удургуп, түрмөктөлгөн аппак булут пайда болду... Ошол булуттан бир тутам ак була үзүлдү да бирде кууга, бирде ссуга, а кай бирде жал-куйругу сапырылган канаттуу аргымакка, адамга кубулуп, буларга улам жакындагандан жакындап келатты. Ал ансайын айлана-тегеректе кандайдыр бир жагымдуулук жаралып, сулуулук баягыдан да башкача жандана түшкөн окшоду. Акырында ошол ак булут ак жибек көйнөк

кийген, ак канаттуу периштеге айланып, жерге тийип-тийбей абада калкып турду. Зарина аны тааныды. Жана уктап атканында ойготуп, бу жерге алып келген кебездей жумшак алакандар ушул кыздыкы эмес беле?..

– Сен кимсиң?– деди Зарина.

– Менби? Мен – сенмин да, Зарина!– деди булуттан бүткөн, ак канатчан пери кыз.

– Менби? – капкара карагаттай каректерин бакырайтып, таң кала калган күлкүчү кыз кыткылыктап күлүп ийди:

– Анда мен киммин?

Анын күлкүсү күмүш эле. Шыңгыраган таптаза, тунук добушка канбай, жада калса булут-кыз да көз ирмем тыңшай калып:

– Мен сенин ак булуттай ак дил, аруу сезимиңден бүткөн, жалаң жакшы ой, жакшылыктан жаралып, тамчыдай тазалыктан табылган... аураңмын, Зарина,– деди.

– А бул жер?.. Булар кимдер?

– Бул жер – Махабаттын мекени эмеспи, Зарина. Мен аны сенин жандүйнөңдөн тапкамын...

– Анда эмне үчүн алар мага бейтааныш?

– Анткени, жана андан азыраак адаша түшпөдүң беле...

Зарина сөз эмне жөнүндө болуп атканын түшүндү. Көз алдына Канат экөөнүн жанагы окуясы элестей түштү.

– Ал экөөңдүн ак сүйүүңөр акыреттик... – деди булут-кыз.– Ал эми ишенимди жоготуу – адамды адаштырат.

Кудум ойгоо кезиндей, уялгандан Заринанын жүзү албырып, ошол эле убакта анын кубанычы толкуп-ташып, Канатка болгон сагынычы кучагына сыйбай кетти. Ылдам эле ашыгына учуп жетип, андан кечирим сурагысы, ушу азыркы көргөн-укканын төкпөй-чачпай ага божурап айткысы келип атты.

– Ал эми мени кечирбейт. Ал мага таарынып калды, – деди Зарина. Булут-кыз башын чайкады. Анын эмнеге анткенин Зарина билди. Бактылуу болуп, башкача бир жадырай калган аруу кызга булут-кыз күлүмсүрөй кол сунду да, экөө кайрадан абада калкып, асман-жердин ортосунда ойноп кетип баратышты. Зарина аппак булуттарды оронуп, кээде өзү да булуттарга айланып, ак көйнөгү абада делбиреп учуп, түгөйүн издеп сабалаган аккуудай калкып, Канатына кайтып баратты.

Чындап эле сүйүүнүн мекенине учуп барып, жаңы эле келип конгондой өзүн жепжеңил, сергек сезип, кулагдан сопсоо ойгонсо, Наташа анын аягында, креслодо кийимчен уктап атыптыр.

– Наташа, сен али жата элексиңби? – деген кожойкесинин үнүнөн улам Наташа чочуп тура калды:

– Эмне болду, Зайка? Кандай уктадың?

– Эң сонун!

Кожойкесинин демейдегидей жарк этип, жадырап күлгөнүн көргөн орус кыздын сүйүнгөндөн ыйлагысы келип кетти.

– Температураң кандай? – деп анан Заринанын чекесине алаканын коюп: – Кудайга шүгүр, – деди, – жакшы экен.

– Суусап атам,– деди Зарина адатынча эркелей айтып.

– Азыр...

Наташа ашканага жүгүрүп, подноско алманын ширесин, ага кошуп пирог көтөрүп келди.

– Кайсы убак болду? – кожойкеси терезеге карады.

– Жаңы эле таң агарды.

Зарина жымың этти. Аз калыптыр... Айткандайле аздан соң шаар уйкудан ойгонот да, ары-бери каттаган машинелердин үнү акырындап барып күү-шаага айланат. Адамдар каяккадыр шашкалактап, каяккадыр агылышат. Алар менен кошо Зарина да жакшы көргөн эң жакын, жаркын адамын көрүү үчүн кубанып, кудуңдап жолдо бараткан болот...

«Аз-аз калды...
Көңүлүңдү улармын,
Жан эргиткен
жакшы кебиңди угармын.
Кубанычтан
карекке жаш кылгырып,
Айланчыктап
Айрыла албай турармын.

Аз-аз калды!
Эгиз учуп кайрадан,
Эзилишип,
Куш болорбуз сайраган!
О, мен анда
Аруулукка арбалып,
Ак чардактай
Арзуу үстүндө айланам!..»

– Бул ыр эмне жөнүндө экенини билесиңби? – деди Наташага кожойкеси жадырай карап. – Аз-аз эле убакыттан кийин асылыма жолугам да, ак сүйүүнүн ак кушундай ага арбалып, айланчыктап бөлүнө албай турармын дейт! Кандай жакшы! Кандай бактылуу учур, ошол?!.

Ушул ырды ал жакында эле бир гезиттен окуган. Окуган да, жандүйнөсүнө жакын тутуп, жакшы көрүп жаттап алган. Зарина кыз ыр окуганда добушу лира кылындай дирилдеп, жүрөктөрдү сыйкырлап алат да, өзү дагы демейдегиден башкача бир сулуу болуп, көздөрү бал-бал жанып, аппак жүзү албырып кете турган.

– Эми эч качан, э-эч качан Канатыма таарынбайм да, таарынтпайм! – деди ал. – Мен аны кандай сүйөөрүмдү эгерде сен билген болсоң!..

Кожойкесинин уктап туруп, капысынан эле эч нерсе болбогондой жадырап ойгоно калганына бир чети аң-таң болуп, бир чети сүйүнгөн Наташа:

– А мен билем, менин ханышам. Билем! – деди күлүп.

– Наташа? – бир убакта кожойкеси өтө маанилүү бир нерсе айтуучудай, же анын көздөрүнөн алда нени издегендей үңүлө карады.

– Не дейсиң? – дейт үй кызматчысы.

– Балким, качандыр бир сен да мендей, ким бирөөнү сүйгөндүрсүң?

– Менби? Жок! – кесе айтты кыз. – Буга чейин келбеген сүйүү эми мага келбейт да чыгаар!

– Келет, келет!– Зарина эмнегедир ишендире айтты. – Сөзсүз келет. Сени сүйгөн, сен сүйгөн ошол жигит менен сени мен өзүм тааныштырам. Көрөсүң го!

Наташа кожойкесинин жөн салды эле айта бербесин билсе дагы, анын азыркы сөздөрдү анчейин эле көңүл көтөрүү үчүн айтылгандай, коомайыраак кабыл алды.

Зарина болсо, оозуна сала бергенсип:

– Ошол биринчи жолугушууда сөзсүз менин көйнөгүмдү кийип бар, макулбу? Угуп атасыңбы, Наташа! – деди анын убадасын алып.

– Макул, – деп көңүл улаган Наташа эми, Заринанын ошондо эмне себептен антип айтканын сурап калбаганына өкүнүп жүрбөйбү. Айткандай эле баары тең кийин барып-барып так ошол күнү Зарина кандай айтса, так ошондой болду. Бир гана жери, Наташа менен ал жигитти Зарина көзүнүн тирүүсүндө эмес, бул жарык жашоодон өтүп кеткенден кийин тааныштырды... Чын эле ошондо Наташа алгачкы жолугушууга Заринанын көк сарафанын кийип барбадыбы. Эмесе, ал жөнүндө сөз кийин болсун...

Зарина үйдөн демейдегиден эртерээк чыкты. Аялдамада эки-үчөө туруптур. Отургучта болсо тамеки тартып, бири-бирине эки-экиден учкашкан кыз-уландар отурушат. Сыягы, түндө бир жерде чогуу болушуп, эми тарап баратышкандай. Күндө эртең менен аялдаманын ары жак, бери жагын шыпырып, ыкыр-чикирден арылтчу баягы кемпир да адатынча ким бирөөлөрдү тилдеп, күңкүлдөп жүрөт:

– «Эне көргөн кыз эмес, эндик тийген бет эмес!» Эч болбосо элден уялып, тигиндей барып коюшса боло!

– Ишиң болбосун! – ага далысын салып, жигиттин койнуна тумшугун катып отурган кыз бери имериле калып күңк этти:

– Сага бирөө тийишип, же бирдемең короп атабы?! Таштандыңды тазалай берчи ары!

Кемпирдин күйбөгөн жери күл болуп кетти:

– «Таштандың» деп койгонун кара! Алдагы, ыргыткан бүчөгүңдү алып, тигил жашикке салып кой азыр! Уй-йатсыз десе!

Тигилер аны тоготуп да койгон жок.

– Түкүрбө отургучка, ага адам отурат! – деди жаны кашайган кемпир кайра дагы катылып.

– Дура! – деди анда аркы кыз акырая карап:

– Алжып калган окшойсуң?!

Аңгыча балдардын бирөөсү кемпирди шылдыңдай:

– Апашка! Абайлабасаң бул кыз каратэ менен машыгат! – деди эле, беркиси да ордунан тура калып:

– Кий-йа!– деп колу-бутун тарбаңдатып, калгандардын кыраан-каткырыгы аны кубаттап кетти.

Шыпыргысына сүйөнө калган байбиче бу саам аларды аягандай башын аста чайкагылап, бирок эми жанагинтип ачууланбай токтоо, жамактата коңур үн катты:

– Кыз балага жарашкан,
Кылыгы жанды саматкан,
Кыз адептин бири жок,
А-атаңдын гөрү дүйнө бок!..

Шыпшынды да, андан ары өзүнчө күңгүрөнүп, жерден калак-чакасын алып өйдө боло бергенде гана баятан буларга назар төшөп турган кызга көзү урунду. Дайыма аппак кийинген ушул кызды ал аялдамадан ар күн сайын кезиктирип, экөө эски тааныштардай баш ийкешип, күлүп учурашчу. «Ботом, кыз бала деген ушундай болбойбу!» – деп ичинен ыраазы боло түшкөн эне Заринанын саламын алып:

– Жакшы, алдыңа кетейин! Жакшы!.. Окууга баратасыңбы?– деди бапыраңдап. – Бара гой, айланайын. Кудай жолуңду ачсын!

Зарина маршруткага түшүп кеткенден кийин да артынан узата карап:

– Тарбия көргөн бала ушундай болот! – деди тигилерге угуза айтып.

– Ажарына акыл-эси төп келген айдай сулуу кыз менен күлүк ат илгертен элдин сыймыгы, байлыгы! Андай кызды эл сүйөт, эр-азамат сүйөт... А силерчи?! Ичкениңер арак, тартканыңар тамеки болсо, «кунан менен жарышкан тайдан түңүл, энеси менен айтышкан кыздан түңүл» дегендей, ана катын менен ажылдап айтышып отурсаңар, күйөө да албайт

силерди! Анткени, эр жигитке силерге окшогон терс аяк кыздар эмес, бала төрөп, бала өстүрүп, эне боло турган эс-акылдуу жубай керек! Ии!

Эне ушинтти. Кантсе да анын айтканында чындык, жөн бардай, бейтааныш бу кемпир аларга жаны күйгөнүнөн айтып атканын баамдагандай, бу жолу ким-кимиси унчукпай, тунжурай түшүштү.

– А сиздин балдарыңыз барбы?

Жанагы кыз «сенден» «сизге» өтүп, бирок баары бир: «Өзүңүздүн балдарыңыз жакшы болсо, эмнеге көчө шыпырмак элеңиз?»– дегендей күмөнсүй сурады. Эне эмнегедир, эми элекинин баарын эстен чыгарып ийгендей агынан жарыла түшүп, буларга жакын келди да, чыптамасынын ички чөнтөгүндөгү кагазга каттай-каттай оролгон сүрөттү ачып көрсөттү. Анда Нью-Йорктун көк тиреген көп кабат үйлөрүнүн жанында жакшынакай кыз күлүп турат.

– Неберем, – деди эне жайдаңдап, – Америкада окуйт. Ата-энеси ал кичинекей кезде эле Ошко баратып, жол кырсыгынан каза болушкан. Жалгыз балам эле. Алардан калган Керээзимди өзүм өстүрдүм. Өз күчү менен окууга өтүп, үчүнчү курска келгенде Америкага жөнөтүштү. Ошол жакта окуп, иштеп, атурсун кой дегениме болбой мага да акча жөнөтөт. «Энеке, эс ал! Иштебей үйдө отур. Мен баргыча өлбөгүн. Суранам сенден, өзүңдү сакта!»– деп телефон чалат. А мен бош отура албайм. Андан көрө ушинтип алаксыганым оң эмеспи...

– Канчадасыз? – жанагы кыз эмнегедир тынчсыздангандай сурады. Эне анын оюн түшүндүбү:

– Э, балам, эчкинин жашындай жашым калды. А бирок Керээзим келгиче кетпейм, – деди. – Кызымды күтпөй, санаам тынчып кантип өлөйүн! Алыс жерден келсе, башына суу тегеретип чачар киши жок бозала болуп калбайбы, кокуй! Өлбөй кое турайын!..

Кыз-уландар бири-бирин караштЫ.

– А жанагы кыз... кошунаңызбы?

Бир улан кепти башкага оодаргысы келдиби,капысынан ушинтип сурады. Ойго алаксып кеткен эне:

– Кайсыл?– деп алып анан: – Ии... Жок. Бирок ушул тегеректе жашаса керек. Ананайын, колго жасап койгондой адеми кыз өзү, – деди ичи элжирей,– Эч бир кыйшың-мыйшыңы жок, эң эле жакшы кыз, айланып кетейин.

Алардан анчалык алыс эмес, беритеде буларды угуп турган Кубан Зарина жөнүндө кеп болгондо эки бети тамылжып, ошол кызды сүйүп, күндө ушинтип узатып, кайра көрүнбөй тосуп алып жүргөнүнө эле өзүнчө корстон болуп койду.

****

Канаттын кечээ күнү тигинтип, кабагына каар жаап келип кулаганы Гүлнаранын ансыз да убайым жеп жүргөн жүрөгүн ого бетер майыштырып жиберди. «Жүрөк оорусу кармап калганбы?» – деп ой-санаасы чакчалекей түшкөн эне:

– Канатик? – деди майда калтырак баскан колун уулунун маңдайына коюп:

– Сага эмне болду?

– Эч нерсе, апа, – деди Канат жалгыз калгысы келгендей көздөрүн бекем жумуп алып. – Эч нерсе...

– Врач чакыралыбы?.. – өзүн-өзү араң кармап аяр, жумшак үн катты эне.

Апасынын үнү дир-дир этип, карегине жаш тегерене түшкөнүн көргөн уулу аны аяп кетти:

– Апа? – деди кайра аны соорото, алаканын өөп, – Мен эми кичинекей бала эмесмин да, ыраспы?..

Гүлнара уулунун мунусунан: «Менин деле эми жеке өзүм гана тарта турган ой-санаа, түйшүгүм болот го?..» – дегенди түшүнүп, санаасы кичине тына түштү. Апасы кирпигин ирмеген сайын көздөрүнөн мөлтүлдөп төгүлүп кетип аткан көз жашты алаканы менен арчып, күлүмсүрөгөн болду Канат.

– Туруп, биз менен тамак иччи анда? Таяне-таятаңды билесиң да, сенсиз алардын тамагынан аш өтпөйт эмеспи, – деди апасы.

– Ичпей эле коеюнчу? – Канат суранып ийди. – Жолдон тамактанып алгам, апа. Курсагым ток эле.

– Болуптур, -деген апасы тамаша-чындан уулунун мурдунан чымчып, эркелетти:

– Кыз сүйүп калган окшойсуң,ээ? Айтсаң?

– Айтпайм!

Мулуңдап, тескери карап кеткен уулунун кулк-мүнөзү, өң-келбети Дайырды жазбай тартып, куюп койгондой окшош экенин Гүлнара улам барган сайын көбүрөөк аңдап, ал ансайын ата-балага бирдей элжиреп, эбедейи эзиле берчү болду. Айрыкча, акыркы күндөрү уулу телефон аркылуу Зарина аттуу кыз менен сүйлөшкөнүн көп байкап, ого бетер эненин чечекейи чеч. Бир жолу Канат: «Күнүм, менин! Күлкүчүм... – деп кадыресе чоң адамдай, чын жүрөгүнөн эркелетип атыптыр. – Билесиңби, менин Зайкам, мен сага чейинки өмүрүмдү, сенсиз кантип жашаганыма таң калам. ...Ишенем,Күнүм. Анан да сен бир нерсени ар дайым билишиң керек, Зайка... Сен бир гана мени менен бактылуу болосуң»...

Уулунун ушинтип, кыз менен сүйлөшүп атканын укканда кубангандан бекен, балким өздөрүнө дагы эле бала, кичинекей көрүнгөн уулунун кыз сүйүп, ширин сөздөрдү сүйлөп атканына саал ишенкиребей аттыбы, айтор эне саамга буйдала калып, жүрөгү бир болк этип алган: «Уулубуз чоңоюп калган тура...»

* * *

«Жылан чакпай, жылкы теппей» Заринанын капысынан эле жанагинткени Канатка катуу тийди. «Эмне кылдым? Кай жеримден жаза тайдым?» – деп азаптанып, түнү менен түйшөлүп чыкканы менен жообун таба алган жок. Баштан-аяк өткөн-кеткендин баарын кайталап, канча жолу көз алдынан чубатып өткөрбөдү... Акыры Канаттын ою ушуга барып такалды: «Балким ал менден башка, менден жакшы бирөөгө жолуккандыр? Андай болсо, эмне үчүн мен билбешим керек?»

Ошентсе да,Заринаны жактырып жүргөн балдардын, өзү таанып-билгендерин бүт көз алдынан өткөрүп, санап чыкты. Ошолордун канчалары канча жолу Канатка катыла коебуз деп, эси-көөнүнөн кеткис болуп, мындан таяк да жешкен. «Алдуу акырекке коет, алсыз акыретке коет» дегендей, Канат менен таймашууга болбой турганын билип, бирок аны жек көрүп, кектеп жүргөндөрү да толуп атат. Бирок Зарина алардын бирине да каш какчу эмес. Сан жигиттин ичинен анын жүрөгү Канатты гана жактырып, Канатты гана тандаган... болчу.

Телефон чалууга канча курдай камынганы менен кайра эле Заринанын жанагы: «жек көрөм! Чалба экинчи!.. – дегени кулагына жаңырып, жыйрыла түшүп атты. Ызаланып да, намыстанды.

А бирок, кечээки чакан сценка Канатты жактырып, Заринаны тымызын күнүлөп, күйгүлтүккө түшүп жүргөн кыздар тарабынан атайын уюштурулуп, ал экөөнүн мамилесине болгон кезектеги бузукулук аракеттердин бири экенин экөө тең билишкен жок.

Бир убакта Канаттын оюна баягы «дудук» жигит түшүп кетти. Айткандай эле Зарина ал жөнүндө кандайдыр бир ага ичи жылыгандай, аягандай, аяр айтчу. Атургай анын телефондон ыйлаганын да кеп кылып:

– Билесиңби, Канат, эмнегедир мага ошол тараптан кандайдыр бир жылуулук келет. Менимче, ал жаман адам эместей. Кээде ал мага жакын эле жерде, менин айлана-тегерегимде мени акмалап, ар кандай жамандыктан арачалап жүргөн өңдүү туюла берет да, эмнегедир токпейил тартып, мен дагы ага ишенип алчу болдум. Балким менин инстинктим алдап аткандыр, а бирок мен анын аурасын сезгенсийм, – деген.

Кызганычтан Канаттын ичи тызылдай түшүп:

– Балким, чын эле ошол жигит менден да дурус немедир? – деген.

– Менин келесоом!..

Зарина «келесоом» деген сөздү бир башкача, эбедейи элжирей айтаар эле.

– Сен мен үчүн эч кимге, эч бирөөнө окшобогон, теңдеши жок экениңди эч убакта эсиңден чыгарбай жүрчү, жарайбы?

– Жарайт! – дегени менен Канат баары бир эле Заринасын ошол белгисиз «дудук» жигиттен кызгана берер эле. Эми да ошентти. Канча курдай телефонго кол сунуп, бирок кайра намыстанды. Өзүн эч кимге кереги жоктой, эч ким эместей бактысыз сезип атты ал. Кечээки эле керемет дүйнө бат эле бүгүн ага кунарсыз, кызыксыз өңдөнүп кетти.

Баш көтөрүп, ай жарыгында күндөлүгүнө алда нелерди чиймеледи:

«Кошкун дедиң,
Кош карекке жаш алдың!
Кошкун! Бирок
Сенсиз супсак жашармын...»

Жүрөгү билинер-билинбес мыкчыла түштү.

– Жок, жок, жүрөгүм эмес, менин жандүйнөм ооруп атат! – деди ал өзүн-өзү оорудан алыстата. – Сүйүүм ооруп атат, менин!

Алаксыгысы келгендей, керебетине чалкасынан түшүп, көздөрүн жумду. Жаагы ылдый салаалап аккан ысык жаш жаздыгына тыпылдап таамп, сиңип кетип атты. Буга чейин качан, эмнеге ыйлаганы эч эсинде жок. Бул анын эс тартканы биринчи жолу ыйлашы экен.

Эртең менен үйдөн эрте чыкты. Махабатына болгон эңсөө, сагынычы аны дегдеңдетип жетелеп, шаштырып баратты. Ар күн сайын эртең менен, сабактан кийин да экөө мектептин алдынан бири-бирин күтүп, жолугуша турган. Эмнегедир, азыр да Канат ошол жерде турду. Кыбыр эткен жан жок. Мектеп али ачыла элек экен. Тээ бир топтон кийин гана ыңгырана, шашпай басып мектептин кароолчусу көрүндү...

Канчалык кара күчкө намыстанып, бу жерден басып кеткиси келип атканы менен, а бирок антүүгө эрки жетпей койду. Кандайдыр бир күч аны ошол жерге каккан казыктай матап, Заринасы көрүнгүчөктү карыш дагы жылдырбай кармап туруп алды.

Бирден, экиден болуп окуучулар чогулуп атышты. Канаттын ансайын жүрөгү дүкүлдөп, маңдайынан тер чыпылдайт. Зарина келчү тараптан көз албай, кокус Заринанын келбей калышын ойлогондо, заманасы куурулуп!.. Анда эле андан таптакыр айрылып калуучудай айласы түгөнүп!.. Аңгыча!.. Ошол Заринасы келүүчү тараптан ак жарык нур төгүлө түшкөнсүдү! Канат эмнегедир эс-мас боло саамга алдастай калды. Анткени, анын Заринасы келатыптыр! А бирок Канат ойлогондой, кечээ күнкүдөй түнөрүп эмес – Күнгө окшоп, эч нерсе болбогондой күлүп келатыптыр! Адатынча аппак кийинип алган! Сүйүнгөндөнбү, азыр да Канаттын карегине болор болбос жаш тегеренип, ыйлагысы келип кетти. Кечээтен берки ойлогон ойлору үчүн өзүн-өзү күнөөлөп, жектеп да алды: «Чын эле келесоомун, мен!.. – деди. – Көрсө!..»

Андан ары эмне ойлоорун өзү да билбей, аярлоого чыдамы жетпей калдалактап, ашыгын көздөй утурлады. Зарина экөө бири-бирине бой уруп, кучак жазууга элден

тартынып, бири-бири менен көздөр аркылуу сагынычтарын айтышып, маңдай-тескей турушту.

«Кечир, мени?»– деди Заринанын сагынычка , сүйүүгө мелт-калт толгон каректери. Ошол көздөрдө мөлтүлдөп, шүүдүрүмдөй тунук жаш айланып кетти: «Мен сагындым, сени! Мен сенсиз бир ирмем да жашай албайт экемин... Мен эми сага таарынбайм. Мен эми сени таарынтпайм!»– деди ошол көздөр. «Мен да сени сагындым, менин Зайкам!..» – деди Канаттын каректери.

* * *

Ошондон көп өтпөй эле Зарина орто мектепти аяктап, Кыргызстандагы Америка университетинин психология факультетине өттү. Анын ушул кубанычын өзү менен бирге ата-энеси, Канат коштоп, ал үчүн келечектин, билим кенчинин эшиги кенен ачылып, аалам алкагын көздөй алгачкы кадамын таштады.

Бүгүн анын студенттик аудиторияда отурганына эки эле күн болду...

Алгачкы лекциялар, жаңы курбу-курдаштар... Ал ансайын ажары төгүлүп, кош карегинен нур, ууртунан күлкү, бешенесинен жылдыз жанган биздин Зарина кыз! Анын ар дайым көңүл чордонун дароо өзүнө буруп алчу касиет-сыры студенттерди да, мугалимдерди да көңүлкош калтырган жок. Ким-кимиси ага анын нак өзүндөй илбериңки, сүйкүм мамиле кылышып, бат эле жакынсып алышты. Ал эле эмес, жогорку курстардын студенттери да демейде анча теңсинбеген биринчи курс тарапка көз кыйыгын сала турган болушту.

Зарина университеттен чыгып эле бет маңдайында гүл кучактап, күлүп турган Канатты көрдү.

– Салам! – деди Зарина колун булгалап. Канаты анын жүзүнөн сүйүп, бир кучак роза сунду:

– Туулган күнүң менен, менин Күнүм!

– Рахмат, – назданып, эркелей калды кыз.

Көргөн жандын көз кумарын таркатып,  бири-бирине куп жарашкан эки ашык анан Эркиндик бульварын аралап, бактылуу баратышты.

Алар үчүн атайылап ошенткендей, ушул маалда сыдырым жел бак-дарактарды бир шуулдатып, так төбөдөн сары, кызыл жалбырактарды сапырып, күбүп өттү. Тээ теректердин башынан калдалактап кулап келатышкан жалбырактарга аяй караган кыз:

– Канатик, карачы байкуштарды, – деди, – Сабагынан үзүлүп түшүп атышат...

Оюна бир нерсе түшө калгандай кадамын акырындатып, көздөрүн жумуп азга токтой калган Зарина:

– Ии, эстедим,– деди анан:

– Күзгү сары жалбырак,
Каалгый түшүп келатты.
«Кыскалыгы ай, өмүрдүн,
Аттиң арман!» – деп атты!

Жазда ачылган жапжашыл,
Бүчүр кезин эстеди,
Сабагынан үзүлбөй,
Бүтүн кезин эстеди!

Жамгыр назик дыбырттап,
Өткөн кезин эстеди.

Жел аймалап жүзүнөн,
Өпкөн кезин эстеди!..

Тарып барат дүйнөсү,
Улам жерге жакындап!
Көздөн учуп арман ай,
Өмүр деген жашыл жак!..

Заринанын мукам, назик добушун теректердин шуулдагы, сапырылган сары, кызыл жалбырактардын шыбырты коштоп баратты.

– Эми алар кайра тирилбейт, – деди кыз чындап эле аларды аягандай.

Канат Заринанын көңүлүн көтөрүш үчүнбү:

– А бирок, бак-дарактар жазда кайра бүрдөшөт! – деди.

Саамга унчугушпай калышты. Эмнегедир, оюна бир нерсе түшүп кеткендей тунжурай калган Канат бир убакта:

– Анан калса, адам менен жаратылыштын окшоштугун айт. Адам өмүрү да бир күнү сабагынан «тырс» үзүлүп жерге түшөт... А бирок жашоо аларсыз деле улана берет, – деди.

– Анткени, алардын өмүрүн улам кийинкилер, маселен балдары улайт да. Ошон үчүн жашоо дайым токпейил...– деди эми Зарина Канаттын көңүлүн улагысы келип.

Күн дыбырттап жаап кирди.

– Кеттик! – Канат Заринаны колдон алып, жол жээгинде тизилген таксилерди көздөй чуркады.

– Панорамага, байке! – деди ал туш келген эле таксинин эшигин ачып.

– Жарайт, – деген айдоочу даярданып тургандай, кыз-жигит отуруп-отура электе эле машинесин жылдырды.

Алар тоону беттеп баратышты. Жанагы аздан дыбырттаган жамгыр улам катуулап, «Мерседестин» айнегин шалкылдата жууп баратты. Бири-бирине ыктап, бакыттан жүздөрү албырган эки жашты улам күзгүдөн карап коюп, кыңылдап ырдаган айдоочунун көңүлү чак.

Панорамадан кечки Бишкек алаканга салгандай эң эле кооз, даана көрүнөт экен. Алар бул жерге келгенде жамгыр да саал басаңдап, аба тазарып, табият ого бетер көркүнө чыга түшкөн.

– Кандай керемет! – деди бийиктен ылдыйды карай көз жиберип, түнкү шамдары жанып, жаркыраган калаага суктана караган кыз:

– Карачы, Канат, биздин жер, биздин Бишкек, деги эле биздин күндөр кандай жакшы! Айрыкча, сен жанымда экениңде мага бүткүл аалам, бүт адамзат, бүткүл жашоо ырахаттуу, укмуштуудай сулуу сезилет.

– Зарина, кел экөөбүз бири-бирибизге: «Эч качан, эч качан айрылышпайбыз» деп ант беребиз? – деди Канат аңгыча капысынан эле.

– Кел! – деди Зарина да аны токтоосуз кубаттап.

– О, улуу тоолор! – Канат канатын жая, алп тоолорго тегерене карады. – Ар бир күнүм, атүгүл бүт өмүрүм, менин сүйүүм Заринама гана арналат деп, өзүңөрдү күбө кылып чын дилимден ашыгыма ант берем!

– Сага болгон аруу махабатымды ар убак таза сактап, атүгүл бүт өмүрүмдү, өзүмдү сага гана арнаймын деп ант беремин, асылым! – деди кыз да жигитинин мойнуна колдорун орой.

Сүйгөнүн өзүнө имере тартып, ичи элжирген улан аны бүгүн биринчи жолу ыпысык эриндеринен өптү да, тап-так көтөрүп алып экөө ресторанга киришти. Ошол күнү Канат

Заринага чөнтөгүндө «К» деген тамгасы бар, көп балалуу аппапак мамалакты жакшы тилектер менен кошо белек кылды.

Айткандайле, андан кийин бул мамалак кыздын боор эти менен тең бүткөндөй, басса-турса, уктаса да колунан түшпөгөн эң сүйүктүү буюмуна айланды. Атүгүл, белекке келген канча бир алтын, күмүш, акак жасалгалар, не бир кымбат, укмуштуудай кийим-кечектер ага бир тең да, бул белек бир тең эле!

– Ой-ий! Кандай жакшынакай?! Кандай аппак? -деген кыз белекти адеп колуна алганда жаш баладай кубанычы койнуна сыйбай.

– Анын актыгы – сага окшош бекен?

– Балдары да аябай жакшынакай, анан калса көп экен...

– Биз да кийин ошондой көп балалуу болобуз, жаным...

Жуп-жумшак, барпайган ак мамалактын чөнтөгүнөн Зарина «К» тамгасын таап алганда:

– Ал – мен! – деди Канат адатынча тамаша-чындан. – Мен ар дайым ошентип, сенин жүрөгүңдө жүргүм келет?!.

Канат белегинин сырларын ушинтип чечмелеп, Зарина болсо аны өмүрүнүн акырына чейин өзүнө ыйык тутуп, көзүнүн кош карегиндей сактап, кастарлап жүрдү...

* * *

Кеч күз. Ноябрдын жыйырма бири болчу. Канат али уйкусунан ойгоно электе Зарина телефон чалып, мырзасын туулган күнү менен куттуктады.

– Бүгүн биздикине келесиңби? – деди анда Канат. – Апамдар менен тааныштырам.

Саамга буйдала калган кыз:

– Жандилим менен бармакмын. Бирок, уят го, – деди.

– Эмнеге уят?!

– Кыз бала көшөгөгө киргиче, жигиттин босогосун аттабайт дейт.

– Ким дейт?

– Чоң апам, таянем. Апам да ошентет.

– Эч нерсе эмес! – Тамашалады Канат. – Керек болсо апама айтып, көшөгөнү деле тарттырып коём.

– Келесоом десе! – Каткырып күлдү кыз. – Сени деген али мектептин окуучусу деп коёт!

– Эх! – деди Канат тамаша-чындан улутунуп.

– Зарина, – деди анан эсине бир нерсе түшө калгандай шашып, – сүйүнчү, Зарина! Бүгүндөн тартып, экөөбүздүн автомашинабыз бар! Ву-у-у!..

Канат оозу менен машина айдап койду.

– Ура-а! – так секирди кыз. – Куттуктайм, Канат!

Айткандай эле, түштөн кийин Канат университетке машина айдап келди да, Заринага эшикте күтүп турганын кабарлады. Ансыз да ашыгынын туулган күнү ой-санаасын алагды кылып, араң отурган кыз лекция бүтөрү менен эшикке атып чыкты. Демейдегиден башкача бир сындуу, сулуу болуп, аппак көйнөк, кара пиджак кийип, галстук тагынган Канат жалтыраган жапжаңы автомашинага жөлөнүп, күтүп туруптур. Зарина учуп жетип эле , жигитине бой урду. Кучактап, жүзүнөн сүйдү:

– Туулган күнүң менен! Анан да аргымагыңыз кут болсун, мырза! Ырас эле эң сонун, жакшынакай машина экен.

– Ананчы! – Канат демейдегидей куудулданды. – Мал ээсин тартпаса арам өлөт дейт!

– Оо, албетте! Албетте,– деди кыз.

– Отуруңуз, улуу урматтуу ак сүйүүмдүн ханышасы, – Канат машинанын тумшугу аркылуу айланып барып, алдыңкы эшигин ачты:

– Сиздин ордуңуз бүгүндөн тартып, сизди ар дайым чыдамсыздык менен күтөт.

– Оо! Кандай жагымдуу, жанга тынч... – Зарина отурган соң ушинтти. – Ылайым эле сага кызмат кылган ак жолтой дөөтү болсун, кымбатым!

– Рахмат!

Канат Заринаны өзүнө имере тартып, эрдинен, көздөрүнөн өптү да:

– Кеттик! – деди машинаны от алдырып.

– Кайда кеттик?

– Жолдор кайда алып барса, ошол жакка!

– А жолдор көп да?

– А биз сүйүүнүн жалгыз аяк жолуна түшүп алып, кете беребиз, кете беребиз!..

Махабатка мас эки жүрөк толкуп-ташып, бу жалганда сүйүүдөн башка сезим, башка эч нерсе жок өңдүү бактылуу баратышты.

Канат машинаны «Манас» аэропортуна барчу трассага салды.

Авторадиодо атайын заказ кылгансып, Канаттын жакшы көргөн ыры, Филипп Киркоровдун аткаруусундагы «Менин Зайкам» ырдалып, жигит аны коштоп баратты:

«Түндө уктабай жүрөмүн,
Сени анткени сүйөмүн.
Көптөн бери,
Сени гана,
Сени жаным сүйөмүн!..»

Анда-санда айнекке кардын аппак бүртүкчөлөрү коно калып, кайра эле бат «жылт» этип эрип кетип атты. Зарина эңкейип, терезеден асманга карады:

– Кар жаап атат, – деди анан. – Жерди сагынгандай, калдалактап шашып келаткандарын карасаң!..

Канча бир убакытка чейин сейилдеп жүрүшүп, кечкурун шаарга киришти.

– А эгер... апам туура эмес көрсөчү? – деди Зарина үйгө кире берерде күмөнсүй.

– Эмнеге? Сен бөлөк-бөтөн жакка эмес, менин үйүмө барасың да.

– Билбейм, суранып көрөйүн, – деди кыз.

Бүгүн Канаттын туулган күнү экенин Заринанын ата-энеси билчү. Акыркы ар жыл сайын Канатка эмне белек алганын Зарина апасына айтчу. Бирок, Канаттын үйүнө баруу жөнүндө бир да жолу кеп болгон эмес.

– Наташа, сен Канатты көрүп жүрөсүңбү? Кандай бала экен?– деген бир сапар Клара апа.

– Каяктан? – дейт Наташа, – Канатты көрөйүн дегенде эки көзүм төрт. Аныңыз ал тургай эшиктин коңгуроосуна да жакын жолобойт. Тээ алда кайда туруп алып телефон чалат да: «Закуля, мен келдим», – дейт. А кокус Зарина трубканы албай койсо: «Заринага айтып койсоңуз, ал үйдө экенин жүрөгүм сезип эле турат» дейт.

Эгерде менин кожойкем таарынып калып, жолугуудан баш тартса, анда тигил мырза, үйүнө жетер-жеткиче эле чалып отурат...

Канаттын тарбия көргөн тартиптүү, адептүү улан экенин ошондон улам баамдап, алардын ашепкеси жок аруу махабатына эненин ичи жылычу. Болбосо, Заринанын коңшулары айткандай, ээнбаш кыз, ээн баш бала болсо аларды ким токтотот эле?

Үйгө Зарина өзү эле кирди.

– Апаке? – деди бир топтон кийин кыңырыла.

– Эмне болду? – деди эне анын бир нерсе айта албай атканын билгендей. – Бир нерсе керекпи?

Кыз унчуккан жок. Тек гана каректерин жалжылдатып күлүп койду.

Кичинекей кезинен эле анын жакшы бир мүнөзү бар. Уйкусу келгенде да, ыйлагандын ордуна кыткылыктап күлүп калчу.

– Баланын уйкусу келиптир, – дешчү андайда. Кийин да жароокер, ар дайым күлкүсү даяр, жарык маанай кыз болду.

Апасы дагы бир окуяны эч унутпайт. Бир жолу, бир жолу... анда Зарина төрттө беле, ата-энеси аны алып алышып, кызылча отошкону чоң энесиникине барышкан.

Бир убакта эле туугандардын балдары чуркап келип:

«Зарина телевизор көрүп атса баланча апа тилдеп, жакадан алып эшикке чыгарып салды», – дешет. «Кап, кызыбыз бозала болуп, ызаланып калган экен!» – деп ата-эненин жүрөгү ооруйт. Аңгыча эле беш-алты баланын ортосунда алда нелерди божурап сүйлөп, Зарина келатат дейт.

– Зарина, сени апа уруштубу? Ыйладыңбы?– дейт апасы кызын аяп.

Алиги, аны үйдөн чыгарып салган «аял» Клара-апанын абысыны. Анын ошондой, алкылдап-шалкылдап, эч нерсени аңдабай кетчү албууттук жайы бар эле. Бала болсо да ошону түшүнгөн Зарина көздөрүн бакырайтып, чоң адамча апасына таң кала карайт:

– Апа?! Анын урушканы менин көз жашыма арзыбайт!..

– Чын эле! – апасы ошондо түшүнүп жүрөт. – Айткандай эле, жаман кишиге теңелип не?

Заматтын ортосунда ушунун баарын ойлой койгон эне:

– Заринка, жүрүчү өзүбүзчө сүйлөшүп келели? – деди.

– Апуля, Канат туулган күнүнө, үйүнө чакырып атат,– деди аркы үйгө киргенде Зарина атасына угузбай.:

– Барайын дейсиңби?– Эне кайра өзүнөн сурады.

– А баса, сүйүнчү апа. Канат машиналуу болуптур, – деди жооп бериштин ордуна сүйүнчүлөп. -Туулган күнүндө ата-энеси белек кылышыптыр. Эшикте турат. Карасаңыз...

Терезеден сыртка көз жиберген эне:

– Кут болсун! – деп анан:

– Бирок, сенин барганың туура эмес болуп калат го. Анын үстүнө, ал үйдө уяттуу, улуу адам турат эмеспи. Сооронбай Жусуевичти бүтүндөй эл-журт сыйлап, ыйбаа кылат, – деди.

– Канат мага таарынат го, ага анда сиз айтыңызчы?

– Макул, – бул баланы көрүүгө качантадан ынтызар болуп жүргөн эне шыр кетти. – Үйгө кир дечи.

Зарина коңгуроо кылгандан көп өтпөй эле Канат босогодо турду:

– Келе гой, – деди эне кире бериштеги ыманы ысык, жылдыздуу уланга ичи жылып, – Туулган күнүң менен!

– Рахмат, – деп келген жөнүн унутуп койгондой, кеп таппай кайсактай түшкөн балага эне өзү жардамдашып ийди:

– Каякка баралы дедиңер эле?

– Үйгө, -шашып кеткен уландын оозуна кайдан-жайдан ушул келе калды:

– Эки эле саатка уруксат бересизби? Атам-апамдар бүт күтүп атышты эле. Аларга «Заринаны апкелем» деп айтып койгом.

Канаттын «Эки эле саат» дегени энени жибиттиби, же улуу кишилердин күтүп атышканын ойлодубу, а балким ушул убакта уялып, ыйбаа кылган ыймандуу балага боору ачыдыбы:

– Болуптур, – деди эне шыр кетип, – а бирок эки сааттан кийин кызым үйдө болсун!

– Рахмат! Рахмат сизге! Чоң рахмат! – деген Канат Заринасын жетелеп, кайра айнып кетүүчүдөн бетер шашып кетти.

Айткандай эле аларды күтүп атышыптыр. Илбериңки, уяң, сүйкүмдүү кызга ата-энелердин ичи элжиреп, жактырып отурушту. Айрыкча Шааркүл апанын чечекейи чеч. Балдарынын кимисине экенин өзү да билбей, жалынып-жалбара эле берди.

* * *

Шаардын чоң көчөлөрүнүн биринде кыз айдаган кып-кызыл «Хундай» баратты. Соңунан калбай, күрөң түстүү «Мазда» келатат. Кыз улам караандатпай кеткени менен, светофордо тигил да улам кайра теңеле түшүп атты.

«Бул жашоодо акыл оорутпай, кол жоорутпай, жеңил оокатты көздөгөн, жеке өзүнүн гана күнүмдүк кызыкчылыгынын камын жеп, ыпылас ойлогон адамдардын бар экени кандай кейиш?!. Кызык, мындайлар сүйөт болду бекен? Каяктан?.. Алар сүйүүнүн бар экенине ишенишпесе да керек. Кандай бактысыздар?..»

Ушинтип ойго батып кеткен кыз аз жерден светофордун кызыл жарыгын көрбөй кала жаздаптыр. «Кайдагы бирөөлөр үчүн эмнеге кейийм? Андан көрө...» – деп Канатка кайра дагы телефон чалды. Эмнегедир Канат трубканы көтөргөн жок. Айрыкча өзүн студент болгону кадыресе салмактуу сезе түшкөн кыз, сүйгөнүнүн али мектеп партасында отурганын элестете «бырс» күлүп, көңүлү да ачылып кетти.

Аңгыча, кайра да жанаша түшкөн «Маздадагылар» өлүп-талып «пипилдетип», машинанын алдыңкы-арткы терезелеринен бир нерселерди айтып ырсакташып, кол булгалап кыйкырып атышты. Зарина ансайын авторадиону чоңойтуп койду.

Деги эле, машиналуу болгону Зарина мындайларды көп көрдү. Эмнегедир, артынан калбай ашыктыгын билдирген жигиттер да абалкыдан эки-үч эсеге арбып кетти.

Капысынан сокур ичеги болуп, ооруканага жатып чыкканында башын куттуктап, ата-энеси ага ушул кызыл «жоргону» тартуу кылышкан. Спорттук машиналардын үлгүсүндөгү ушул дөөтү Заринанын өзүнө да абдан жагып, куп жарашты да калды.

Асанбай кичи районуна кире береде Зарина артында келаткандарды адаштырып, рулду чукул бурду да, көп үйлөрдү аралап, чымын-куюн болуп кирип кетти.

– Канат чалган жокпу? – үйгө кирип келип эле ушинтип сурады. Чалбаптыр. Ошондон көп өтпөй эле үйдүн телефону шыңгырап, трубканы шашылыш ала койгон кыздын шаабайы сууй түштү. Башка экен!

– Алло, – деди тааныш дагы, бейтааныш үн. – Заринка?..

– Да, да... Мен угуп атам, – деди кыз баягы «дудук» жигитти таанып, анын минтип үн катканына айран-таң калып.

– Зарина, кандайдыр бир чоочундар машинаңды айланчыктап турушат го?..

Мындан Зарина: «Балким, жардам керектир?» – дегенди түшүндү.

– А бул ким?

Кубан аны укпагансып:

– Тигилерди... эмне кылайын? – деди буйрук күткөндөй. Терезеден сыртты карады Зарина. Жанагы, заправкадан ээрчип чыккандар аталарынын акысы бардай, «Хундайга» жайма-жай жөлөнүп турушуптур.

– Эч нерсе эмес, – деди ызы-чууну, уруш-талашты сүйбөгөн кыз:

– Тура беришсин, тажаганда жолдоруна түшөт да. А сиз жакын арада жашайсызбы? - өзүнө кам көргөн жигитке ичи жылый сурады кыз. Бирок жигит унчукпай, трубканы коюп койду.

– Зайка, бул түрү суук немелер сага кайдан илээшип жүрүшөт? Кимдер булар? – деди көздөрү алайган Наташа эшикти карап. Ийнин куушурган кыз:

– Билбейм, билгим да келбейт! – деди.

Наташа айткандай, булар ага жана автозаправкадан «илээшкен».

– Эй, карагыла! Машинасы да, өзү да укмуш кыз экен, ыя?! «Масло» окшобойбу! А өзүнүн буттарын карагылачы, тим эле эликтики бияктa калсын! – Ага удаа токтогон машинанын ичиндегилердин бири ушинтип кыйкырды.

– Эй, бийкеч! – чачын тысырайта тарап, желкесине байлаган ошол жигит терезеден жарым-жартылай чыга калып кайра да бакылдады, – Мени жаныңа салып алсаңчы, ыя?! Өкүттө калбайсың эч, ха-ха! Эмнең короп атты эле дейм да?! Азыр баарын сата берсе болот!..

Алдыда отурган, беркилерге караганда токтоорок, көздөрү көптү көргөндөй суз, олбурлуусу артына кылчайып, акшыя бир карап койду эле тигил тилин жутуп алгандай тим отуруп калды. Аны байкай койгон сары, жымшыгый жигит:

– Шеф, – деди жараматтана, – өзүңө ылайык пери экен, а? Кандай дейсиң?

Ансыз да аппак кийимчен ошол кызды карап, аңкайып отурган «шефине» бул жага бербей калды окшойт:

– Кеттик! – деп жүрүп кетип аткан «Хундайдын» артынан башын ийкеди.

Зарина токтогон подъезддин эшигин сагаалап, кайсы үйгө кирди экен деп аңкайып турган эмелердин жанында аңгыча Кубан пайда болду:

– Кечиресиздер, сиздерге эмне керек?

Жигиттер бири-бирин карап, мыйыгынан күлүп коюшту:

– А сизчи?! – «сиз» дегенди баса сүйлөп, ойдолоктоду алиги узун чач. – А сизге эмине керек?!

– Бул машинанын ээси менин карындашым болот, – деди Кубан да өзүлөрүнө жараша кекирейип.

– Аа де! Андай болсо, карындашыңызды бизге... чакырып коесузбу, акеси?! Же?.. – чөнтөгүнөн макинин учун кылтыйтып чыгарып, «чып!» эттирип мизин ачты да, кайра жаап койду.

Көп өтпөй эле эшиктин алдындагылар «дүпө-дүп» түшүшүп, мушташып калышты. А бирок, андан анча узабай эле Жениш Есенжанович баш болгон милициянын машинасы уңулдап жетип келди.

– Менттер! – деди тигилердин ичинен аларды алыстан айныбай тааныган бирөөсү. – Кеттик!

Машинага отуруп, айдай качкандардын артынан куугунчулар кууп кетти.

Алар кетээри менен жерде эки бүктөлүп, туруууга аракеттенип кыңкыстаган жигиттин жанына жакын келген Зарина:

– Кубан?! – деди таң калып. Зарина аны бул үйгө жаңы кирип атканда көрүп, жүк көтөрүшүп жүргөн өтө илбериңки кошуна балага ыраазычылык айткан. Ошондон бери аны көрө да элек болчу.

Кубан жыгылган жеринен туруп, унчукпай үстү-башын күбүп, кете турган болуп ары бурулганда эсине бир нерсе түшө калгандай кыз:

– Кубан?! – деди аны токтотуп. Кубан имериле карады. Азыр эле ушул кыз үчүн токмок жеп, эти ооруп атса да баарына кайыл окшоп, башкача бир мээрим менен жалжылдай караган каректерден жалтана түшүп:

– Жана телефон чалган сиз белеңиз? – деди Зарина. Кубан уурусун карматкандай кайпактап кетти. Бир чети таң калгандай, бир чети аны аяган сындуу, бир чети качантан берки табышмактын жообун таап алганына кубангандай күлө караган назик, керемет кыздан жигит да сүрдөп, көздөрүн ала качты.

– Кубан, билесизби, сиз ушунчалык жакшы жигитсиз, – деди Зарина аны качантан бери билгендей чын ниетинен. – Бирок...

Жигиттин көңүлүн оорутуп аламбы дегендей, алда нени ачык айта албай ыйбаа кыла, ыңгайсыздана калган кызга ичи ысый, күлүмсүрөй карады Кубан:

– Билем, Заринка. Ары жагын айтпай деле койсоңуз болот. Бирок, кандай болгон күндө дагы сиз ар дайым менин жүрөгүмдүн тереңиндесиз! Анткени сиз ошондой улуу сүйүүгө, урматка арзыган керемет кызсыз. Мен сизди жакшы көргөндөй, бара-бара Канатты да жандилимде жактырып келатам. Анткени, сиздин жүрөгүңүз сүйгөн адамды мен кантип жек көрүшүм керек эле?! Сиздердин бактылуу болушуңуздарды каалайм!

«Ушундай да кенен, терең ойлогон жакшы адамдар болот экен, ээ?» – деп ойлогон кыз булуттан чыга калган күндөй жарк этип күлүп ийди да, колун узатып:

– Рахмат, сизге! – деди.

Кыздын сунган колу колуна урунганда бүт денесин жалын каптап кетти. Сүрдөдүбү, а балким кубангандан бекен, эмнеси болсо да жигиттин кош карегинде ып-ысык жаш айлана түшүп, башка эч нерсе дебей, эч нерсе күтпөй да чукул бурулуп, узап кетти.

* * *

Үйгө кирип эле Канатка телефон чалган кыздын ындыны сууду. Канат чөнтөк телефонун өчүрүп коюптур.

– Анын эмнеси бар экен, Зарина, үйүнө чалбайсыңбы? – деди Наташа. – Же барып келбейсиңби.

Өзү да ошону ойлоп, жүрөгү опкоолжуп турган кыз шыр кетти.

Түндө уктап атса, ким бирөө анын койнунан Канат берген мамалакты акырын сууруп алып кетип атыптыр. Бакырып ыйлап тура калса, түшү экен. Мамалагы, көрсө жерге түшүп кеткен экен.

– Зайка, сага эмне болду? – деп апасы үстүнө чуркап кирди. Көзүнүн жашын он талаа болгон кыз ошондо да соороно албай солуктап:

– Түшүмдө менин мамалагымды уурдап баратышыптыр, –деген.

– Түшкө эмнелер гана кирбейт? – деди эне кызын көкүрөгүнө кысып. – Ошого да ыйлайт бекен? Мынакей мамалагың, жаныңда эле турат.

Айткандай эле, Канат катуу ооруп, төшөктө экен. Ата-энелери үрпөйүп, заманалары куурулуп, дарыгерлер туш-туштан тегеректеп атышыптыр. Заринага эшикти Гүлнара ачты. Эки көзү тоодой болуп, ыйлаган түрү бар.

– Саламатсызбы? – деди кыз ыңгайсыздана.

– Кел, келе гой, – деди эне. – Кире гой.

Зарина кирсемби, кирбесемби деп ойлонгуча:

– Канат ооруп атат, – деди жигиттин апасы. – Келгениң жакшы болбодубу. Сага чалайын деп аттым эле...

Эне кызды ээрчитип Канаттын бөлмөсүнө алып келди. Канат көздөрүн жумуп жатыптыр. Зарина жакын келип, керебеттин жанындагы отургучка отурду да, Канаттын алсыз колдорун колуна алып, эңкейип жүзүнөн өптү. Жагымдуу, тааныш алакандар, ып-ысык жумшак эриндер Канатты уйкудан ойготкондой, бири-бирине бекем чапталышкан кирпиктерин араңжан көтөрүп, көзүн ачты.

– Канат? Канатик?.. – кыздын шыбыры, ый аралаш дир-дир этти:

– Мен сени сүйөм, Канат. Мен сенсиз жашай албайм?!. Турчу, Канат?

Канаттын оң ууртунда күлүмсүрөө пайда болгонсуду. Аны көрүп, бери жакта тургандар да бир аз жандана түшүштү да, бөлмөдө көп өтпөй экөө эле калышты.

– Зайка, – деди Канат кеберсий түшкөн эриндерин алсыз кыбыратып.

– Мен угуп атам, – деди кыз көз жашын арчып. Бир нерсе айткысы келип, бирок ошого дарманы жетпей аткандай Канат шалдая түшүп анан:

– Кетпечи? – деди.

– Келесоом, менин! – кыз адатынча эркелетип, муңайым күлүмсүрөдү. – Кубаласаң да кетпейм, жаным.

Жигиттин эриндерине эрдин тийгизип, жүзүнөн сүйдү. Чачтарын салаалап, саамайларынан жыттады... Айткандай эле, Зарина келгенден тартып Канаттын абалы оңоло баштады. Эки-үч күн кыз Канаттын жанынан карыш жылбай отурду. Чындап эле сакая түшкөн жигит сүйгөнүнүн колунан эркелеп дары ичип, тамак жеп, кайсы бир күнү эле куландан сопсоо болуп, так секирип туруп кетти.

– Сен менин жүрөгүмдүн дарысысың, менин Күнүм! – деди ошол ак таңда үстүнө үйрүлүп түшкөн сүйүктүүсүнө эбедейи эзиле эркелеп да, эркелетип...

* * *

Ай алмашып, жыл өтүп, алма-өрүктөр кайра дагы гүл ачканда, уядан учуп атып Канат ошол мектептин босогосун жаңы аттаган абалкы күндү эстеди. Андан да мурункy жылы Шааркүл апа бойтоңдогон небересин жетелеп, мектепке апкелбеди беле. Ошондогу Эне менен баланын кубанганын сураба! А бирок, ал күнү Канат кайра үйүнө озондоп ыйлап келген.

– Апа, уулуңуз жетиге али жете элек экен. Эмдиги жылы алып келиңиз! – деген мугалим анын метрикасын ачып көрүп.

– Айырмасы эки эле ай эмеспи, баламды бозала кылбай ала бер, балам. Өзү да зирек, айланайын. Тамганы бүт билет. Ошентчи, эжекеси?..

Шааркүл апа мугалимге жалооруй карап, жалынып, суранган болчу. Алардын эмне жөнүндө сүйлөшүп атканын аңдап, түшүнүп– билип аткан кичинекей Канат анда апасын жалдыратып, мусаапыр кейпин кийгизип, укпай аткан ошол эжекени жек көрүп кеткен.

Окууга кирбей калам деп эмес, шагы сынып, томсоро түшкөнүн таянесин аягандан кенедей эт жүрөгү тызылдап ооруп кеткен. Баласынын оозу эмшейип, көзүнө жаш айлана түшкөнүн көргөн эне ансайын эжейге өпкө-жүрөгүн чаап, жалынган болчу:

– Айланып кетейин, алып койчу баламды? Мендей энең, ушундай уулуң бардыр, кагылайын?!.

Мугалим айласы түгөнгөндөй, көз айнегинин үстүнөн карап:

– Бо-олбойт, апа! Болбойт! – деген. – Ереже-тартип деген бар да. Аны бузсам, мага сөз тийип калат. Түшүнөсүзбү ушуну?!

Уңулдап ыйлаган Канатты сумкасы менен кошо жонуна көтөрүп алып, таенеси анан жол бою ага жалынып-жалбарып, сооротуп бараткан:

– Алдыңа кетейиним менин! Садага кетейиним! Ошого да ыйлайбы? Таятаң экөөбүз сага жаңы «Алиппе» сатып беребиз. Анан үйдөн кө-өп нерсени окуп, билим алабыз дагы, эмки жылы дароо экинчиге отуруп алабыз. Көрөсүң го! Ыйлаба, берекем...

Анткен менен, өзүнүн да ыйлагысы келип бараткандай сезилген Канатка.

– Жанагы эжеке жаман экен! – деген жонунда бараткан уулу бир топко чейин үнчүкпай калып. – Ал сени уруштубу, мен аны жаман көрөм!

Көрсө, Зарина экөөнү тагдыр ошондо бири-биринен катып, бири-биринен ала качып, табышмак кылган белем. Бири-бирин күтүп, издеп, убакыт-сааты жеткенде гана сагыныч, эңсөө менен кезигишсин деген го? Мүмкүн!.. Анткен себебим, так ошол Канат ыйлап кеткен күнү Зарина да ата-энеси менен келип, так ошол эжекеге катталып, биринчи класска кирген. Эки чачына эки чоң, аппак бантикти барпырата байланган кичинекей аксары кыз ошондо кубанычы кучагына батпай, тим эле бактылуу болчу. Атүгүл алар жолдо келатып, Канат жашаган 141-үйдүн биринчи кабатындагы китеп дүкөнгө киришкен. Ошондо Зарина кыркар тизилген сансыз, тири укмушту кооз түркүн түстүү китептерди көрүп таң калып, сүйүнгөндөн:

– Ой-й! – деп алаканын чапкылап так секирген.

– Атаке, апа, ушуну баары биздики болсо, кандай жакшы болмок, я? – деген кылчактап чыккысы келбей.

Ата-энеси ага ошондо бир кучак китеп сатып беришкен. Ошондогу «Эмне үчүн?» деген түстүү, чоң, калың китеп Заринанын жанбирге буюмуна айланып, жатканда да жанына алып жатуучу. Өзү түшүнбөгөн, билбеген көп нерсени ошондон таап, билип алчу. Болбосо, анын баарын ата-энесинен сурап, такый берүүгө мүмкүн эмес эле. Анткени, атасы аскер кызматкери болгондуктан, апталап командировкада жүрүп, анда-санда гана колу бошочу. Апасы болсо кандидаттыгымды коргойм деп, баш көтөрбөй эле окуй берет эле, окуй берет эле. Көпчүлүк учурда Москвага, Ленинградга каттачу. Зарина кичинекей болсо дагы алардын жүгү оор экенин туюп, билчү. Аларга күч келтирбей, аларды ашыкча алагды кылбай, өз алдынча окуп, өз алдынча болгонго аракет кыла берчү.

Ошондо эле Зарина атасы менен апасынын ортосундагы бири-бирине болгон аяр, жылуу бир сезимди астыртан туюп, алардагы ысык-ынак мамилени балалык, баёо дилинде баамдап, баалай алчу.

Жалгыздап отуруп алып, кагазга ардеме-бирдемелерди тартып, жазып, өзүнчө алектене берер эле. Эмне экенин өзү да билбей, бирок эле бир нерсе жараткысы келе берчү. Жандүйнөсүндө жаналакетке түшүп, сөздөрдүн коозун издеп, таап алганын апасы менен атасына арначу. Аларга ыроолоп ар кандай саптарды жаратчу. Ушул адаты аны кийин да өмүрүнүн акырына чейин коштоп жүрдү. Бара-бара дагы бир асыл адамы катары Канат анын күндөлүгүнүн эле эмес, өмүрүнүн алтын барактарына жазылып калбадыбы.

Бүгүн да, Канаттын бүтүрүү кечесине чыгып баратып, эсине бир нерсе түшө калгандай кайрылып келип, дептерине алда нелерди чиймелеп койду:

«Бүгүн сенин эң бактылуу да, эң аялуу да күнүң жаным! Анткени, бүгүн сен уядан учасың! Аялуусу ошол эмеспи, бул күндөр эми кайра келбейт. Балалыктын айылынан алыстап, алдыда сени... жок, бизди дейинчи, не бир кызык, ажайып күндөр күтөт. А балким, айткандай эле экөөбүз көп баласы, көп небереси бар абышка, кемпир болорбуз. Эмнеси болсо да, ошого чейин ак сүйүүбүздү кирдетпей, тунук бойдон тута алсак экен, жаным.

А бүгүн кымбаттуум, мен сага арнап атайын аппак-аппак розалардан гүлсебет жасадым... Анткени, адамдын жүрөгүндөгү махабатты алар алыс-алыстан сезип, ошондон кубаныч таап, ошондон бактылуу болуп бапырайт дешет. Ырас эле, ошон үчүн алар сүйүүнүн, ак тилектин символу эмеспи. Атүгүл алар адамдай кайгырышат, ыйлашат экен...

Эх, гүлдөр! Эгерде менин колумдан келсе, эгерде күчүм, кудуретим жетсе, бүт жер бетиндеги гүлдөргө махабатымдан нур жаадырып, эч качан соолбос кылып жаратат элем... Анда бул жашыл ааламда жайы-кышы гүл жайнап, жыпары аңкып жашоону ого бетер ажарына чыгарып турмак! А бирок... Мен сен үчүн ар убак жүрөгүңдүн гүлү болуп, өзүңө жагымдуулук жаратып турууга даярмын, менин Канатым!

Закуля»...

Былтыр ушул маалда, Заринанын бүтүрүү кечесинде Канат:

– Заринка, бүгүн кандай жакшы күн, анткени сен он жыл алган билимиңдин аттестатын алып, чоң жашоо, улуу максаттарга аттанып атасың. Алдыңда сени студенттик аудитория, даңгыр жолдор күтөт. Абалкыдан да алда канча акылдуу, салмактуу адамга айланасың. А бирок, сенин назик, ак көңүл, алпейим жүрөгүңдөгү арзуу абалкысындай эле аруу, абалкысындай эле аппак бойдон каларына ишенем, жаным. А бирок айтайын дегеним ал эмес, мен сага чын жүрөгүмдөн ак жол каалайм! Бул турмуштан эмне күтсөң, эмне кааласаң баары кабыл болсун! – деп сүйгөнүнүн тал чыбыктай буралган ичке белине билектерин орогон:

– Айтмакчы, эмки жылы мен окуумду бүтүп атканда келесиңби?-деген.

– Кантип келбейин? – деген Зарина. – Жандилим менен келем да!

Ушуну ойлоп, улам-улам жол караган улан мектептин эшигинин алдында, баягы-баягы экөө дайым кезигүүчү жерде турду. Канаттын антип турганын көрүп, ашыгып келаткан Зарина да өткөн окуучулук күндөрү кайра да бир кайрылып келгендей сезип кетти...

Ошол күнү ал экөөнө өздөрүнөн бактылуу ким бар эле? Эбегейсиз зор бакытты көкүрөктөрүнө көтөрүп алышып, эң эле бир жакшынакай жарашып, жанашып учкан аккуулардай музыканын ыргагында калкып учуп, чимирилип бийлеп жүрүшкөн...

Тээ түн оогондон кийин таң тоскону топурап, сыртка агылышкан курбу-курдаштары менен кошо Канат менен Зарина да аппак таңга аруу тилек айтып, бири-бирине ак жарыктай улуу жол, бакты-таалай каалап, сүйүүлөрүнө таңкы нурдай тазалык тилегени эшикке чыгышты.

Бульварды аралап, жетелешкен эки жаш кыркаар тарткан отургучтардын биринде аярлашты. Канат бутун сунуп ийип, Заринанын тизесине башын жөлөп, жымыңдаган жылдыздарды карап чалкалап жата кетти. Селкиси анын чачтарын салаалап, жүзүнөн сылап, көздөрүнө төгүлө тиктейт.

– Зайка, – дейт бир убакта ойго батып кеткен жигит.

– Ов.

– Билесиңби, адам баласынын жаны тээтигил жымыңдаган жылдыздар менен киндиктеш имиш. Качан адам өлгөндө, анын жылдызы да каяккадыр зуулдап учуп, кайыптыкка айланат дешет. Биздин жылдызыбыз кайсы болду экен?..

Зарина да жылдыздарга карады:

– Ким билет...

– Зайка, – деди Канат кайра. – Сага окшош жылдызды көрсөтөйүнбү?

– Кана?

– Тигине! Тээ-тигил жаркыраган чоң, жарык жылдызды көрдүңбү? Колуңду берсең...

Заринанын колун кармап, сөөмөйү менен Чолпон жылдызды көрсөттү.

– Чолпон жылдызгабы? – деди Зарина.

– Сен ар дайым так ошол Чолпондой мага ак жарык чачып, жанып турасың. Сенин көзүң да, өзүң да, жандүйнөң да ошондой жарык кызсың, жаным. Анан да, күлгөн сага аябай жарашат..

Көздөрүн жумуп, уктап бараткандай кебинин аягын үзүл-кесил божураган ашыгынын тумшугунан чымчыды кыз:

– Уктаба, жаным. Азыр таң атат. Тигине, азыраак эле чыдасаң, күн чыгыш жак агарып келатат.

Канат ансайын уктап калган кишиче калп эле көздөрүн чылк жумуп алат.

– Уктаба! – дейт селкиси чебеленип. – Уктабачы, Канатик? Билесиңби, таң алдындагы айтылган аруу тилектер сөзсүз аткарылат дешет.

– Уктабайм! – Канат эркелегендей көздөрүн чо-оң ачып, ашыгына бакырая карады да, көз албай көпкө тиктеди. Анын жумшак, назик манжаларынан өөп:

– Байдылда акынды билесиңби? – деди капысынан эле.

– Билем, – деди кыз. – А эмнеге сурадың?

– Эмнегедир, сен чачымды салаалап тарап атсаң, ошо акындын бир куплет ыры эсиме түшүп кетти. Айтмакчы, таятам экөө жаш кезинен абдан жакын, жанкурбу болчу экен.

– Билем, – деди Зарина, – Аны өгүнү да айтып аткансың. Бирок азыр эсиңе эмне ыр түшүп кеткенин билбей атам?

– Анын обону да бар. Ырдап берейинби?

– Кана?.. – жагымдуу жылмайып, кулак түрө күтүп калды кыз.

Канат тамагын жасап, оңдонуп жатты да обон созду:

«Ак куунун мойнуна окшоп салааларың,

Сыласа чачтарымдын араларын.
Тим эле эрип эле кеткім келет,
Сага арнап жандүйнөмдүн бүтүн баарын»...

– Азыр эле чыгара койгон жоксуңбу? – деди Зарина ашыгын эмне деп мактоого сөз таппай, – Анан калса, ошол манжалар менин манжаларыма аябай окшош экен?..

– Чынымды айтсам, бул ырга башта анчалык деле маани берчү эмес экенмин. Көрсө, алар да биздей жаш болуп, биздей эркелешип, бизге окшоп жаштыктын жалындаган отунда алоолоп, күйүп-жанышса керек, ээ?

– Албетте!

– Кызык, адамдар карып-арыганы менен, өмүр өтүп, убакыт-саат алмашканы менен сүйүү эскирбей, кандай жаралса так ошол бойдон жашай берет окшобойбу, -деген Канат эсине бир нерсе түшүп кеткендей: – Закуля?! – деди.

– И?

– Баягы-баягы, мен катуу ооруп, өзүң жүрөгүмө сүйүү деген дары сыйпап, айыктырып алган күндөр эсиңдеби?

– Эсимде эмей!

– Эгерде мен ошондо... кокус көз жумуп кетсем, эмне кылат элең?

– Каяктагыны айтпачы, Канат! – эмнегедир жүрөгү «зырп» дей түшкөн кыз ушинтти. – Жаман сөздөрдү сүйлөбөй жүрчү, жарайбы?

Саамга унчукпай калган Канат:

– Дегинкисин айтам да?– деди кайра.

– Чынымды айтсам, мага жашоо сен бар үчүн кызык, Канат. Сен бар үчүн менин дүйнөм түгөл, телегейим тегиз. Эгерде мен... Мен сени бул жашоодон таппай калсам, анда мага андан аркы өмүрдүн маңызы жок! Сенсиз жашап эмне кылам?! Аккуулар жөнүндө укту беле? Түгөйүнөн айрылган күнү, экинчиси да өзүн асмандан жерге таштап, аска-жарга чабылып өлөт экен! Сенден айрылган күнү, анда бу жалганда мен дагы жокмун, Канат!!!

Канат кыздын жандилинен сызылып чыккан чын сөзүнө эреркеп кетти белем, ордунан обдулуп тура калып, ашыгын көкүрөгүнө кысып, анын айжамалынан, алкымынан аймалап өпкүлөп:

– Кечирчи, жаным, мен сенин ушинтип айтаарыңды билип туруп, ошону айтууга мажбурлаганым үчүн кечирчи? – деп атты.

– Билесиңби, Зайка,– деди анан, – Менин бактым, тагдырым да бүтүн сага байланган. Сенсиз мен бир күн дагы жашай албайм!

– Билем. Билем... – деген Зарина аңгыча күнчыгышты шашылыш бир карап алып:

– Канат?!– деди каткырып. – Таң эчак эле агарып кетиптир го?! А биз...

– Ура-а!!!

Канат тура калып, агарган таң нуруна көкүрөк тосо, кулачын кенен жайып таштады да:

– Биздин бакыттын, биздин сүйүү, келечектин дагы бир аппак таңы атты! Ура-а!!! – деди.

– Ура-а! – Зарина да аны коштоп, экөө бири-бирине кучак жайып, Канат кызды так көтөрүп айландырып, алар менен кошо жер шары кошо айлан-көчөк болуп, экөөнүн каткырыгын ошол ак таң алтын нуру менен кошо жер жүзүнө себелеп турду...

Анан калса, ошол күнү өздөрү да байкабай, ак тилек айтуу үчүн атайын күткөн ак таңды өлүм тууралу айтып тоскондорун карабайсыңбы!..

* * *

Канат жайда Кыргы-Орус Славян университетине өттү. Эки ашыктын ошондогу кубанганын сурабаңыз!

– Куттуктайм, менин кеменгерим! – деди кыз жетип эле жигиттин мойнуна асылып:

– Студент болушуң менен!

Канат кыздын жамгырдан кийинки карагаттай, мөлтүрөгөн каректеринен алмак-салмак өөп:

– Рахмат, менин ырым! – деди да адатынча кепти дагы тамашага бурду, – Бул жашоодогу супер-сулуу, супер-келишимдүү, супер... Дагы эмне деп ийсем? Ии-и, таптым, супер-философ, супер-актер, анан дагы ашкан акылман ашыгыңдын окууга өтүшү менен сени дагы куттуктайм, менин гүлүм!

Каткырып күлгөн кыз жандилинде ошого чындап эле макул эле.

– Кандай жакшы!..– деди ал жүрөгүндөгү сөздөрүн айтып, – Мынакей, сен дагы ошентип студент болдуң. Кудай буюрса, биздин болочок «мамлекетибиздин» пайдубалы түптөлө баштады. Бүгүн сен анын алгачкы кышын койдуң. Анан да бүгүн аалам алкагына канат кагып, алгачкы кадамыңды таштадың, жаным! Куттуктайм, сени! Менин алтыным, чын эле сен менин акылманым, асылымсың! Менин эң сулуу, эң келишимдүү, эч кимге окшобогон жанбиргемсиң! Канатым, менин!.. Билесиңби, мен сени менен ушунчалык-ушунчалык сыймыктанам. Эгерде үнүм жетсе, бүт ааламга айгай салып, сенин атыңды атап, даңктанат, мактанат элем!.. Кээде бир нерсени ойлоп, таң калып коем, башка кыздар, башка айымдар да мен сүйгөндөй ким бирөөнү сүйүшөт болду бекен?

– Менден дагы жакшылар бар чыгар?

– Ишенбейм, эмнегедир! Анткени, бул жашоодо мага сенден супер жигит жоктой, жер шары боюнча сен жалгыздай сезилесиң! Мен сени кандай сүйөөрүмдү билесиңби, жаным?

– Билем.

– Кээде бир нерсеге өкүнөм десең!..

– Эмнеге?

– Сен менин ойлорумду, жүрөгүмдү окуй албаганыңа! Анткени, андагы жазууларды мен сөз менен эч качан айтып жеткире албасмын!

– Андай болсо, өкүнүүгө сенде эч кандай себеп жок. Анткени, өзүңдөн мурда эле көздөрүң мага баарын айтып турат, Аккуум!

– Аккуум?.. А мен аккуу эмесмин!.. – эркеледи кыз.

– Аккуусуң!

– Анда... мен уча албай атам, кана менин канатым?

– Мынакей! – Канат колуна кызды так көтөрүп ала коюп, айлантып атты. – Мен сенин эч качан талыбаган канатыңмын!

Аңгыча, Заринанын чөнтөк телефону безилдеп ийди.

– Алло, – деп күлкүсүн араң-араң баскан кыздын өңү сустайып, эмнегедир өзгөрүлө түштү да, телефонду өчүрүп койду.

– Ал ким экен? – деди Канат.

– Эч ким.

– Ким? – кайра сурады Канат. – Баягы «дудукпу?» Ал эми сенин соткаңа чала баштаптыр го?

– Ал эмес, – деди Зарина Канаттын да өзгөрүлө түшкөнүнөн улам оңтойсуздана, – Башка.

– Башка? – таң калгандай сурады жигит, – Башка болгондо?

– Канат, чынымды айтсам, мен үчүн сенден башкалардын бардыгы тең эч ким эмес! Ошон үчүн ал жөнүндө ооз ачпай эле коелучу, макулбу?

Канат унчуккан жок. Экөөндөгү тең эми элеки шайыр күлкү токтоп, томсоруп отуруп калышты.

Жылдыздар жымыңдап, ай толуп турган. Мелүүн, жагымдуу жел экөөнү эркелеткендей жүздөрүнөн жумшак сылап, ортолоруна тура калган кичинекей таарынычты таратып, айдап кеткенсиди.

– Канат? – деди аңгыча Зарина бир нерсе сурачудай жапакечтене.

– И?

– Эч кимдин үнү, буту жетпеген алыс-алыс жактарга, тоого кетип калалыбы?

– Тоого? Ушу азырбы?!

– Эмне экен? – чын дилден ушинтти кыз.

– Болбойт!

– Эмнеге? – калп эле таарынып, буйтуя калды.

– Анткени, билесиңби, тоодо азыр кандай?

– Кандай?

– Оу-у! Коркунучтуу!.. – деди Канат кичинекей балага жомок айтып аткандай үнүн кубултуп, өңүн өзгөртүп: – Ал жакта азыр сүрдүү! Тоолор, урчук-бурчук аскалар калдайган кара түндү жамынып алышып, бир көзүн жумуп, мына мындай... – туурап, – Бир көзүн ачып алып, уктап атышат! А бериде, тоонун суусу койдой кара таштарды колдуратып агызып, көбүк чачып күрпүлдөп туру! Анан да, тиги чокуда шоңшоюп улуп, ким отурат, билесиңби?!

– Карышкыр?

– Нак өзү! Ал байкуш ашыгын издеп, айды карап ошентип ыйлайт имиш!

Кыз кыткылыктап күлөт:

– Анын ашыгы айга эмнеге кетиптир?

– Кетмек беле, жок да! Бечара айлана-тегерегинен, жерден жүрөгүнүн теңин таппай, а балким менин эңсөөм айда жүргөн болбосун деп, илгери үмүт менен өзүн-өзү алдайттыр да, шору катып!..

– Кандай жаман! – Зарина же ойногону, же чындаганы билинбей ушинтти да:

– Бул жашоодон эгерде сени таппай калсам, мен да ошол карышкырдай армандуу болмоктурмун, – деди.

Эмнегедир, так ошол маалда Канаттын жомогундагы жалгыз карышкыр азыр андан ашыгын жула каччудай, жүрөгү «шуу-у!» этип кетти.

– Коркуп кеттим, – деди анан жигитке бекем ыктап. – Качандыр бир сен мени жалгыз таштап, каяккадыр алыс-алыс кетип калуучудай, жүрөгүм бир кызыктай болуп кетти.

– Зарина, кел үйлөнүп алабыз? – деди аңгыча Канат баягы сунушун дагы киргизип.

– Эртерээк, – деди кыз.

– Эмне үчүн эрте?!

– Үйлөнгөн соң, бала-бакыра деген болот да, ыраспы?

– Болсо эмне экен?

– Келесоом менин! – Зарина тултуя түшкөн жигитин эркелете, мурдунан чымчып койду. – Өзүбүз аз келгенсип, балдарыбызды да ата-энелердин мойнуна мингизип койсок, акылга сыйбай калат го? Окуубузду бүтөлүчү, адегенде. Анын үстүнө, сен көп балалуу болобуз дейт эмессиңби...

– А сен баарын чогуу төрөбөйсүң да!

Каткырып күлдү кыз:

– Албетте. Ошентсе деле...

Ойлогондой жооп ала албай калганы үчүнбү же жанагы телефон чалган белгисиз бирөөгө болгон кызганычы тутанып кеттиби:

– А сен анчалык коркпой эле кой, мен балдарымды эч качан сенин ата-энеңе жүк кылбайм! – деди Канат. Заринага анын «Сенин, менин» деп бөлүнгөнү өөн учурап кетти:

– Эгер мен кааласам, балдарымды эч кимге бербей, өз үйүмдө эле багып алам! – деди ал да.

– Орус кыздын сени бакканы эле жетет!

– Канат?! – Зарина чындап чычалады. – Эмне деп атасың, Канат?

– Эмне уксаң, ошо деп атам!

– Болуптур, – деди кыз машинадан түшүп кетип баратып. – Жакшы кал!!!

Эшикти «тарс!» жапты да, өзүнүн «Хундайына» отуруп, заматтын ортосунда «зуу» этип көздөн кайым болуп кетти. Эмне болуп кеткенине түшүнбөй, көпкө чейин ошол жерде отурган жигит Зарина кеткен тарапка бир аз жүрүп, бирок капысынан эле рулду оңго буруп кетти.

Бир топ жерге чейин Зарина ыйлап келди. Бирок, бара-бара эми элеки ачуусу, ызасы тарап, акырында анысы сагынычка айланып, жөндөн-жөн эле Канатынан узап баратканына ичи ачышып, өзөгү өрттөнүп кетти. Жандүйнөсүндө будалана түшкөн кыз: «Кызык элебиз, – деди ый аралаш күлкүсү да келип, – ошон үчүн таарынышып... Кызыкпыз!»

Жол жээгине токтоп, рулга өбөктөй бир азга отурду. Эмнегедир жүрөгү дикилдеп тез-тез кагып, кайышып атты. Ошондон улам: «Канатчы? – деди өзүнө-өзү суроо берип. - Менин соо жүрөгүм ушунча түпөйүл болуп ооруйт?..»

Көз алдына Канаттын баягы эриндери кеберсип, суналып төшөктө жатканы элестеп кетти. «О,жок! Жок! Анын бетин ары кылсын! Кечирчи, мени Канат? Кечир? Канатым, менин!..» Колдорун майда калтырак басып, Канаттын телефон номерин шашылыш терди: «Ту-ут! Ту-ут!» «Телефонду көтөрчү, Канат? Кечирчи, мени Канат?..»

– Да? – деди аңгыча Канаттын суз үнү.

– Канат, кечирчи мени? – деди Зарина айыптуу үн катып. – Угуп атасыңбы, Канат? Келчи, кайра кезигели?

Азга унчукпай калып, анан: – Кайдан жолугалы? – деди Канат да таарынычы тарагандай шар кетип.

– Биздин трассадан!

– Жарайт!

Көп өтпөй эле ээрчишкен эки машина баягы, «Манас» аэропортуна кетчү трассада биринен-бири өтүп, биринен-бири өтүп зуулдап баратты.

– Алло, – деди бирок Зарина сарсанаа болгондой, бат эле кайра телефон чалып. – Алло, Канат, анчалык катуу айдаганга болбойт. Алло, угуп атасыңбы, Канат?! Оюндун шартын бузуп, ылдамдыкты ашепке ашырсаң, айыпка жыгыларыңды эскертем!

– Айып наркы эмне менен өлчөнөт, бийкеч? – жанаша түшкөн Канат ушинтти.

– Бир бак бензин!

– Анда жарасы жеңил экен.

– Жок, дагынкысы дагы бар!

Деген менен алдыда бараткан Канат ылдамдыкты азайтчудай эмес.

– Алло, Канат, – деди Зарина кайра да телефон чалып. – Канат, трассада бизден башка да машиналар бар экенин унутпа?!

Акырында Зарина Канатка теңеле түшүп, көзгө илээшпей анан алда кайда алыстап, алдыга кетти эле, эми Канат коңгуроо какты:

– Алло, Зарина?!

– Да? Мен сизди угуп атам, мырза!

– Анчалык катуу айдаба деп атам! – чындап эле буюра айтты улан. Жигиттин антип кабатырланганына ансайын куштарлана, каткырып күлөт кыз:

– Анда утулдум дегин?!

– Болуптур! Утулдум деп атам, Зарина! Ылдамдыкты азайт деп атам!

– Азайттым, жаным, – деди бир убакта кыз. – Азайтмак турсун токтоп, сизди күтүп атам.

– Көрүнбөйсүң го?

– Келе берсеңиз көрөсүз да!

Айткандай эле Зарина жол жээгинде туруптур. Канат келип токтоору менен эле чуркап келип, кучактап калды:

– Утулдуңбу, жаным?

– Утулдум!.. – ооз учунан «күңк» эткен Канат чындап эле ачуулана айтты. – Экинчи мен сени менен ойнобойм!

– Неге?

– Ошого! – деп анан:

– Кел анда, элдешели. Бирок экинчи анчалык катуу айдабайм деп убада бер? – деди.

– Болуптур, – деди кыз. -Анда сен дагы экинчи мени таштап, алдыга кетпейм деп убада бер?

– Жарайт! Келе колду...

Экөө ушинтип турганда Заринанын телефону кайра дагы безилдеди.

– Алло? – деди кыз.

– Зарина, телефонду койбосоңуз, – деди ары жактагы жигиттин үнү. – Мени уксаңыз, Зарина?! Алло, алло?..

Жанагыдай болуп, кайра да өңү сустая түшкөн Зарина керилип туруп, туш келди эле телефонду ыргытып салды:

– Мына, сага! – деди белгисиз ким бирөөнө ачууланып, – Өчүргөн жокмун, эми каалашыңча сүйлөшө бер!

– Ким ал?! – деди Канат Заринага жан тарта. – Эмне керек экен ага?!

– Билбейм! – деди кыз. – Кепке-сөзгө түшүнбөгөн бирөө да!

«Кап, бул тууралуу Канат билбей эле койсо болмок! – деп ойлогон кыз телефонду өчүрүп салбаганына өкүндү. – Баарынан да, менин соткамды ал кайдан билди десең?!»

– Заринка, – Канат кандайдыр бир таарыныңкы добуш менен үн катты, – Биздин бири-бирибизден жашырган сырыбыз жок го дечү элем?..

Кыз туюкка кептеле түштү. Арга издегендей жигиттин көкүрөгүнө тумшугун катып, ашыгынын тааныш, жагымдуу илебинен кере-кере жыттап алып:

– Ал... аталаш агам болот! – деди калп айтып. Оюна ушул келе калганына өзү да кубанып кетти.

– «Жигит менен сүйлөшпө, эшикке чыкпа! Ашыкча жоголбо! Сага али эрте» дейт.

– Ал башта каякта эле? Мурда айтчу эмес элең го?

– Айылда болчу. Азыр үйдө, убактылуу меникинде жашап атпайбы...

Канат ишенди. Бирок, телефон чалган ошол жигит аны сыртынан жек көрүп, кандай гана болбосун Зарина экөөнүн ортосун суутуп, кызды өзүнө имерип алууга аракеттенип, ар кыл айла-амалдарды ойлоп жүргөнүн билген жок. Өзүнүн айлана-чөйрөсүнө «шеф» аталган ошол жигит баягыдан кийин Заринаны тажатчу болгон. Көчөдө баратып да кыз аркасында келаткан баягы «Мазданы» көрүп, кыжалат болуучу. Албетте, Зарина ага таптакыр бой салчу эмес. Тескерисинче, ансайын анда жек көрүү ырбачу. А бирок тигил да көшөрүп, чапкенедей жабышты да калды. Атүгүл аз эле убакыттын ичинде кыздын ата-энеси, ата-тегинен бери изилдеп билип да алды.

Бир күнү Зарина сабактан чыкса, тигил дагы күтүп атыптыр.

– Туруңуз, ары! – деди кыз машинанын эшигин ачтырбай, жолун торогон жигитке:

– Мен азыр милиция чакырам!

Кыз чөнтөк телефонун алганда тигил колунан кармап:

– Жениш Есенжанович бүгүн шаарда жок! – деди кошо жүргөнсүп.

– А сиз атамды каяктан билесиз?!

Жигит мыйыгынан жылмайып койду:

– Эгерде адам кааласа, билбей турган эч нерсе жок, Зарина.

Тигил өзүнүн атын атаганда дел боло түшкөн кыз:

– А деги сизге эмне керек?! – деди. Жигит жооп бериштин ордуна кыздын машинасына жайбаракат жөлөнүп, буттарын учкаштырган калыбында аны көпкө чейин көз албай тиктеп туруп:

– Сиз чын эле башкача бир... керемет кыз экенсиз! – деди.

– Сизге эмне керек?! – деди кыз аны укпагандай сумсайып туруп.

– Жайыраак бир жерге отуруп, шашпай сүйлөшө турган сөздөр бар эле. Айтмакчы, менин атым – Азык. Адегенде таанышып алалычы, – деди тигил анчалык камарабай.

– Сиз мени түшүнүп атасызбы, мен шашып атам! – деди кыз.

Жигит да ансайын кыздын кыжырын келтире, камаарабай үн созуп:

– «Кетпейм, кетпейм жолукмайынча»... – деген ыр бар эмеспи, – деди. – Анын сыңарындай мен дагы кетпейм, кетпейм, сөзүмдү айтмайынча!

Ансыз жигиттен кутулбасына көзү жеткен кыз:

– Болуптур, – деди. – Мен сизди угуп атам, бирок тез-тез сүйлөңүз. Убактым аз.

– Бая эле ошентиш керек эле... – күлүп ийди тиги. – Эмесе, сүйлөй турган болсом, ошончо убакыттан бери артыңдан ээрчип, көлөкөң болуп жүргөнүмдү өзүң билесиң. Балким, ошонун барын көрүп, билип аткан соң, сен деле мени түшүнүп, акыры жибийт да белең. Бирок, ага мүмкүнчүлүк бербей турган олуттуу бир себеп бар экенин да билем дечи...

«Сизден – сенге» өткөн жигиттин дагы бир жолу «билем» дегенине таң калып, «Эмнени билесиң?» дегендей сустая карады кыз. Аны түшүнө койгон тигил:

– Анткени, сенин жүрөгүңдө Канат бар эмеспи, – деди жайбаракат.

– Булардын баарын сиз каяктан билесиз?! Адегенде ошону айтыңызчы?

– Кечир, – деди жигит, – Айтат элем, бирок айтпайм деген кепилдигим бар.

– Анда, айтчуңузду айтып бүттүңүз го дейм, мен дагы угуп бүттүм.!

– Жок, жок, Зарина, мен али айтып бүтө элекмин!

Кыз туталанып кетти:

– А деги сиз кимсиз, мага?! Кепке түшүнбөгөн кандай маңыз адамсыз?! Угуп атасызбы, мен шашып атам!

Заринанын антип туталанганы, канчалык деңгээлде кыжыры келип, жек көрүп атканы ага анчалык деле маанисиздей же укпагандай сөзүн улады тиги:

– Албетте, адегенде чекилик кетиргем. Ээнбаш жигиттер менен кубалап барып, эси жок эмедей көрүнүп алдым. Антпесем, а балким сени кийин таппай калат белем. Байкеңе да... Жок, кийин билсем ал байкең деле эмес экен. Айтор, кимиң болсо да ошол жигитке балдар кичине сес көрсөтүп коюшканы да чын. А бирок анын жазасын анда жакшы эле тартканбыз. Бирок, кеп анда эмес дечи, Зарина. Эң негизгиси, ошондон бери менде күн жок. Сен деп ооруп калдым! Болбосо мага кыз жок дейсиңби?! Сага жагуунун айла-амалын издеп атып, балким байкап аткан чыгаарсын, андагыдан алда канча өзгөрүп да алгам...

– Өзгөргөндөн кийинкиңиз ушулбу? – деди кыз мыскылдай. – А сиз деги менин табитиме таптакыр дал келбесиңизди билесизби?

– Билем, – деди тигил да чычалабай, – Анткени, жакшы кыздар ошентип антка бекем, сүйүүгө туруктуу болот. А балким сен мага ошонуң үчүн ого бетер жагып аткандырсың?

– Кечириңиз, – деди Зарина саал жумшаргандай, – Албетте, адамдын жандүйнөсүндө жакшы ойлордун, жана да ким бирөөгө, алда неге карата жактыруу, арзуу сезиминин болгону жакшы. Бирок, тең-теңи менен дейт го. Менин жүрөгүмдө ашык орун жок. Анткен менен бул жалганда мен жалгыз эмесмин да, ыраспы? Жашоодо менден да жакшылар бар. Балким, сизди сүйө турган аялзаты... сизди издеп жүргөндүр? Демек, келиңиз, бири-бирибизге түшүнөлү да, бири-бирибизди жайыбызга коелу?

– Зарина, – деди Азык ага макул эместей үн катып.– Бул сенин акыркы сөзүң эмес го деп ойлойм. Балким дагы ойлонуп көрөрсүң? – Жол бошото берип ушинтти жигит.

– Эч качан! – деди кыз. – Сиз жөнүндө ойлонууга менин убактым да жок, капа болбоңуз!

Азык эсине бир нерсе түшө калгандай, кайра обдула карап, машинанын эшигин жаптырбай буту менен тирей калды:

– Айтмакчы, Канаттын жүрөгү оорулуу экенин билет чыгарсың? Анын канча жашарын ким билет, ыраспы?! Же сага «жамандын жары болгуча, жакшынын жесири бол» деген оңбу?!

– Наадан! – Кыздын эми элеки бир аз жумшара түшкөн жүрөгү кайра эле таштай катып, түйүлө түштү:

– Кандай бечара жансың?! – деди анан тигини жек көрө да, аягандай бүшүркөй да карап. – Кандай тайыз, бактысыз жаралгансың?!

Жигитке ал сөздөр канчалык деңгээлде таасир этти, а балким аны түшүнгөн деле жок бекен, эмнеси болсо да тек гана мыйыгынан мыскылдуу жылмайып:

– Кимдин ким экенин али көрө жатарбыз, сулуу кыз! – деди узата карап. Эмнегедир,Зарина кеткенден кийин анын эми элеки күлүмсүрөгөн жүзү сурданып, жаак эттери түйүлө калды.

* * *

Түн ортосунда Канатты телефондун үстөккө-босток безилдегени ойготту.

– Угуп атам, – деди Канат уйку-соонун ортосунда.

– Алло, Канатсыңбы? Кандай жубарымбек?! – деди кимдир бирөө.

Канат саатты карады. Түнкү экиден отуз беш мүнөт өтүптүр.

– Ким бул?! – деди бейтааныш опузадан көзү умачтай ачыла түшкөн бала.

– Эмне, жүрөгүң түшүп кеттиби, бок жүрөк?! – тигил ынтыга, кекээрлей сүйлөдү. – Айтмакчы, бу сенин кайсы каадалуу жүрөгүң бар эле, ыя?! Ха-ха-ха!..

– Алло, ким бул?!

– Сен мага жакпай жүрөсүң балакай! – деди тигил күлгөнүн токтото коюп. – А бирок сен Пайгамбар да, Кудай дагы эмессиң да, ыраспы?!

– Кимсиң сен?!

– Ики, ики! Тим эле ти-кини кара! Эмне чочоңдойсуң?! Менин ким экенимди билгиң келсе, билесиң жакында!

Байланыш үзүлүп, телефон «тутулдап» калды: «Ту-ут! Ту-ут!..»

«Кызык, ким бул?..» Андан кийин кайдагы уйку? Бирок табышмагынын жообу көпкө чейин табылган жок. Бир убакта эсине Заринанын «аталаш агасы» түшүп кетти. «Ошол!» – деди ичинде. Жана ага каяша кылып, катуу айтпаганына кубанып кетти. «Канткен менен Заринкамдын агасы да, – деди оюнда. – Анын үстүн? ичип алган окшобойбу...»

Ошондон кийин гана санаасы тына, көзү илинип кетти.

– Түндө мага сенин «аталаш агаң» телефон чалды, – деди эртең менен университетке бараткан жолдо Заринага чалып. Адегенде Зарина:

– Ким?! – деп алып анан өзү ойлоп тапкан «аталаш агасын» эстей коюп, жүрөгү опкоолжуп кетти:

– Анан?!

– Анан ошол. «Мага жакпай жүрөсүң, жүрөгү жок! Жолугабыз...» деген сөздөрдү айтты. Сыягы, ага менин жүрөгүм жакпайт окшобойбу... Канткен менен сен үчүн кабатыр болот го, агаң эмеспи.

– Наадан десе! – деди кыз ачууланып, – Кыйындыгын карасаң. Канат, мен сенден суранам, сотканды алмаштырчы? Ага чейин өчүрүп эле таштасаң, Канат? Сүйлөшпөчү экинчи аны менен!

– Мен бир нерсеге такыр түшүнө албай атам, Зайка. – Канат чын оюн айтты. – Андан эмнеге анчалык коркосуң? Эгер мен ага азыр эле барып жолуга кетсемчи?

– Жок, жок, Канат! Ага жолугуунун анчалык деле кажети жок. Эң негизгиси экөөбүздүн тилегибиз, дилибиз бир эмеспи.

– Ошентсе деле...

Акыры чындыкты айтуу керек экендигин түшүнгөн кыз:

– Канат, анда кечинде жолугалычы. Мен сага ал тууралуу баарын айтып берем, – деди.

* * *

Экинчи дарста эшик такылдап, сыртка баш баккан лектор:

– Канат Дайырович, эшикке чыгып келиңизчи! – деди беймаал келип сөзүн бөлгөндөргө да, Канатка да наармазы болгондой кабагын чытып.

Аны коридордо бейтааныш экөө күтүп туруптур. Бири лөкүйгөн кара жигит. Экинчиси ага карама-каршы – эжигейдей сары, чилбийген арык неме экен. Адегенде адеп сактап:

– Салоом алейкум! – деди Канат кол узатып. Бирок тигилер алик алган жок. Кичинеси колун сунуп келатып, жанындагынын кекирейип, чыйрыйган кебетесин бир карап алып, колун кайра тартып ала койду. «Заринанын агасы болсо керек», – деп ойлоду Канат өзүн бутунун учунан төбөсүнө чейин сыдыра тиктеген жигитти. Канчалык ичинде тигини жактырбай атканы менен өзүн сабырдуураак кармап, токтоо болууга аркеттенип:

– Эмне айтайын дедиңиз эле, кулагым сизде? – деди.

«Мунун огеле маданияттуу, сыпайлыгын көр! – деди оюнда тиги. – Балким, Заринага бул ошонусу менен жагаттыр? Болбосо, башкалардан анчалык деле артыкчылыгы жок го?»

Анткен менен «Жакшы сөз жыланды ийнине киргизет» болуп, эмнегедир мизи саал кайтарыла түштү. Эми элеки тилинин учунда турган сөздөрү оозунан чубуруп, агып түшүп калгансып, ортону канчага жымжырттык уялай калды.

– Менин атым – Азык. Балким Зарина айткандыр? – деди бейтааныш жигит бир убакта.

– Айткан, – деди Канат. Лөкүйгөн жигит Канатка ансайын таң кала карады: «Бу мадыра баш эмне мынча сабырдуу?! Же мени теңине албай турабы, же таянган тоосу барбы? Коркоктук кылып атат дейин десем, жалтанбай тике тиктегенин көр!..»

– Түндө сиз чалдыңызбы?!

Канат анын ошол экенин үнүнөн таанып турса да сөз учугун улагысы келип сурап койду.

– А эмне, корктуңбу?! – түндөгүсүн кайра да кайталады тиги. – Түшүнсө болот, анткени жүрөгүң начар эмеспи, балакай! Айтмакчы, ал бечарага ашыкча жүктүн, маселен махабаттын эмне кереги бар эле дейм да?!

Аны кубаттагысы келдиби, беркиэжигей-сары жагымсыз кыткылыктап күлүп ийип, «шефи» күлбөгөн үчүн го, отко суу куйгандай кайра эле бат жалп деп өчүп, томсоруп туруп калды.

Канат аларды тоготпогондой, айтпаганы менен жандилинде мыскылдап, аягандай түр менен болор-болбос жылмайып, бийиктиктен карап турду. Ошону сезип, Азыктын ого

бетер ичи бышып, бет алдындагы бой-келбети келишкен, керилген кербез уландын алдында өзүн бечера сезип кетти...

Заринага жолукканы анын кыял-жоругу кыйла өзгөргөн. Ошол кыздын табитин тапкысы, жаккысы келип, анын деңгээлине теңелем деп аябай эле аракеттенип айтканы бу. «Болбосо!.. Баягыдай болгондобу!..– деди оюнда. – Сени менен эсептешип, эзилишип турбайт элем, мадыра баш!»

Кете турган болуп обдулган Канат:

– Мен эми кире берсем болобу?– деди кантсе да болочок «кайнагам» эмеспи дегендей жол сурап.

Азык сыртында билгизбегени менен ичинде кагаздай ушаланып, эмнегедир мусаапыр кейпин кийе түштү да:

– Деги, сага эмне керек?! – деди түшүнүксүз.

– Магабы?! – деди Канат. – Мага сизден эч нерсенин кереги жок!

– Бери кара?! – деди Азык эрөөлдө утулуп калып: «Кепке келели?!» – деген оюнчудай Канатты каруудан кармап токтоо, жоош, үн катып:

– Сенде баары бар, туурабы?! Жаштык, келбет, өң! Сен бир эмес, эки үйдүн эрке, жалгыз баласысың! Сенин балалыгың барчылыкта, бактылуу өттү! Сен мага окшоп кенедей кезинде эле эне-атасы арак ичип, таштап кеткен таалайсыз эмессиң! Менин балалыгым ар кимдин колунда, а кийин ар кандай жагымсыз жагдайларда калды! Мен керек болсо сендей кезде билесиңби, кайда отурганымды?!. Кара курсактын камы үчүн ууру кылгам, киши тоногом! «Карышкырлардын уюгуна» киргем! А бирок мен аял мээрими, сүйүүсү эмне экенин билбедим! Андай нерсе өзүмдө да болбоду! Мен кыздарды, аялдарды каалагандай сатып алып пайдаландым! Азыр да акчага денесин саткандар менин алдымда мышыктай мыёолошот! А бирок, ишенесиңби, кайсы бир күндөн тартып, менин жандүйнөмдө бир кызык окуя, жаңылык болду... Менимче, мен аялзатынан кандайдыр бир башкача нерсени туйгансыдым. Мен сүйдүм окшойм! Бирок!..

Канат бир чети кызыга түшүп, бир чети: «Булардын мага кандай тиешеси бар?» – деп ойлоп турганда танапис болуп, заматтын ортосунда коридордо студенттер жайнап кетти. Группалаштары аны акмалап, атүгүл аз-аз эле арытада күтүп туруп калышты.

– Болуптур, байкеси! – деген Канат «кайнагасынын» жанында андан ары турууга чамасы жок экенин билдирип, кечирим сурагандай ийнин куушуруп койду да, ал жерден бат эле узап, көпчүлүккө аралашып кирип кетти.

* * *

Клара-апа иштен кийин кызыныкына кайрылды. Наташа ашканада манты түйүп, Зарина болсо сууга түшүп атыптыр.

– Кандай жатасыңар?– деди эне бөлмөлөрдү бир сыйра кыдырып карап чыккан соң.

– Жакшы эле, Клара Досматовна, – деди үй кызматчысы. – Жашап атабыз...

– Мантынын устасы болгонсуң го? – деди эне орус кыздын төрсөйтүп түйүп аткан мантысын мактап.

Наташа:

– Заринанын мектеби да, – деди күлүп.

Аңгыча Заринанын телефону «ырдап», сотканы Клара-апа алды. Анын добушун тааный койгон жигит азга мукактана калып:

– Алло... Саламатсызбы? – деди.

– Саламат. Кандай Канат? Окууларың жакшыбы? – деди эне.

– Эң жакшы, эже, – деген Канат адатынча жаркылдады.

– Эже, биздин сүйүктүү, кереметтүү Зайкабыз үйдө бекен?

Эне күлдү:

– Ал азыр ваннада, Канат. Аздан кийин чаласың го.

– Мейли, – деп алып кайра:

– Алло, алло? – деди Канат бир нерсе айтуучудай шашып.

– Айта гой?

– Азык байке менен сүйлөшсөм болобу?

– Ким менен?!

– Азык байкечи? Алиги, Зайкалар менен жашаган?

– Зайкалар менен жашаган?!. Мен сени түшүнбөй атат окшойм, Канат? Зайкалар менен ким жашайт экен? Эч ким жашабайт.

– Аталаш агасычы? Айылдан келди дебеди беле Зайка. Азык байкечи?

Клара-апа Наташага карады. Ал көздөрүн алайтып, оңтойсуздана түштү. Кандайдыр бир маанилүү же адаттан тыш бир нерсе болгондо анын ошентип калмайы боло турган.

– Канат, анда азыраак коё туруп чаласың го? – деди эне. – Андайды билбейт, таанбайт экемин. Мен кыздардан сурайынчы.

– Мейли...

А бирок Канат андан ары чалбады. Тескерисинче өзүнүн тефонун өчүрүп таштап: «Агам деди эле го? Анда, ал ким?! Зайка мени эмнеге алдады? Бул жерде бир сырдын түйүнү бардай!» – деди оюнда.

– Наташа, Азык деген ким? – деди эне да Канат менен сүйлөшкөндөн кийин.

Бул убакта Зарина да суудан чыга келди.

– Ой, апакем?! – деди кубанып, – куш келипсиз!

Эне-бала жүз көрүшүп, учурашкандан кийин:

– Кызым, Канат каяктагы «агаң» жөнүндө айтып атат? Түшүнбөдүм, үйгө ким келди эле? Кимди жашатып атасыңар? Азыгың ким?! – деди.

Кыздар бири-бирин караштьы.

– А сиз... ага эмне дедиңиз? – деди Зарина кайра өзүнө суроо берип.

– Эмне демек элем, андайды эч билбейм, бул жерде андай жашабайт дедим.

– И-ий, – деди кыз, – Бүттү баары!..

Эне аңкая карады:

– Эмне бүттү?!

Заринадан болгон окуяны угуп отуруп:

– Кызым, башынан эле чындыкты айтсаң болмок экен, – деди эне. – Эми деле кеч эмес го, бирок жөп-жөнөкөй нерсени өтө чийелештирип ийген турбайсыңбы!

* * *

Айткандай эле, Канат коюу тумандын ичинде калды. Канчалык сыр түйүнүн чечмелеп, эмне болуп атканын түшүнүүгө аракеттенгени менен баары бир акылы айран. «Бул эмне? Өңүмбү же түшүмбү? Зарина – Заринабы же башкабы? Жок, ал абалкы Зарина эместей! Анда ким?! Ал алдабайт эле!.. Клара эже кантип калп айтсын?. Анда... мен түш көрүп атамбы? А тигил ким? Ал каяктан пайда болду? Кайда эле, башта?!. А баса ал жана Зарина жөнүндө айткан го?!. А балким, чын эле ал күнөөлүү эместир? Ал да мендей... чындап эле Заринаны сүйүп, а Зарина ал экөөбүздү тең эки канаттай тең күүлөп, тең сүйүп, тең алдап жүргөнбү? О, жок! Жок! Ишенбейм! Жалган! Анчалык эки жүздүүлүктү Зарина көтөрө алмак эмес! ... Ким билет, а чын эле көтөргөнү ушудур?!. Эки сүйүүдөн чарчап, акыры канаты талып, сүйүүлөрдүн сапары карыдыбы? Билбейм, билбейм!»..

Бир убакта экинчи бир сезими аны түрткүлөдү: «А сен Азыктын өзүнө чалбайсыңбы?!» «Ырас эле!..»

Заринага таарынып, атайылап өчүрүп таштаган чөнтөк телефондун кнопкаларын баскылап отуруп, түндө чалган абонентти тапты. Саатты карады. Кечээки ошол маал экен.

«Эмнеси бар экен?– деди оюнда. – Ал деле ушул маалда чалбады беле. Анын үстүнө, айбыккандай ал ким эле мага?!» Жана күндүз ага адеп көрсөтүп, сыпайычылык кылганына арданды. «Мени коркок дедиң го, ээ? Эми жолук, эр болсоң!» – деди оюнда.

– Алло?! – деди Канат ызалуу.

– Ким бул?!

– Канат!!!

– Эмне керек?!

– А сага эмне керек?!

Тигил Канаттан мындай кыял менен курчтукту күтпөсө керек, саал буйдала түшүп анан:

– Эдиреңдеп калгансың го, бала! Сага мине болгон, я?! Эркек болсоң мында келбейсиңби, эрмектешели?! – деди.

Ары жактан алагүү өңдүү аял-эркектердин үндөрү угулуп атты.

– Каяктасың?! – деди Канат. Анын өктөм сураганы тигиге атүгүл жага да түштү:

– Эрсиң го, балакай! Келсең мында кыздар да бар. Кааласаң гарем жасап берем. Бирок, мага сенден эмне керек экенин билесиң да?!.

– А сен Заринаны кайдан билесиң?!

Тигил күлдү:

– Ал сага айткан жок беле, макоо?!

– Эмнени?!

– Экөөбүздүн эски тааныш экенибизди?!!

– ?!. – Канат унчукпай калды.

– Аны мен эмес, менин жигиттерим да тааныйт! – деп анан ары жактагы ким бирөөнө сүйлөдү:

– Ыраспы, Шерип?! Мына ушундай, дос! – деди анан Канатка, – А сен сулууларга сугалак окшойсуң го?! Аркы-беркисин аңдабай эле адыраңдап, алданып жүрө берген?! Антпеш керек, балакай! Антпеш керек! Аялзатынын амалы көп болот!..

Андан ары да көп эле бирдемелерди айтып аткансыды Азык. А бирок Канат аларды уккан жок. Колунан телефону ыргып шалдая түштү.

Уулунун маанайы пас экенин көрүп, Канаттын бөлмөсүн улам келип тыңшап, анын ким бирөө менен телефондон кобурашып атканынан улам санаасы тына, жаңы эле көзү илинип кеткен Шааркүл апа дабыштан чочуп турду. Ошондон кийин бат эле үйдөгүлөр дүрбөп, көз ачып-жумгуча «тез жардам» да жетип келди...

* * *

Зарина таң эрте телефон чалды. Канаттын соткасы деле иштей элек экен. Сабакта отуруп да эки-үч ирээт чалды. Жок. «Таарынды, – деди ичинде кыз. – Каяктагы бир ээнбаш, тарбиясыз акмак неме үчүн!.. Касканактай болуп каяктан да кабыла калды эле?!»

– Апаке, Канат менен эч кабарлаша албай атам, – деди сабактан кийин апасына чалып. – Эмнегедир эле жүрөгүм опкоолжуйт, ооруп калса кантем, апаке?!

– Кудайым сактасын, кызым! – деди эне. – Убайым жей берип, өзүң да куурадың балам. Ушундай кантип болсун?! Кичине арыдан бери эле болгон жакшы эмеспи?!

– Апа, эмне кыл дейсиз? Бирдеме деңизчи?..

Эненин өзү үчүн куурап, убайым чеккенин билбей, кайра эле Канатты айтып, кайталайт кыз.

– Соткасы албаса, үйүнө чалып көрбөйсүңбү? – деди, акыры айласы кеткенде эне.

Трубканы Канаттын агасы алды окшойт:

– Ал азыр сүйлөшө албайт. Уктап атат, – деди ал. «Уктап атат!..» Кыздын жүрөгү «болк!» этти. «Канат эч качан беймаал уктабайт эле!» Эмнегедир эле санаасы тынчыбай, капкайдагы бир башаламан ойлор келип туруп алды. «Барайынчы!» – деди акыры.

Ал кирип келгенде Канат жаңы эле ойгонуптур. Эмнегедир, Заринаны көрүп эле таарынгандай башын буруп кетти. Канчалык карагысы келип атса да, ошентти. Эми эмелеки аны көргүсү келип, жаңы эле ооруп, дарыдан кийин оңоло түшкөн жүрөгү ага Заринанын айыпсыз аруу экенин айтып аткан болчу.

– Канат? – деди Зарина керебеттин жанына чөгөлөй отуруп. – Канатик?!.

Эреркеп, эркелегиси келгенин жашыргысы келгендей Канат көздөрүн жумду.

Кыздын карегиндеги мөлтүлдөгөн ысык жаш салаалап жүзүн жууп атты.

– Канатик? – деди ал шыбырап, ыйлап атып. – Мени кечир, Канат? Кечирчи, жаным? Эгерде сен мени кечирбесең, анда мен да өзүмдү эч качан кечирбейм. Эч качан!

Заринанын кечирим сураганы Канатты кайра муздатты: «Демек, баардыгы чын экен да?! Андай болсо, мен эми эч качан, эч качан сени кайра сүйө албайм!» – деди оюнда.

– Канат, – деди кыз. – Сен мени угуп атасыңбы?

Канат Заринанын кетип калышын каалагандай калп эле укпаган, уктаган адамга окшоду.

– Уктай гой, жаным, – деди кыз анын жүзүнөн сүйүп. – Сен ойгонгондо, буюрса баарын-баарын айтып берем... Анан, сени экинчи эч качан, эч качан таарынтпайм жаным. Эгер кааласаң, бүгүн үйлөнөлү десең да макулмун. Сен эмне десең баарына – баарына даярмын, берекем. Болгону эле, оорубачы? Мен сенден суранам. Канат? Бизди азапка салбачы?! Сени сүйгөн адамдарың сенсиз кантет, Канат? Таятаңды, таянеңди, ата-энеңди, мени аячы, алтыным?

Ушинтип кобурап, Канаттын жаздыгынын бир учуна башын жөлөдү кыз:

– Билесиңби, Канат, Кудай буюрса, ушул жаздыкка жакында экөөбүз башыбызды коюп, ушул керебетке экөөбүз жатабыз. А бул төшөктү экөөбүз жамынабыз...

Төшөктү аздектей, аяр сылагылады кыз.

Эмнегедир Канаттын күлкүсү келип кетти. Бирок, дагы эле кууланып, уктамыш болуп жата берди. Жанагы Азык деген жигит тууралуу эмне айтар экен деп, чындыкты анын өз оозунан уккусу келди.

Айткандай эле, ойго батып, тунжурай түшкөн кыз жигиттин колун эриндерине тийгизип, өпкүлөдү да:

– Билесиңби, жаным,– деди. – Алиги неме менин эч кандай агам эмес. Мен сени алдагам, жаным. Ал үчүн мени кечир?.. Деги эле ал мага эч ким эмес! Бул окуя... мындан эки жыл мурун болгон...

Зарина ошонун баарын көз алдынан чубатып, үн чыгара ойлоп, эстеп атты:

– Убагында, сага аны айтпайын дегем. Жүрөгүңдү оорутуп алгандан коркком... Анын үстүнө, сөз кылууга ал арзыбаган тема эле да! А бирок, эми анын минтип кесепети тийип, карабайсыңбы!.. Кечирчи мени, Канат? Сенин жүрөгүңдү оорутуп, азапка салганымды кечирчи?

Кыздын ымандай сыры, көздөн аккан жашы, жагымдуу жыты, илеби!..

Канат акыры чыдабай кетти. Жүрөгү аны алдабаптыр. «Эх, менин жүрөгүм! – деди оюнда. – Оорулуу болгонуң менен кандай гана сезгич, көрөгөчсүң?! Бу саам дагы мен жеңилдим сага! Сен мени алдабапсың! Көрсө, чын эле менин Зайкам керемет тура! Кандай кызды сүйгөнсүң деги өзүң?!»

Канаттын жүзү нурданып, эмнегедир түшүндө күлүп аткандай тамылжый түшкөнүн көргөн кыз:

– Канат?! – деди кубанып. Канаты көздөрүн ачып, Зайкасына кучак жайды:

– Закулям, менин!

– Жинди! – деди Канаттын көкүрөгүнө башын коюп, кубангандан көздөрүнө жаш тегеренген кыз. – Жүрөгүмдү түшүрбөдүңбү!..

* * *

Бу жолу Дайыр менен Гүлнара өздөрүнчө акылдашып, Сооронбай ата, Шааркүл апа менен кеңешип, тоо койнунда таза абада эс алсын дешип Канатка «Жылуу Булакка» дем алуу үйүн сунуш кылышты. Адегенде Канат ага анчалык муюбады. «О-уу, бир жума бою эки тоонун ортосунда жалгыз!..» Ушинтип ойлогон уландын оюнда, анын үстүнө алиги Азык да бар болчу.

– Барып, эс алып келгиле, – деди анын оюн окугандай атасы. – Заринанын да ата-энесинен сурап көрөлү. Сен да айт. Тоо койнунда жаратылыш азыр жакшы. Нөшөрлөп төккөн жамгыр, дабыраган мөндүр, себелеген ак кар!... А бирок, ар убак жылуу булак жылжып агып, андан көлмө жасап коюшкан. Укмуш!

Заринаны укканда Канат көңүлдөнө түштү. «Чын эле Зайка тоону сүйөт эмеспи»...

Ата-энелер телефон аркылуу сүйлөшүп, кыздын ата-энесин ынандырышты. Аны укканда Зарина кошулуп, Канат тараптагылардын кубанычы тоодой болду.

– Баары жакшы болот. Балдарга өз-өзүнчө бөлмө алып берип, өзүм да тамак-аштан өксүтпөй күн сайын барып, көз салып турам, – деди Дайыр Жеңиш менен сүйлөшүп.

– Кларочка, Закуляны жиберип койчу. Канат ансыз бара турган эмес, – деди Гүлнара.

Кыздын ата-энеси ары кетип, бери кетип атып акыры: «Ата-энелери антип атса, анын үстүнө балдар да ак эткенден так этип, ээленип алышыптыр», – деп макул болушту.

Тоо койнунан орун алган эс алуу үйү эки жашка абдан жакты. Дайыр аларды жайгаштырып коюп, түш оой шаарга түшүп кетти. Ошондо эле кошо чыккан кыз-жигит тээ бир далайга чейин сейил куруп, табиятка сонуркап көпкө жүрүштү.

– Чын эле тоолор түнкүсүн коркунучтуу экен, – деди Зарина күркүрөп-шаркыраган суунун дабышын тыңшап. Канат аны койнуна ороп, күрмөсүнүн ичине катып алды:

– Коркуп атасыңбы?

– Ики! – деп башын чайкаган кыз: – Канат? – деди бир нерсени эстей калган окшоп.

– Ов?

– Баягы-ы... баягы карышкыр каякка кеткен?

– Кайсыл?! – деп алып анан Канат каткырып күлүп ийди, – Ошону унута элексиңби? Сыягы, ашыгы айдан түшүп келген окшобойбу, бечеранын...

Өздөрү ойлоп тапкан жомокко өздөрү кайра ишенип, тээ карышкыр отуруп, айды карап алып ыйлачу бийик-бийик чокулар тарапка жылмая караштЫ.

– Адамды жаратканда, сөзсүз анын сүйүүсүн жүрөгүнө жазып туруп, кошо берет дейт, – деди Канат. – Кийин ошол жүрөгүндөгү адамды издеп, тапмайынча ал жалгызсырай берет имиш. Ошентип жүрүп канча өмүрү, канча жылы башка эле бир адамдар менен, бактысыз өтө берет окшойт... Кээси издеген адамына өтө кийин, кеч кезигип, өкүттө өтөт экен. Кээде адам ошого да каниет дейт тура, минтип:

Мен издеген, мени издеген адамым,
Сенсиз күндүн бар бактысын танамын!
Бул өмүрдөн өткүчөктү акыр бир,
Бар экениң билиш үчүн табамын!..

– Кандай арман! – деди Зарина чын жүрөгүнөн кейип. – Дагы айтчы, Канат?

– Эмнени уккуң келет, жаным?

– Мага сенин адам, жашоо, сүйүү жөнүндө айткандарың жагат. – деген Зарина жанагы теманы кайра улай ушинтип сурады: – А эгерде алар кеч болсо да бардыгына кайыл

болуп, көздү жумуп туруп жетелешип алып, аларды эч ким билбеген, көрбөгөн жактарга кайып болуп кетишсечи?

– Андай мүмкүнчүлүк дайыма эле, баарында эле боло бербейт да, жаным. Алардын колу-бутун байлап, жеке бакыттан баш тартууга аргасыз кылган башка да себептер болот. Маселен, чырмалышкан тагдыр, үй-бүлө, балдар... Муну уксаң:

«Сен экөөбүз батыш менен чыгыштай,
Ортобузда Күн бар үчүн кыйышпай,
Эки башка, коошпогон дүйнөбүз,
Өзүбүзгө өз-өзүнчө ыйыктай...

Бирибиз – күн, бирибиз – түн окшойбуз,
Чоочуркайбыз, демибизди кошпойбуз.
Жакын туруп, маңдай-тескей бар туруп,
Алыс бойдон кала берет окшойбуз!..»

– А биз кандай бактылуубуз? – деди Зарина.

Тоо койнунда жашоо кызык! Эми элеки эркелеп, этек-жеңди экилене делпилдетип, желе-жорто ойногон сыдырым жел акырындап дырылдап ырылдаган ышкырыкчан шамалга айланды да, азыркы эле ачык асман заматта түнөрүп, себелеп жамгыр жаап келди.

– Үшүдүм, – деди кыз чыйрыккандай.

– Үйгө кирелиби?

– А мен сизди чайга чакырам, – деди Зарина экөө бөлүнөөрдө өзүнүн босогосунда туруп. –Бул сунушум сизге жагабы, мырза?

Ансыз деле бөлүнө албай араң турган жигит сүйүнүп кетти:

– О, бийкеч! Жакканда да кандай жагат! Сиздин мына бул аппак, жумшак, назик колдоруңуздан куюлган чай мени канчага чейин жылытаарын эгерде сиз билген болсоңуз!..

Кыз уландын ушундай тамашакөй, куудул мүнөзүн өзгөчө жактырат. Тим эле жыргап күлүп, ашыгынын мойнуна оролуп, кучактап жүзүнөн сүйдү:

– Кереметим, менин!

Канат анын бир тутам белинен имере кучактап, эми эле жаңы көргөндөй кайра-кайра көздөрүнөн, алкымынан аймалап, ыпысык эриндеринен өпкүлөдү. Бакытка башкача бир денеси балкып, башы айлана түшкөн кыз алда неден сестене түшүп:

– Канат?! – деди шыбырап.

– Ов?

– Жүрү, чай ичели...

Өзгөчө бир ырахаттуу, табышмактуу да кызык сезим бүт дүйнөсүн титиретип, ушул мүнөт, ушу ирмемдин эч качан бүтпөшүн тилеген жигит Заринанын эмнеге анткенин түшүндү:

– Зайка, – деди кызды такыр кучагынан чыгаргысы келбей, айдарым желге дирилдеген жалбырактын добушундай үн менен, – Зай?.. Жаным, менин! Экөөбүз эмнени күтүп жүрөбүз? Кел, бүгүн биз биротоло бөлүнгүс болуп, бири-бирибизге жандилибизди эле эмес... өзүбүздү да кошобуз?

– ?..

«Эмне экен? – деди кыздын бир ою. – Анын эмнеси бар экен? Ансыз деле акыры биз бир бүтүнгө айланып, өмүр бою биргебиз го?..» «Жок, жок. Зарина! Сен апаңдын айткандарын эсиңден чыгарбагын да! – деди дагы бир акыл-туюму, – Ал эмне дечү эле?! Эмне деп убада кылып келдиңер эле?!».

«Селт» дей түштү кыз:

– Болбойт, Канат! Убадага турушубуз керек! Ишенимди алдабайлы да?

– А биз аларга айтпайбыз, эч ким билбейт!.. – кумарлуу шыбырады улан.

– Аларды алдаганыбыз менен, өзүбүздү алдай албайбыз, Канат!

Канат кызды кучагынан бошотуп, шаабайы сууй түштү:

– Деги бизди биротоло бириктирчү күн болор бекен?!

– Болот, берекем! Сөзсүз болот! – кыз жапакечтене Канаттын ууртунан өөп койду. – Билесиңби, жаным, мен сенин ак көшөгөңө ата-бабадан калган салт менен, аруу киргим келет.

– А сен бая күнү эле эмне дегениң эсиңдеби?

– Качан?

– Бая күнүчү, биздин үйдөн? Мен уктап атканда?

– Эмне дедим эле?

– «Эмне десең баарына макулмун... Экөөбүз бир жаздыкты жазданып, биртөшөктү жамынабыз...» дегениңчи?

Зарина көздөрүн алайтты:

– А сен... анда уктап атпадың беле?!

Канат кыздан качып, каткырып күлүп ийди:

– Ооба, бирок, калп уктап аткам!

– Ойгоо белең?!

– Ооба да!

– Токто, анда! Сени элеби, шашпа!

Кубалашкан жаштар ойноп, качан гана чарчап сүй жыгылганда чайга отурушту.

Бирине-бири окшобогон романтикалуу, оюн-күлкү, кубанычка жык толгон кызык күндөр өтүп атты.

Ар бир күнү эртең менен эрте, Зарина адатынча ак таң менен кошо ойгонот да, Канаттын каалгасын кагат. Канат ачпай, азыраак эле кечиге калса жүрөгү дүкүлдөп, эмнегедир оюна алда нелер келе калат да корконунан ыйлагысы келип, ызага муунуп кетет:

– Жаным! – дейт бир убакта уйкусу канбай көздөрүн ушалап, чачтары уйгу-туйгу уйпаланып, махро-халатын чала-була үстүнө иле коюп эшикти ачкан жигитти мойнунан кучактап:

– Ушунча да уйкучу болосуңбу?!

Ашыгын аймалап өөп, бир топко чейин кучактап турган улан:

– Кел, «экөөбүз бир жаздык жазданып, бир керебетке сыйып, бир төшөк жамынабыз?» – дейт ашыгынын баягы сөзүн эске сала, тамаша-чындан.

– Али эрте! – дейт кыз канчалык жалын болуп, жандилинде өзү дагы ашыгынын кучагына куштарлана калып атса да өзүн андан коомайлантып.

– Эх-х! – дейт жигит улутунуп. – Ошол күн качан келет десең?!

Таарынгандай, төшөгүнө «култ» деп кирип кетип, чүмкөнүп алат.

– Туруңуз, мырза! Өзөгүңүз карайды го? – деген Зарина бир оокумда анын төшөгүнөн тарткылап, таманынан кытыгылайт.

* * *

Эки жашты мында апкелип, жайгаштырып кеткенден бери бу жолдор менен Дайыр күндө бир маал тоо тарапка каттайт. Балдарга тамак ташып, экөөнүн ал-акыбалынан кабар алып кайтат да, ар бир жолу Клара Досматовнага телефон чалып:

– Клара, балдардан бир да кабатыр болбоңуз. Жакшы эс алып атышат. Жаңы эле ошол жактан келдим, – дейт.

Дайырдын көңүлү алда неге токпейил. Кудай буюрса, Зарина жакшы бүлө болчудай. Ар бир жолу аны көргөн сайын атанын ичи жылып, ыйбаалуу кызга ыраазы болот: «Энесин көрүп кызын ал» демекчи, апасы жакшы адам окшобойбу...» – дейт оюнда болочок кудагыйы менен телефон аркылуу гана сүйлөшүп, өзүн али көрө элек болсо да кызынын кыял-жоругу, тарбиясынан улам баамдап.

Тоо койнунда кечээ эле көнөктөп жамгыр төгүп атты эле, бүгүн кыламык кар жаап, боз түшүп туруптур. «Балдар үшүгөн жок болду бекен? – деди жолдо санааркап. – Суукка урунуп алышпаса экен...»

Демейдегидей эле шыдыр кирип бара албай, уулунун эшигинин алдында саамга буйдала калды. Канат менен Зарина сыягы үйдө окшойт. Ичтен жагымдуу музыка, ыр угулуп атыптыр. Атанын эшик черткенин балдары укпай калышты. Жооп болбогон соң ичкери баш баккан ата:

– Кандайсыңар, тоолуктар?! – деди. Китеп окуп отурган Зарина:

– Ой! Келиңиз? – деп ордунан элпек ыргып тура калды. – Саламатсызбы?

– Саламат, Заринка. Кандай эс алып атасыңар?

– Жакшы, – деди Зарина иймене унчугуп.

Музыка угуп жаткан Канат да тура калып, атасын утурлай басты:

– Салоому алейкум!

– Алеки салам!

Алып келген азык-түлүгүн Заринага карматып атып:

– Бу силер эмне, аба менен азыктанып атасыңарбы? – дейт ата. – Деги эле тамак-ашыңардын чекеси оюлбайт?

– Албетте, жалгыз эле мен тамак жеп атсам! – дейт Канат. – Зарина болсо тамакты кенедейден эле, чымчылап жейт экен.

– Ал эмнең? – дейт ата Заринага. Кыз үлбүрөп, унчукпайт.

Анын аппак, кичинекей сулуу манжалары эң эле элпек, эптүү да экен.

Болочок келин баласынын кыймылына бир эле назар түшүп өткөн атанын көз кырына ушу илинди. Анын бир паста эле тыпылдатып туурай койгон быштагы менен салаттары көп өтпөй эле дастаркондун ажарын ачып, ортого келди.

Аңгыча, жаңы эле оозуна бурдап пирожный сугунуп алган Канатка атасы шашкалактап:

– Канат! Мен аны Заринкага алып келгемин! – деп ийди. Оозун толтуруп сугунуп алган уулу адегенде жегенин токтото калып, эмнегедир анан күлкүсү келип кетти. Заринага акырын көз ымдап коюп:

– Карап кой, кызын менден да жакшы көрүп, тамактын таттуусун апкелген тура! – деп ого бетер тигини бурдап сугунат. Андайда Заринанын күлкүсү белен да, эки ийнин бүлкүлдөтүп күлүп атат.

– Бер, Заринага да! – дейт атасы.

– Ики! – башын чайкайт уулу. – Бербейм!

– Бул кызык бала го?! – дейт анда чындап эле атасы. Качан гана колундагысы түгөнгөндө Канат:

– Ата, баары бир Зарина аны мага бермек! – дейт.

Кайра кайтып кетип баратып, жолду катар алардын ар кыл жоругун ойлогон Дайыр өзүнчө эле жыргап күлүп келатты.

*** * ***

«Баарын билем, жалгыз гана өлөөрүмдү билбейм» -дечү менин чоң энем. Анын сыңарындай, адам баласы алдыда аны эмне күтөөрүн билбей, ак таңдарга умтулуп, жакшылыкка ишеним, үмүт менен өмүр улайт.

Анын сыңарындай, Канат менен Заринанын дагы эртеңдерге сүйүүсү чексиз эле! Алардын бул жашоодон аласасы, бересеси да мол болчу. Анткен менен, алдыда алардын саналуу, аз эле өмүрү бар экенин учурунда ким билиптир, арман күн!

2002-жылдын акыркы сааттарында кыз-жигит ресторанда отурушту. Башкача бир маанай менен жаңы жылды утурлап, мында отургандардын баарынын көңүлдөрү шат. Сыбызгыган сыйкырдуу, кереметтүү музыканын ыргагында эки-экиден ыргалып, бийлегендердин арасында жашы да, карысы да бар. Аларга куштарлана, ак тилек менен караган кыз-жигит да бүгүн өзгөчө сулуу, өзгөчө жарашыктуу, көңүлдүү. Таттуу шарап, шампандан уууртап-татып, ансайын экөөнүн тең жүзү албырып, сүйүү толгон кош каректер коймолжуп, экөө бирдей бакытка мас!

Ошо учурда эң эле бир адеми, татынакай бул ашыктарга ким болбосун көз кырын салып, суктанбай кое албайт эле! Айрыкча музыканын музасында колдор аяр кармашып, акуулардай калкып учуп, Заринанын үлбүрөгөн ак көйнөгүнүн этек-жеңи желбиреп, Канат аны жеңил коштоп, тегеренип бийлеп жүргөндөрү өзүнчө эле бир көркөм тасма, жандуу картина эле! Ошондо аларды сүрөткө тартып калган бирөө-жарым болгондобу! Оо, укмуш болмок! Ошол элес сүйүшкөндөрдүн дубалында илинген ыйык сүрөткө, баа жеткис байлыкка айланмак! Атаганат десеңчи!

– Мен сени чексиз сүйөм, менин бегим! – деди бийлеп келип, жаңы эле отурганда кыз.

Ал учурда ордуларынан тура калып, эки жашты узата караган көпчүлүктүн дүркүрөтө кол чабуулары али басыла элек болчу.

– Браво-о! Жашагыла! – деп, алардын керемет бийине куштар болгондор кыйкырып атышты. Беттери албырып, жүрөктөрү туйлаган Канат менен Зарина ордуларынан туруп, элге ызаат кыла жүгүнүп, алакан чабуулар токтогондо гана кайра ордуларына отурушту.

– Биз кандай бактылуубуз, жаным, – деди Канат бокал көтөрүп. – Көрдүңбү, чоочундар да биздин сүйүүбүзгө бакыт, ак жол каалап атышат.

– Кызык,– деди Зарина шарапка эрдин тийгизип, – Алар биздин жүрөгүбүздө махабат бар экенин кантип билишти?

– Жүрөктөрү айтат да. Адамдын жүрөгүнөн сезгич, адамдын жүрөгүнөн баамчыл эч нерсе жок, жаным.

Саат жебеси туп-туура он экини какканда кыз-жигит ордуларынан туруп, эриндер эриндерди өөп, бокалдар шыңгырады:

– Ден соолугуң чың, өмүрүң узун болуп, аппак сакалың жайкалган абышка бол, кымбатым! – деди Зарина.

– Эгерде сен ошондо да кудум азыркыдай жанымда болуп, кудум азыркыңдай сүйүп, жанымда жөлөп-таяп турсаң, албетте, жүзгө деле чыга берем, Күнүм! – Күлүштү.

– Айтмакчы, бүгүн сага менин өтө баалуу белегим бар, – деди кыз бир убакта кылыктана каш кагып, – А бирок, адегенде сен анын эмне экенин табышың керек.

– Табам! – деди Канат ойлонуп. – Мм...

Көздөрүн жумду жигит. А бирок айткандарынын баарына тең эле Зарина «жок, ал эмес», «ал дагы эмес» деп башын чайкай берди. Таптакыр айласы кетип, көздөрүн жумуп алып ар кайсыны бир айткан жигитке карап кыткылыктап күлөт кыз:

– Бол, эртерээк тап! Болбосо мен аны кийинкиге калтырып коюшум ыктымал.

– Баш тамгасын айтып койчу?.. – дейт Канат жалооруп.

– Айта турган болсом, ал сенин көптөн бери каалап жүргөн белегиң, – дейт кыз ого бетер табышмактантып, – Атургай канча мезгилдерден бери таарынып, күтүп да жүрөсүң аны!

Жигиттин көздөрү жайнап кетти:

– Таптым! – деди ал. – Таптым! Демек?..

Баш ийкеди кыз:

– Демек мен сиздин сунушуңузга макулмун. Үйүңүздүн ак босогосун аттап, апаңыздын ак жоолугун салынып, көйкөлгөн көшөгөңүздүн артында көгүчкөндөй койкоюп отурганга макулмун.

– Ура-а! Ошентип, жер үстүндөгү эң акылдуу, эң сулуу бийкеч экөөбүз жакында тагдыр аттуу чынар теректин кылда учуна арзуудан ажайып, алтын уябызды курабыз да, кичинекей-кичинекей Канат менен Зариналарды жаратабыз!

Махабатка мас болгон улан менен бийкечтин шыңгыр добуш, кыткылыктаган кооз күлкүсү ансайын аларды көрккө бөлөп, бакыттан баштары айланып отурушту.

– Мен сага бир нерсе көрсөтөйүнбү?

Канат ички, төш чөнтөгүнөн кичинекей кутучаны алып чыгып, Заринага узатты.

– Бул эмне? – деди кыз.

– Ачсаң көрөсүң!..

– Ай-и-ий! – деди кутучанын ичиндеги алтын шакектерди көргөн кыз кубанып:

– Укмуш экен го, тим эле! Буларды качан алгансың, жаным?

Шакектерди алаканына салып, улам бирин айландыра караган ашыгынын колунан өөп:

– Аларды алганыма көп болду, – деди Канат, – А бирок сага көрсөтпөй, ушул күндү күтүп жүргөм.

– Султаным, менин!.. – кыздын сүйүү толгон каректери жигитти жалжылдай, жал-жал карады: – Кээде мен бир нерсеге таптакыр жооп таба албай, кыйналчу болдум. Мени ушунчалык арзытып, атургай азапка да салып, акылымдан адаштырган өзүңдө кандай сыйкыр, касиет бар болду экен? Эмне үчүн мен сени ушунчалык сүйөм? Сен эмнеге ушунчалык жакшы жаралгансың, жарыгым?..

– Мен да кээде так ошентип ойлойм. Сыягы, сен экөөбүздүн бешенебизге, жүрөгүбүзгө туулганда эле бири-биribизди жазып койсо керек Теңир. Биз бири-бирибиз бар үчүн гана өмүрдө бактылуу болушубуз мүмкүн. Болбосо, бул жашоого тапткакыр канааттанбай, карайлап жүрүп өтмөкпүзбү деп ойлойм.

– Адамдын чыныгы, сүйүү менен жашаган ар бир күнү дээрлик бир өмүргө тете дешет...

– Мүмкүн. Оо-у, анда биз бир кылымдан да ашык жашаптырбыз го! Мынчалык зор бакытка башты ийип, таазим этиш керек жаным!

– Анда, кел Канат, ушул шараптай өмүрүбүз, сүйүүбүз таттуу болсун дейбиз.

– Биздин эртеңки күндөр, сүйүү үчүн! Сен үчүн Зайка!

Экөөнүн бокалдарды «шыңк» этип, шампандан ууртап татышты да, Канат болочок жубайынын мойнуна ак алтындан чынжыр такты:

– Ушул айдын этегинде ата-энем барып, ата-энең менен кудалашып, кулагыңа сөйкө салса, аркы айдын башында баш калааны дүңгүрөтө бир чоң той берсек... кандай дейсиң жаным? Бирок, бир айды кантип күтүп, кантип гана өткөрөөр экенбиз, ээ? Январь айында баш кошконго болбойт дешет турбайбы, болбосо...

Жүрөгү алып учуп, жүзү нурданган жигит ушинтип сүйлөп отурду.

– Айтмакчы, сени таятам менен таянем айрыкча жактырып калышыптыр. «Буюрса, үйүбүзгө бүлө кирет. Башыбызга баш кошулат» деп алардын азыр кымылдап аткан кездери.

– Мага да алар абдан жакты, – деди Зарина. – Өз ата-энемдей ичим жылып, эмитен эле имериле берчү болдум.

– Айтмакчы, жүгүнгөндү билесиңби?

– Билем, – деди Зарина. – Билмек турсун мага бул салт аябай жагат. Чоң энем менен таянем айткандай, жаш келиндин жоолук салынып, улуу-кичүүдөн ыйбаа кылып, ийилип

таазим этип турганы -сулуулук имиш. Андайда аны улуу-кичүү алкап, бата беришет дешет. Ал эми бата алган келиндин көшөгөсү көгөрүп, алтын көкүл кыз-уулдарды төрөп, этегинен жалгайт экен. А мен ага ишенем. Бирок эле...

Бир нерсе эсине түшө калгандай муңая калды кыз.

– Бирок эле эмне? – жигиттин дагы жүрөгү түпөйүл боло түштү.

– Бирок, апамды аяйм! «Чыккан кыз чийден тышкары» дешет. Кыз бала эзелтен эле бөлөк үйдүн бүлөсү болуп эсептелинет эмеспи. Антсе да, мен кетсем апакемдин кабыргасы кайышып, бир капшыты эңшериле түшөт го. Ушуну ойлосом заманам куурулуп кетчү болду. Эч болбогондо бир эле сиңдим, же иничегим бар болсо эмне?!. Мен анда кайда кетсем да көңүлүм тынч, санаам ток кете берет элем.

Канат күлдү:

– Ой-ой, тим эле Венерага кетип аткансып!

– Баары бир.

– Муңайбачы, берекем. Чын эле жердин бир учунан экинчи учуна кетип аткан жоксуң да. Мурункудай эле кирип-чыгып турасың. Тескерисинче эми алар эки балалуу – мендей уулдуу болуп атышпайбы. Анан, оо-уу! Жыбыраган неберелери болот! Эгерде эригип атышса, күн алыс алпарып моюндарына мингизип коебуз. Ызылдап жата беришсин анан! Эриккенди мындай гой, сени да бат эле эстеринен чыгарып салышат.

Муну чын дилинен айтты Канат. Зарина кыткылыктап күлүп:

– Ырас эле... – деп ынанып калды. – А мен өзүмдү алардан таптакыр эле бөлүнүп кетүүчүдөй сезипмин...

– Жаным! – деген жигит кыздын колун кармалап, ичи ысыгандай сүйө тиктеди. – Кандай таттуу, кандай жакшы кызсың?! Бар дүйнөм, жандүйнөм менен берилип сүйдүм өзүңдү! Мага кудум өзүңө окшогон кө-өп кыз төрөп берсең!.. Оо-у, мен анда...

– Жок, адегенде сага окшош уулдуу болгум келет менин!

– Аны эми... акылдашып көрөбүз да! – тамашалады жигит.

– Сага жолуккан тагдырыма миң ыраазымын, – деди кыз. – Мен сенсиз кантет элем? Сенсиз менин жүрөгүм жалгызсырайт болчу.

– Билем...

Канат ордунан туруп, Заринаны бийге чакырды. Жай, мукам музыканын ыргагында кыз жигитинин мойнуна колдорун ороп, төшүнө жөлөнүп, кээде баш көтөрүп ашыгына эркелей карап коюп, Канат да аны аяр кучактап бийлеп атышты.

– Канат,– деди бир убакта кыз алда нени ойлой койгондой.

– Ов?

– Билесиңби... – Саамга кайра тунжурай калды:

– Эмнегедир, акыркы күндөрү ушуну көп ойлончу болдум... Балким бул күнөөдүр, бирок эртеби-кечпи акыры ал да адамдын башына келе турган иш дечи... Бирок...

– Айта бер, Зайка?

– Бул жашоого баары бир түркүк болчу киши жок го, кийин-кийин сапарым карып, аркы дүйнөгө сенден мурда кетип калсам, кара жердин астында сенсиз кантип жатам да, кайрылып сени көрбөс болуп, кантип айрылам? А кокус, тескерисинче сенден калсам, кантип жүрөгүм түтүп, кантип сенсиз жашоого чыдайм? Билбейм!.. Адамдар аркы дүйнөдөн жолугушат болду бекен... – деген кыз Канатка жалжылдай тигилди: – Мен сенден эч качан, атүгүл ал жактан да айрылгым келбейт, Канат!

Канат дагы тамашалады:

– Зайка, бу сен шампан урртап-татып аткансыдың эле, кызып калгансың го дейм.

– Колумдан келсе, жаныңа жаның болуп куюлуп, сенин ичиңе кирип алат элем да, жүрөгүң болуп согот элем!.. – деди анда Зарина.

Экөө бийлегенин токтотуп, туруп калышты.

– Сен ансыз деле менин жаным, жүрөгүмсүң Зарина! – деди Канат бу саам чындап. – Андай болгон соң, бул жалганда эле эмес, экөөбүз өлгөндө да биргебиз. Ошон үчүн эмитен эле капкайдагы нерселерди ойлоп алып, кичинеке-ей, кичинекей, мына бул эт жүрөгүңдүн тынчын алып, тыбырчылатпай жөн жүрчү! Жарайбы?

«Жарайт!..» дегендей күлүмсүрөп, балача башын ийкеди да, Зарина оюнда ушуну ойлоду:

«Сенин барың билбей жашап жүрүшкөн,
Жашоодогу бүт аялды аяймын..»

* * *

Мындан аркысын жазуу мага кыйын окшобойбу!.. Канча күндөн бери кайпактап, кагаз менен калемсаптан качып жүрөм. А тигинде Заринанын үлбүрөк көк жоолугу илинип турат. Мага аны Клара эже берген:

– Жыттасаң, Заринанын ушунда жыты бар... – деген мага аны берип атып өзү да жыттап.

Айткандай эле мага андан керемет атырдын жыты, аны менен кошо Зайканын илеби, деми келгенсийт. Тирүүсүндө аны көрбөсөм да, ушул китепти жазып атканымда анын жандүйнөсү менин каным менен тең айланып жүргөндөй, анын аста күлүмсүрөп, анан жарк эте күлүп ийип, башын саал бир ийнине төшөй, жадырай тиктеп калганы көз алдыма тартылып, көп учурда ал тээ бийиктен, булуттан агылып түшүп мени карап тургансыйт. Тургансыбай эле, турат! Тигине, ал. Анын капкара, бадырайган каректери мени жакынсый тиктейт. Ал мага эркелеп аткандай, менин дагы ага ичим ысыйт. «Заринкам, менин! – дейм оюмда ага,– Кандай гана тамчыдай таза, ыйык кызсың?! Жандүйнөм менен берилип, жакшы көрөм мен сени!»

Ал да мага жооп кылып, күлүмсүрөйт. А бирок менин карегимде ыпысык жаш айланат.

Ал үн чыгарып сүйлөбөйт, биз сезим аркылуу сүйлөшөбүз:

– Эжеке, сиз качандыр бир керемет, улуу сүйүүгө кезиктиңиз беле? Эселек кезден эңсеген эң сүйүктүү, эң жакын, жүрөгүңүздө гана жашаган жакшы адамыңызды жашоодон таптыңыз беле? Арзуунун аселин татып, көңүлүңүздө уялаган уяң дагы, чагылгандай курч, өктөм, ошол сезимиңизди сүйгөн асылыңыздын алдында алоолонтуп оттой жагып, өзүңүз да ошол оттун илебинде күйүп-жанып, же болбосо сүйүүнүн жан чыдагыс азабын тарттыңыз беле?– дейт ал. – А балким, булардын баарын так ушул маалда сиз башыңыздан өткөрүп же анын келишин күтүп жүргөндүрсүз?

Эжелик ыйбаа менен, тек гана күлүмсүрөйм.

– Эжекем, менин! Сиз кандай бактылуу жансыз! – дейт Зарина кубанып:

– Чыныгы сүйүүлөр гана ааламды ар кыл апаат-алааматтан, ыпыластыктан арылтып, арачалап турат. Ал адамдардын акыл-сезимин, жандилин агартып, аруулайт!

– Анда эмнеге ошол аруу, улуу сүйүү Канат экөөңдү өлүмдөн арачалап калган жок?

– Тескерисинче, бизди сүйүү өлбөстүккө айлантпадыбы! – дейт Зарина. – Биз -барбыз! Мынакей, мен азыр да сиз менен сүйлөшүп, сиз менен сырдашып атам го!..

– Ырас эле, – дейм мен.

Аңгычакты, бала-бакчадан эми эле келген кичинекей Нурэлим эдиреңдеп чуркап кирет. Адатынча, Сооронбай Жусуевдин экинчи жолу жарыкка чыккан «Канат менен Заринасын» көтөрүп алган.

– Барактары айрылбасын, балам. Акырын! – дейм. Ал жаныма тепейип отуруп алып, китепти барактайт да, өзүнчө сүйлөнөт. Сыягы, окуп атам дейт го:

– Бул – Канат, бул -Зарина... Эми сен окучу, – дейт. Дастандан эки-үч куплет окуп берем. Элейип тыңшап отурат да, андан ары ойноп, чуркап кетет...

Бул чыгармада... Канат менен Заринанын өлөөрүнө аз эле күндөр калды...

Колум барбайт, негедир! Менин эркиме койсо, каармандарымды таптакыр эле өлгүс кылып, узак-узак жашатып, өздөрү айткандай ак чач эне, аппак сакал чал кылып, чейрек кылым жашатат элем, чиркиндики!

– Апа, а сиз Канат менен Заринаны өлтүрбөй эле, бактылуу кылып жазбайсызбы? – дейт бир күнү менин оюмду окугандай, тестиер кызым Мырзайым.

– Андай болбойт! – дейм. – Чындыкты жазыш керек да!

Дегеним менен, такыр эле даабас болдум!.. Ошол кайгыны кагазга түшүрүү кандай кыйын?! Андай болсо... эки жаштын маңдайы, тагдырына ошону жазган, ошол жыргалдуу да, жыластуу да күндөргө күбө болуп, баарын өз колу менен жасаган Жараткандын каардуу дагы, ошончону көрүп, көтөргөн кайраттуу, көтөрүмдүү дагы кудуретине таң берем!

* * *

Жаңы жылдын үчүнчү күнү.

Жол боюндагы ансыз да ачкыл жыттанып туруучу чакан пивокананын ичин ого бетер көк түтүнгө ыштап, тиги бурчта отургандар ошол жерге биротоло маталып калгансып, бүгүн оңой менен козголо турган түрү жок.

– Шеф! – дейт адатынча баягы узун чач жигит Азыкка карай кыйшактап. – Койчу, шеф! Ошого да ошончо капа болосуңбу?! Кыз деген кекиртектен! Керекпи, азыр эле барып эки-үчтү апкелип берейин?!

Шефи унчуккан жок.

– Анын үстүнө, ак сөөк кыздар бизге жарабайт! – деди кара тоголок жигит аны коштоп. – Алар биздин турмушка көнбөйт, чыдабайт дагы! Ыраспы, балдар?

– А эмне, биздин шеф итке минип калыппы?! – деди сары чийкил, баягы арык жигит. – Чын-чынына келгенде анча-мынча күркүлдөрдөн кем калышпайт! Анын үстүнө, биз барбыз го!

«Биз барбыз го»... – дегендин артында бирдеме жатканын туюп:

– Аны менен эмне дегиң келип атат?! – деди узун чач Шерип.

– Шеф эмне буйрук кылса, аткарууга даярбыз дегеним!

Анын кандай буйрук тууралуу айтып атканын беркилер түшүнүштү.

– Кеңкелес, көйгөйдү чече турган «ошол» эле болсо, сенден сурабайт элек да! А бирок, кеп башкада болуп атпайбы! – дагы бири сөзгө аралашты.

– Маселен эмнеде?!

– Эгерде биз Канатка кол тийгизсек, Заринадан таптакыр кол жуурубузду ойлобойсуңбу?!

Бу саам да кайра:

– Эмнеге?! – деди сары жигит аңкоо эмедей суроосун кайталап.

– Эн-нең!..– кара тоголгу аны сөктү:

– Эмнеге мынчалык мээң аз, ыя?! Эгерде сени эле биз солдойто койсок, жанагы кыйшык бут катының бетибизден өбөбү?!

– А биз – жик билгизбей кылабыз да!!.

– Кантип?!

Деген менен ар кимиси өз-өзүнчө так ошол тууралуу ойлонуп калышты. Баятан бери үстөлгө өбөктөп, унчукпай дуңкуюп отурганы менен «шеф» өзү да сары чийкил жигиттин сунушуна: «Ырас эле, кандай кылсак да тойго тоскоол болушубуз керек!» – деп муюп калды.

– Эмне дейсиңер? – деди анан беркилерден сөз күтө кыдырата карап. – Айткандай эле ушул жагын ойлонуп көрсөк кандай болот?

Жаңылык ачкандай, сунуш киргизген жигит отурган ордунда ойдолоктоп, тура калчудай эки-үч ирет көчүгүн көтөрө коюп кайра отурду.

– А эгер... иш тескери жагына ооп кетсечи? – деди кара тогологу.

– Профессионалдуулук менен иштеш керек! – деди шеф талап коё:

– Ойлонууга он мүнөт убакыт берем, сунушуңарды айткыла!

– Жалпы жонунан Канча убактыбыз бар? – деди кара тоголок неме аңгыча туюк сурап.

– Тиги айдын башы, – деди аны түшүнгөн узун чач. – Ага чейин барып сөйкө салышат имиш.

– Той кайда өтөт экен?

– Азырынча так маалымат боло элек.

– А балким, «агент» атайылап эле айтпай атпасын?– деди шеф:

– Сураганын берип атасыңарбы?

– Ал кыз ставканы көтөрүп атат, эн-нең!.. – деди узун чач:

– Бирок өзүң үчүн баарын жасайбыз да, шеф!

– Шеф!!! – баятан бери пивого кызып калгандай бети-башы кызарып, унчукпай ылдый карап отурган Жанболот деген жигит баш көтөрдү:

– А балким, ушул ишти ушул жерге эле таштап салсакчы?!

– Коркуп атасыңбы?!

– Коркпойм! Бирок мен кичинемде сүйүү жөнүндөгү китептерди көп окугам. Индиянын кинолорун жакшы көрчүмүн. Ар кандай тоскоолдуктарга, каршылыктарга кабылып, бири-бирине жетпей калган ашыктарды аячумун. Алар менен кошулуп ыйлап, аларга кыянаттык кылгандарга кыжырым келчү! Түнү бою түшүмө ошолор кирип чыкчу!

– Эми бүгүн бизди түш көрүп чык! – деди узун чач аны какшыктап.

– Сүйүшкөндөрдү аяйт имиш! А сен «шефтин» сүйүүсүн эмне үчүн аябайсың?!

– Шеф аны сүйбөйт да?! – деди Жанболот эмнегедир.

– Эмне?!

– Шеф деген... – алагүү болсо да жигит артын качыра, кептин нугун азыраак өзгөртүп, оюндагысын бурмалап койду:

– Шеф деген биздин эртеңки күнүбүз үчүн, биздин камыбызды ойлоп, ооматтуураак, оокаттуураак үй-бүлөнүн кызын алып, жашообузду тыңдап алалы деп атат! Бирок! Бирок иш оңунан чыкпай калса, биздин шефсиз көргөн күнүбүз кандай болот?! Мени коркуткан нерсе ошол болуп атпайбы!

Азык саал жибип, кумсара түшкөн өңү өзгөрүлүп, артылып келип алиги жигитти ийнинен таптап койду.

– Мен бир нерсени ойлодум, – деди анан бир топтон кийин ортодогу жымжырттыкты бузуп:

– Канаттын жүрөгү оорулуу экенин билесиңер да?!

– Билебиз, – деген беркилер андан ары эмне кеп-сөз чыгаар экен дегендей Азыктын оозун караШты.

– Демек, ага ошол аркылуу сокку урушубуз керек. Ал үчүн «агент» менен абдан тыкыр иштешиң керек!

Узун чачка карады:

– Акыркы мүмкүнчүлүгүбүз калганда алдырбайлы! Сураганын аянбай төлөгүнүң да, экөөнүн тең соткаларын иликте!

– Өзүнө жолугуп эле... эркекче сүйлөшсөкчү, шеф, а?! – деди дагы бири баятан берки кеп-сөз ага жетпей калгандай.

– Жок! Биз көшөгөнүн артында туруп иштешибиз керек. Жанболот ырас айтат, эгерде башкача аракеттенсек, эртең тордун артында отуруп калышыбыз ажеп эмес!

Анан да, кыздын атасы мент экени ар дайым эсиңерде болсун! Тигилер да жөн кишилер эмес. Дедушкасы бүтүндөй республикага таанымал деп атасыңар! Демек, жыландын куйругун басып алгандан сак болгонубуз оң!

– Ура-а! Жашасын биздин шеф! – деп ийди сары чийкил жигит же чындаганы, же кошоматтанганы түшүнүксүз ордунан тура калып:

– Келгиле, ушул күрүшкөнү биздин шефтин генийлиги жана алтын башынын амандыгы үчүн ичебиз! Жана да жаңы эле жаралган жакшы ойлор, пландарыбыздын ийгиликтүү ишке ашышы үчүн!

«Шефтен» башкасы ордуларынан туруп, кружкаларды шарактатып кагыштырышты да, жама-жайларынан куюлтуп, кулкулдатып жутуп ийип анан отуруп калышты.

Ошондон кийин эмнегедир «шеф» баш болуп, баарынын көңүлдөрү көтөрүлө, ким-кимисине жайдаңдап жан кирип, абал өзгөрүлө түштү.

– Жакентай, эми айт жанагы жомогуңду! – деди четки жигитти кара тогологу далыга чаап, – Сүйүшкөндөрдү аяйм, атүгүл ыйлайм, түшүмө кирет деп аттың беле?! Кана, кайра да бир жомогуңду угузчу, байкеси? Балдар, менимче иттей интересный жомок окшобойбу, а?!

Аны коштоп калгандары каткырып күлүштү эле, жаман пивокананыны ичи жаңыра эле түштү.

– Бу, сүйүү дегениңер өзү эмине?! – деди аңгыча сары чийкили. – Деги эле түшүнсөм өлүп кетейин!

Ал чындап эле сураган. А бирок аны беркилер тамаша, тигил жигитке карай какшык катары кабыл алышып, кайра дагы каткырышты. Эмнеге күлүп атканын билбей, сурарын сурап коюп алиги жигит көздөрүн жымшыйтып, өзү кошо бүлкүлдөп күлүп атты.

– Сүйүү эмне экенин эмдигиче билбесеңер, анда силер!..

Кыраан каткырыктын ызасында калган жанагы жигит андан аркысын айтпай, ичине жутуп алды. Эми элеки күлкү «жалп» өчүп:

– Анда биз эмне?! – деди узун чач кекирейе карап.

– Анда силерди аяш керек! – деди жигит көпчүлүктөн тартынгандай, оюндагыны таамай айта албаганына ичтен сызып.

– Бу сен качантан бери элди аяп, боорукер болуп кеткенсиң?! – узун чач уруш чыгаргысы келгендей обдулуп калды эле, «шеф» аны чыканактан тартып, жоошутуп койду:

– Биз демократиянын заманында жашап атпайбызбы. Ар ким өзүнүн ойлогонун айтууга акысы бар.

Анткен менен Азыктын бул дегенинде деле какшыктын кермек даамы татып турган:

– Жөн кой, айтсын! А балким бизге андай сөздөр керектир? Анткени азыр биз так ушул теманын тегерегинде иш жүргүзгөнү атпайбызбы! Башка маселелерге кийин кайрыларбыз...

Жанболот анын кекээрин түшүндүбү, жокпу, а балким кызуулук менен ич күптүсүн эмнеси болсо да айтып калайын дедиби:

– Билесиңерби, – деди тили саал былдыруктаганы менен бу саам башын жанагыдан бийигирээк көтөрүп. Эмнегедир анын бети кара-көк тартып, мойнунун кантамырлары чыңалып, көзү канталап, кызарып кетиптир:

– Билесиңерби, сүйүү үчүн тентип кетүүгө, керек болсо жанды да кыюуга болот! Бу силер деги китеп окуйсуңарбы?! Качандыр бир окудуңар беле?! Силерди жылдызы жымыңдаган айлуу түндө боз үйдүн түндүгүн ачып таштап, чоң атаңар койнуна алып жатып алып жомок, санжыра айтып, атүгүл обон созуп ырдап берди беле?! Ыя?!

Ушинткен жигит баарын тегерете карап чыгып мыскылдуу күлүмсүрөдү:

– Жок! Силерди эч ким анткен эмес! А мен түнү бою, түшүмдө ошол жомоктогу баатыр болуп, көгөргөн көктүн асты менен карарган жердин үстү менен аргымагымды азынатып, учуп өтчүмүн... Мен анткени ай десе аркы, күн десе көркү келишкен ошол периштени издечүмүн. Ошол сулууну таап, тоо койнуна өңөрүп келип, чоң атама келин кылып берсем дечүмүн. А бирок, мен кийин ошол периштени жылдыздардын арасынан эмес, өзүмдүн эле айылымдан тапкамын! Анан... ал бир күнү билим издеп борборго кетти. Мен аны күтүп жүрдүм. Бирок!.. Бир күнү эле Айганышты чет элдикке эрге тийип кетиптир деген кабар айылдын аяк-башына «дүң» этти. Эс-мас болуп, эңгирей түштүм! Жер кучактап, ботодой боздоп ыйладым! Өзөгүм өрттөнүп, өксүдүм! Ошол өрттү өчүрүүгө даба издедим. Ичтим! Жумалап, айлап аракка сугарылдым! Ачууну ачуу басат дешти эле. А бирок арманымды, арзуумду да, ачуумду да кастарын тиккендей ачуу баспай койду! Ансайын мен да өчөшүп, өксүп ичтим! Акырында... аңга түштүм!!!

Кош колдоп башын мыкчып, өңгүрөп ыйлап кирди Жанболот. Беркилер шефти карашты. Ал: «Жайына койгула!»-дегендей баш чайкады.

– Айганы-ыш!!! Уу-уу-у!

– Уңулдаган акмак! – деди бирок чыдамы жетпей кеткендей узун чач. – Уялбай дагы «сүйүү» деп коёт! Сени таштап, эркек калбай калгансып чет элдикти эрчип кеткен бир шуркуя үчүн ыйлап!.. Ошобу, сенин сүйүүң?! Урдум мен андай кызды, сүйүүнү! Тфу!...

Жанболот ага мыйыгынан күлө бакты:

– Сен аны эч качан, эч качан түшүнбөйсяя, яяяяелдей!..

* * *

А бирок, канчалык жандалбяяяяяяяяары менен алардын а күяяү планы дагы оңунан чыкпай, таптакыр таш каап калды! Канатка сыртынан арзып, Зарина экөөнүн махабатына ич күйдүлүк кылып, арманда жүргөн кыздардын ичинен бири аларга шериктеш болуп, эки ашыктын ортосуна от жагууга абдан эле аракет кылышты. Булардын кыбыр эткенин төкпөй-чачпай, сатып аткан дагы ошол кыз болчу. Демейде Канаттын көзүн карап, кареги менен тең айланганы даяр турган, а турсун телефон чалып, радио толкундарынан салам жолдоп, ашыктыгын билдирип, жолугууга куштар экенин айта берчү ал кыздын антип, тымызын арамдык кылып жүргөнүн Канат каяктан билсин. Ал гана эмес акыркы күндөрү Диля Заринага ат тезегин кургатпай, дембе-дем телефон чалып, тийиштик кыла баштаган: «Аз күндө Канат меники болот! Айрылууга азыртан камына бер!»-дечү ал.

Толуп жаткан бузуку сөздөр, ушактар, ойдон чыгарылган жалган жалаалар алар үйлөнөбүз дегени экөөнүн ортосунда ого бетер жамгырдай жаай баштады.

А бирок, Канат менен Заринанын бири-бирине болгон чексиз сүйүүсү, ишеними алардын мизин ысуулай майтарып коюп атты. Эки ашыктын махабаты алардан алда канча эсеге күчтүү болчу. Кээде экөө ошолорду айтып алышып: «Деги адамдар кызыкпыз»...– деп күлүшөт эле.

Бу саам да Канат жаңы эле эшиктен кирсе телефон үстөккө-босток чырылдап атыптыр:

– Алло,– деп трубканы көтөргөн уландын эмнегедир денеси жыйрыла түштү:

– Бу сен качан токтотосуң?! Андай эле кыйын экенсиң, эмне ал жакта далдаланып жатасың?! Келбейсиңби, эркекче жолугалы! – деди Канат,– Болбосо телефондун аркасына жашынып жатып алып, какылдай бергенден тажай элексиңби?!

– Бала жолборсчо бакылдайсың го, балакай!!

– Каяктасың?! Дарегиңди айтчы, көздөшөлү! – деди Канат.

– Тикини! Тим эле тили тикилдейт, ой! О-ха-ха, оха-ха-ха!

Ыгы келбесе деле «охалап» каткырып, трубканы коюп койду.

– Келесоо! – деди Канат. – Кем акыл!

Заринанын чөнтөк телефону өчүк экен. Сыягы, ал дагы ушуга окшогондордон качкан окшобойбу, үйүнө чалса Наташа алды:

– Закуля апасына кетти, – деди ал. Канат өзүнчө ойлоп, ичинен кудуңдап койду: «Алар да тойго камынып атышса керек»...

Аңгыча Канаттын жаңы эле иштеген чөнтөк телефону безилдеди. «Закуля?».. Жок, таптакыр башка номер түштү.

– Алло, – деди Канат,– Ким бул?!

– Мен! – деди азыткыдай болгон баягы үн. – Көрдүңбү, менден эми эч кайда кача да албайсың! Мен бирде – анда, бирде – мында, тигиндемин! Кааласаң түшүңө да киремин!

– Мен сага бир жакшы кеңеш айтайынбы?– деди Канат күлкү аралаш, чындап эле. – Сен мага эмес, жиндиканага чалышың керек окшойт. Бир шаригиң жетишпейт го, сыягы!!!

Телефонду өчүрүп койду.

Тигил ызалана түштү. Бир бозоруп, бир кызарып, томсоруп эле отуруп калды.

– Эмне дейт?!– деди жанында тыңшап, шыкак берип отурган узун чач,– Эмне болду, сага?!

– Эч нерсе! – деди тиги. Таяк жеген баладай балбырап, шалдая калган шефин аягандай:

– Эн-нең!..– деди узун чач ким бирөөнө ызырынып.

– Шеф!– деди анан жакшы бир нерсе таап алгандай кубанып. – Шеф! Ансыз да канча убактың, нервиңди түгөттүң! Кел, баарын эстен чыгарып таштап, башка иштерге өтөбүз?! Каалайсыңбы, баягы бийкечти табайын? Эсиңдеби, баягы-баягы перичи?!

Эмнегедир Азык да ага ынангандай: «Ай!»– деп алда неге кол шилтеп салып, жайдаңдай түштү:

– Бөрү баласы чын эле ит боло албайт экен!– деди анан. Анын эмнеге, кимге карата анткенин Шерип түшүнгөн жок. Эмнегедир бир жүктөн кутулгандай дегдеңдеп, Азыктын далдайган колун кош колдоп, көпкө чейин силкилдетип атты.

* * *

Зарина да бир кызык мүнөз күттү. Анысын өзү да байкап, туюп эле атты. Кээде өзүнөн-өзү эле кыжалаттанып, туталана берет десең. Анткен менен мунун баарын Зарина кыз жакшылыкка жоруп жүрдү: «Албетте, алдыда аларды улуу күндөр күтүп атат! Жакында алар бири-бирине жакшынакай жарашкан жар, жубай болушат. Сүйүү, тилектер эле эмес, эми алардын өмүрү, тагдырлары жуурулушат. Ага чейин ар бир эле кыздын ушинтип жүрөгү жүдөйт, санааркайт. Анткени, бөлөк-бөтөн эле бир үйдүн бүлөсү болуп, алар менен ымалалашып, ысык-суугуна аркалашуу адегенде эле оңойго турбайт да! Арийне, ар бир үй-бүлө өз-өзүнчө кичинекей мамлекет, өз-өзүнчө дүйнө. Ар биринин өз-өзүнчө кулк-мүнөзү, мыйзамы болот...»– дейт Зарина оюнда өзүн-өзү жубатып. Канат да кечээ:

– Сени апамдар менден да жакшы көрүшөт, көрөсүң го! – деген. – Силер оңой эле тил табышып, эң эле ысык – ынак болуп, эне-баладай ымалалашып аласыңар. Анткени, апаларым да, сен да ошого татыктуу асылзаада жансыңар! Кээде энесиз, аялзатысыз жашоону элестетсем жүрөгүм түшөт. Элестет, жер үстүндө солдоюп жалаң эле эркектер жашап атканын! Анда бизге кийимдин деле кереги жок болмок, чачыбызды тарабай, сакал-мурутту да албай, саксаңдап-үксөңдөп жүрө берет элек да!

Зарина да чын эле деп, ошону элестетип алып аябай күлгөн.

– Билесиңби, – деген Канат алда нени элестете, кыялданып. – Биз үйлөнгөндө бүткүл Кыргызстанга таанымал таланттуу, аттуу-баштуу адамдар: «Сооронбай Жусуевичтин небереси келинчек алыптыр!» – деп биздикине агылышат. Ошондо сен аппак жоолугуңду үлпүлдөтө салынып, аларга ийиле таазим этип, жүгүнөсүң. Алар анда: «Алганың менен

тең кары, айланайын!» «Көшөгөң көгөрсүн!», «Акжолтой келин бол!», «Артыңды мал, алдыңды бала бассын!», «Күйөөңдү көзүңдүн карегиндей сакта!» – деп бата беришет.

Акыркы сүйлөмдү ажыкыстанып, атайылап эле сөз арасына кыпчып, илип коёт.

– Ошентип айтышабы? – дейт Зарина ишенип.

– Ооба! Ансыз деле ошондой да! – дейт Канат барктанып.

– Анан? – дейт Зарина ашыгынын жомогуна ансайын куштарлана эркелеп. – Дагы айтчы?

– Дагы айтсам, сага тамшанып, суктана карагандардын көзүнөн, сөзүнөн таянем сени аластап, көкүлүңө көз мончок, көкүрөгүңө тумар тагат! – дейт.

Анда Зарина:

– Ай-ий!...– деп кыткылыктайт.

Ушуларды ойлоп, ууртунан жылмайган кыз сабактан кийин түз эле апасыныкына өтүп кетти. Сыр бербегени менен эне деле тымызын кызынын себин, куда-сөөккө жоолук-чапанын камдап аткандай.

– Апаке-ов,– дейт Зарина апасын кучактап, жапакечтене өпкүлөп.

– Эмне дейсиң, берекем?

– Апаке, атам экөөңөр жөнүндө айтсаң? Каяктан, кантип таанышкансыңар? Анан... араңарды арзуу сезими кантип уялап, кантип сүйүштүңөр эле? Силер да биздей таарынышып, сагынышып, бири-бириңе шашып, сабалап учуп канат какчу белеңер?

Андай кезде эненин ой-кыялы алда кайда чабыттап, алыс-алыс жактарга алып учат:

– Бир күнү – бир күнү, – дейт күлө багып, – Анда менин да сендей жаш, ойносо – оюнга, күлсө – күлкүгө, иштесе – ишке тойбой турган чагым. Жаз айынын жыпары аңкыган бир кечи болчу. Курбу кыздар каткырып күлүп, кайдадыр кетип бараттык эле, аңгыча алдыбыздан аскер кийимчен, абдан келшимдүү, керилген жигиттер чыга калышты. Алардын арасынан сенин атаң дароо көзүмө көрүндү эле, ошондо. Көздөрү ойноктогон кумар көз, шыңга бойлуу, сулуу жигит болуучу. А бирок, андан ары узап кете берет болчубуз. Алардын ичинен бирөөсү жаныбызга келгенде атайылап эле бизге угуза:

– Биздин кыздар, кыргыз кыздар кандай сулуу, кандай гана келишимдүү?.. Кудум жаз күнүндө кыраңда өскөн жоогазынды, көз жоосун алган гүлкайырды элестетет, – деп калды. Кыздар да андайда жөн калчубу, жооп кайтарышты. Ошентип, таанышып да алдык.

– Бүгүн биздин эң кымбат, эсте каларлык күнүбүз, – деди жигиттер, – А балким, ошол кубанычыбызды тең бөлүшүп, биз менен чай ичип кетээрсиздер?

Жакшынакай сылык, сыпаа суранып, конокко чакырышты балдар. Ал кезде кыздарды капа кылмак турсун, жигиттер даап колубуздан өбө алышчу эмес. Тарбия, тартип ошондой эле да анда. «Кызга кырк үйдөн тыюу» деп, тааныбыган эле эне-эжелер көчөдөн токтотуп, туура эмес басып баратсаң да сын айтып, акыл айтып өтүүчү. Ошону да туура кабыл алып, уялып калчубуз. Ийменип, улуулардын алдында тартынып туруучубуз.

– Анан? Атам экөөңөр жөнүндө айтыңызчы?

– Атаң экөөбүз ошентип таанышканбыз... А бирок, биздин тагдыр, өмүр сапарыбыз бир экенин анда биз ойлогон деле эмеспиз. Ошондон тартып атаң мага бат-бат келип турду. Бара-бара махабатыбыз тутанып, бири-бирибизге абдан ысык-ынак боло баштадык. Атүгүл, кийин-кийин атаң Украинанын кайсы бир шаарына которулуп кеткенинде мен аркасынан издеп бардым. Бат-бат кат келип туруучу. Сагынганын айтчу атаң. Өзүм да сагынычтан саргайып, санаага батып жүрөт элем. Бир күнү эле мага ой келди: «Барып, учурашып келсемби?..» -деген. Ошенттим. Менин келээримди атаң күткөн эмес экен. Самолеттон түштүм дагы, ал кызмат өтөгөн аскер бөлүгүн издеп таап, чемоданымды көтөрүп эле кирип бардым. Мени көрүп аң-таң боло түштү. Көргөн көзүнө ишенбей кетти окшойт. Анан кучагын жайып, утурлап чуркады эле...

– Кантип таптың мени? – дейт.

– Ошентип эле. Мага сүйүүм жол таап берди, – дедим.

А кийин сен төрөлгөндө, бул ааламда бизден өткөн бактылуу адам жок эле! Айтмакчы, бир окуя али да так ошол күнкүдөй көз алдымда турат. Ал күнү сен курсагымда болчусуң. Жеңиш экөөбүз жетелешип алып, Ош базарына барганбыз. Бир убакта, капысынан эле алдыбыздан бир укмуштуудай самтырак кийинген, колунда аса-муса таягы бар думана чыга калбаспы. Советтик мезгилдин бир өзгөчөлүгү, ал убакта кайырчы, думана дегендер, болсо чанда-чанда эле болуп, а болбосо биз аларды жомоктон эле укчубуз.

– Бар болгула, жубайлар?! – деди ал. Биз аны карап, аңкайып эле туруп калыппыз.

– Бул – кыз болот, – деди ал менин боюмдагы баланы айтып. – Салмагы үч кил, үч жүз элүү грамм!

Ошону айтып коюп эле, баягы думана бир убакта жер жутуп, же желге учуп кеткендей көздөн кайым болуп кетти. А кийин, айткандайле сен так ошондой салмак менен төрөлгөнсүң...

* * *

Канат бу күндөрү баягыдан да башкача тамашакөй болуп, маанайы ачык, жаркылдап куунак жүрдү. Атасына-апасына айланчыктап, эби келе калганда энесинин көкүрөгүнөн элге көрсөтпөй шорулдата-шорулдата жыттап!..

– Оорубагыла! – дейт аларды. – Ооруганга уруксат жок! Силер деген узак-узак жашашыңар керек! Уктуңарбы?

– Уктук! Уктук! – дейт таятасы тамашалап. – Бу сиздин буйругуңузду укпай, айныган адам бар бекен?

Андайда көздөрүн күлмүңдөтүп, аппак тиштерин кашкайта каткырып күлөт да:

– Мен кеттим! – деп эшикке камынат. – Мен келгиче эрикпей тургула!

– Абайлап айдай көр, айланайын! – деген Шааркүл апанын эми ал келгиче ичкени ирим, жегени желим: «Кагылайыным! Каякта, кантип баратты экен? Аман жүрсө экен, Жараткан өзү жар болсо экен!» – деп, кеч кире баштаганда анан:

– Балам эмнеге кечикти, я? – деп жол карай берет. Аны билген Канат ар качан:

– Менден такыр кам санабагыла! Андан көрө өзүңөрдү жакшылап сактасаңар! Силер бар болсоңор анан мен бармын! – дейт тамаша-чындан.

Бүгүн да үйдөн ушинтип чыккан Канат дене бойду дүркүрөткөн укмуштуудай бир окуяга туш болду... Бул – Канаттын турмушунда, өмүр жолундагы күтүүсүз бурулуштун болорун алдын-ала кабарлаган шумдуктуу окуя эле!..

Жаңы эле машинасын от алдырып атып, маңдайкы күзгүдөн артында отурган ким бирөөнө капыл-тапыл көзү уруна түштү. Белгисиз, бейтааныш ошол бирөө аны акыйып, кежигесинен теше тиктеп отуруптур. Эмнегедир денеси бир кызыктай болуп, «дүр-р!» дей түштү. «Бу кайдан чыга калды? Эми эле эч ким жок эмес беле?»– деп саамга кыймылсыз ката түшкөн жигит, шарт бурулуп артына карады. Алиги отурган киши... жок! «Көзүмө көрүнүп кеткен тура!..» – деген менен жүрөгүнүн опкоолжуганы көпкө чейин басылбай койду. Авторадиону канчалык заңкылдатып, өзүн-өзү алаксытканы менен улам-улам эле жанагы караан кайра дагы эле пайда болуп, бирде артында, бирде жанында отургандай, бирде машинасын жандай чуркап келаткандай сезиле берди. Ар кайсыны ойлоп, алагды болуп келатып бет маңдайынан чыга калган машина менен аз жерден сүзүшүп да кала жаздады.

– Эй, бала! Сен эмне, уктап баратасыңбы?!– деди тигил «Волганын» айдоочусу. Алтымыштын ары жак, бери жагындагы аксакал адам экен. Канат катуу уялып калды.

– Кечириңиз? – деди уруп ийүүчү өңдөнүп, ачуудан ынтыгып чуркап келген адамдын алдында айыбын мойнуна алып. Ыраңы ыймандуу баланын анткени «Волганын» ээсин саал жоошутуп койду:

– Абайлап жүр да, балам, – деди анан атасындай акыл айтып. – Аз жерден кырсыкка учурап кала жаздадык. Анан калса, азыркы балдар башкача курчсуңар! Кудай деш керек!

Андан кийин Канат жол жээгине чыгып, машинени токтотту да, көздөрүн жумуп, башын артка жөлөдү. Апаларынын ар убак эле күйпөлөктөп: «Ай жүр, аман жүр! Акырын айдай көр, абайлай көр!» – деп эле эмнеге чебелене берерин ойлоду. Көрсө, саат-кырсык деген чын эле каш-кабактын ортосунда окшобойбу!

Эми элеки, ак «Волганын» алдынан капыл-тапыл чыга калганы, бири-биринен качкан унаалардын чимирик атып, дөңгөлөктөрдүн «чыйк-чуйк!» эткен ачуу үндөрү, туш-туштан пипилдеп, папылдаган сигналдар, заматтын ортосунда чогулуп, жабалактай караган көздөр!.. Ушунун баары кино тасмадай кайра-кайра көз алдында кайталанып, көпкө чейин эсинен кетпей атты. Ара чолодо оюна жанагы көрүмчү түшүп кетти: «Азыткы деген ушундай болот тура, – деди оюнда. – Алаксытып атып... карасаң!»

Үйгө суз, кумсарып киргени менен ата-энелерден анысын жашырып, билгизбегенге аракет кылды. Ансыз да сарсанаага батып, кичине эле кечиксе кейип-кепчип жол карап, ар кайсыга жоруй берүүчү энелерин аябадыбы! Балалыгы да, болбосо антип, Жараткандын сыр бергенин билгенде ата-энеси балким ырым-жырымын жасайт беле?!

Кап десеңчи! Канат бирок анын баарын ичине катты да, бүгүнкү жагымсыз окуяны тек гана күндөлүк дептеринин бир бурчуна кичинекей кылып кыстарып койду.

Ошол түнү улам-улам уйкусунан чочуп, кызыктай бир түштөрдү көрүп чыкты.

Түшүндө алиги караан машинасына дагы түшүп алыптыр.

– Сен кимсиң?! – дейт жигит. – Сага эмне керек?!

А бирок ал үн катпайт. Адамдыкына да окшобогон, кандайдыр жагымсыз, муздак, жансыз көздөрү гана Канатты өзүнө оп тартуучудай сугула тиктейт. Канат жандалбастап, андан качууга аракеттенет. Чалынып-жыгылып, буттары тушалат. А тиги ансайын аркасынан арсактап күлүп, ээрчийт...

Ойгонуп кетсе, кудум түшүндөгүдөй жүрөгү лакылдап, кара терге түшүп кетиптир. Андан кийин кайдагы уйку? Жарыкты күйгүзүп, терезени карады. Кар лапылдата жаап атыптыр. Түнкү шамдын алдында агыш-сары нурга чагылышып, жылтылдаган кар бүртүкчөлөрү анын эми элеки убайымын саамга унуткарып ийди. Табияттын так ушул сүрөтүн күндөлүгүнө көчүрүп жазгысы келип, колуна калемсап, кагаз алды. «Зарина да ушинтип, сампарлап жааган ак карды жакшы көрөт»,– деди оюнда. Калемсабынын учун тиштегилеп, а бирок көчүрүүгө сөз таба албай аткандай теребелге телмирет. Оюна кайра эле Зарина түштү: «Ал азыр таттуу уктап атса керек... Түшүнө эмне кирип атты экен? Тынч уктаса экен, назигим! Мага кирген жаман түштөр кирбесинчи ага! Мени түш көр, Закулям!..»

Жаш баладай чукуранып, ууртунан болор-болбос күлүмсүрөп уктап аткан Заринасын көз алдына элестете, өзү да акырын жылмайып койду жигит. Эсине бир нерсе түшүп кеткен сыяктуу артына кылчайды да, Заринанын катылган каттарын тапты. Керебетине чалкасынан түшүп, шурудай тизмектешкен сулуу ариптерге көз жүгүртүп, ар бир катты ынтаа коюп окуп чыкты:

«Канат!
Кымбатым менин!
Сени сүйүп,
сен деп ыйлап,
карегимден жаш акты!

Бул өмүрдү сен деп сүрүп,
сен деп жедим азапты!
Менин ыйым,
Ырым дагы өзүңсүң!
Эңсөөм, эркем,
Эки кара көзүмсүң!
Сүйөм сени,
Карааныңа кагылып,
Дарыядай сен тарапка агылып,

Сүйөм сени,
Акылымдан адашып!
Кээде сени,
Сени өзүңдөн талашып!
Бул жашоого
сен деп келген эмедей,
Сүйөм сени,
эч бир жанга теңебей!
Сенсиз мага -
күндөр супсак, кунарсыз,
Сенсиз жашоо -
Кереги жок кенедей!

Сенин Закуляң!»

* * *

«Канатым, менин!
Сен жиберген роза гүлү сексен тал,
Сенин чексиз, ууз сүйүүңдүн символу ал!
Ушул гүлдөй жарашыктуу, жагымдуу,
Бизде алдыда кандай жакшы күндөр бар!
Сенин Гүлүң Зарина».

* * *

«Канат! Билесиңби, мен эмнеден чарчадым? Адамдардын бирине-бири кастарын тигип, кара санап, бирине-бири ор казганы, эки жүздүүлүгүнөн! Эмнеге адамдар ушундайбыз?

Баягылар бүгүн да телефон чалышты.

А мен аларды жек көрбөдүм. Тескерисинче сайсөөгүм сыздап, ушунчалык аядым. «Шордуусуңар!» – дедим. «Мен силерди жандилим менен аяйм!»– дедим!

Алар аз келгенсип, алиги жигитчи, депутаттын баласы, ал да бүгүн колумду сурайт!..

«Эгерде мен үйлөнсөм, атам белекке вертолет сатып бергени атат»– дейт. «Сүйүү вертолетко алмашылбайт!»– дедим. «Жигитиң ким!»– дейт. Мен ага сен жөнүндө айтып бердим. «Кандай бактылуу жигит!»– деди. Мен анда: «Биз, экөөбүз тең бактылуубуз!» – дедим.

Ырас эле, мен бу жашоодо сен бар үчүн гана бармын! Сен бар үчүн бактылуумун, Канат! Сүйөм сени! Зарина».

Канат каттарды эринине тийгизип, көкүрөгүнө кысты:

– Мен да сени сүйөм, менин Күнүм! Канчалык катуу сүйөөрүмдү айтууга сөз да таба албайм!

Таң кылайып агарып келатыптыр. Канат жаздыгына башын коюп, көздөрүн жумду. Эмнегедир, кайра туруп дары ичти...

Эртең менен телефон чалган Зайкасы:

– Үнүң чарчаңкы го? – деди Канат канчалык билгизбейин деп жайдаңдаганы менен анын абалын көрүп тургандай сезип.

– Чарчадым, – деди Канат анын сезимталдыгына бир чети ыраазы боло, бир чети эреркей түшкөн өңдүү:

Чын эле аябай чарчап турам...

– Эмне болду?

Канат кечээкилерди айтсамбы, айтпасамбы деп азга ойлоно калып, кепти кайра башкага буруп кетти:

– Сагынуунун, күтүүнүн күндөрүнөн чарчадым.

– Ошол элеби? – санаасы тына түшкөн кыз тамашалап күлдү. – Анда чарчоонуздун жарасы жеңил эле экен! Аз-аз эле чыдасаңыз, андан ары экөөбүз өлгүчөктү биргебиз!

– Жок! Өлгөндөн кийин дагы биргебиз!

Ушул сөз кандайча болуп оозуна келе калганын Канат өзү да байкабай калды. Жаттап алгансып, мурда да бир жолу ушинтип айткансыган.

– Сени көргүм келип атат, – деди анан талыкшый айтып.

– Анда жолугалы?

– Кечинде барам! – деди Канат. – Азыр болсо кичине жата турайынчы, түндө уктаган жокмун...

– Макул, келесоом! – эркелетти кыз. – Бирок, экинчи чарчадым деп айтпачы, жарайбы?

– Жарайт! – деп телефонду коердо Канат:

– Алло, алло, – деди кайра. -Зайка?!

– Да-да?

– Сүйөм сени!

– Мен да сени сүйөм, жаным!

Ошондо алар акыркы ирээт сүйлөшүп аткандарын билишпеди. Бирок экөө тең трубканы койбой, бири-биринин демин тыңшап, жүрөктөрү бир нерсени сезгендей, көпкө чейин кармап туруп алышкан...

Адамдын өмүрү, тагдыры ал жаралганда эле бешенесине кошо жазылат имиш. Ичер суусу, көрөр күнү бүткөн күнү адамдын жанын алганы Жаналгыч-Азирейил келет экен.

«Баары жалган, өлүм чын». Деги эле ажалды алакчылаган ким бар экен?! Акылы башынан ашып-ташыган акылман-даанышман да, жыланды ийнинен чыгарып, тилинен бал, шербет тамган чечен да, ийне менен кудук казган аалым, ай жарагын айга-күнгө бөлгөн баатыр дагы анын алдында алсыз!

Антсе да ажал ач көз! Ажалдын калыстыгы жок! Болбосо, бул жалганда аз гана өмүр сүргөн, бири-бирин чыныгы, улуу сүйгөн эки жаш эртеңки күндөрдөн ажал эмес, жакшылык, бакыт күтүшкөн! Алар эртеңдерге өлүш үчүн, ээрчишип алып, кара жердин астына, көрүстөнгө кириш үчүн эмес, апалардын аздектеп тарткан ак көшөгөсүнө кирип, аталардын арнап көтөргөн ак өргөөсүнөн түтүн булап, бактылуу болуп тагдыр, өмүр, сүйүүлөрдү бир бүтүнгө айлантуу үчүн шашышкан!

Арман күн десең!

* * *

Ал күнү үйдө Канаттын таятасы, таянеси жок болчу. Жандай көргөн атакеси, апасы да акыркы көз ирмемдеринде жанында болбой калды! Эмнегедир эле жаткысы келип, жаны жер тарткан жигит жаздыгына баш койду. Эч нерсени ойлобой, тынч жатып уктагысы келди. А бирок, көзүн жумса эле кечээки караан эшиктен акырын жылып кирип, тигил бурчка шоңшоюп отуруп алуучудай элестей берди ага. Тек гана өзүн алдаш үчүн туруп барып, эшикти ичинен бекитти.

Бирок!.. Жаңы эле көшүлүп, көзү илинип баратканда каяктандыр, ким бирөөнүн акырын кытылдаган күлкүсү угулду!.. Өңү же түшү экенин ажырата албай, уйку-соонун ортосунда:

– Сен кимсиң? – деди Канат. – Эмне күлөсүң?!

Күлкү ансайын жакындап, катуулап келатты:

– И-хи-хи-хи! А-хи-хи!..

«Эң эле жагымсыз күлөт экен»... – деп ойлоп, кирпиктерин араң-араң көтөрүп көзүн ачса, керебетинин аягында шуңкуюп, баягы дагы отурат!

«Эшик бек эмес беле?!» – дегендей Канат:

– Сен каяктан кирдиң? – дейт.

– Тияктан! – дейт тигил дагы эле былкылдап күлүп. – Кире албайт дедиң беле?!.

– Сага эмне керек?!

– Сен! Жүрү кетели? – Тигил тарбайтып колун сунат. – Жүр?!

– Кеткиниң! Кет!.. – Канат колдорун артына катып кетенчиктейт.

«Өх-х! – дейт анан ойгонуп кетип. – Түшүм тура!..»

Анткен менен өңүндө да энтигип, сол ыптасы чымырап, таш байлап койгондой тулку бою оордоп, жүрөгү сызылып ооруп калыптыр.

Ким бирөөнү чакыргысы келгендей, телефонго карады. Бирок, сунган колу соткасына жетип-жетпей, ток ургандай орто жолдо бир катуу серпиле, жүрөгү демейдегиден башкача бир катуу мыкчылып, жаны көзүнө көрүнө түштү.

– Аа!!! – деп кыйкырып алды. А бирок, экинчи жолку да:

– Апа-а?! – дегенин өзүнөн башка эч ким уккан жок! Эмнегедир, карегинен чолок жаш «мөлт» деп ыргып, жаагы ылдый кулап кетти.

Таята-таянеси, ата-энеси, Заринанын элеси көз алдына элес-булас тартыла түшүп, жок болду...

Аздап-аздап Канат караңгы бир дүйнөгө чөгүп баратты. Муун-жүүнү бошоп, кулагына бүдүр шоорат угулбай, дүйнөнү жымылдаган жымжырттык каптап, көзүнө мелмилдеген боштуктан башка эч нерсе көрүнбөй, аалам караңгыланып келатты. Ошо арада:

«Мен кайда баратам?.. Кайда баратам?! Бул – түшүм болсо экен? Ойгоноюнчу?.. Ойгонсом экен!» – деп оюнда жандалбастап атты.

Аягы жок, башы жок, учсуз-түпсүз өңдөнгөн ушул уйку, караңгы түштөн кимдир бирөөнүн ойготуп, тиги жарыкты көздөй колдон алып жетелеп кетүүсүн самады. Өзү да оюнда обдулуп, улам-улам алыстап, бүлбүлдөп артта калып бараткан ак жарыкка туруп кеткиси келип умсунуп, бирок коргошун уютуп койгондой денеси жылбай, а бирок ошол калыбында кайдадыр калкып учуп бараткансыды.

Өлөм деп Канат ойлогон эмес! Бул жалгандан өтүп баратканын ал билген да жок! Ал болгону эле... жаман түш көрүп аткансыган! Атүгүл аркасынын акмалап, акыркы убактарда ээрчип жүргөн Ажалды да Канат тааныган эмес! Анткен менен жандалбастап, ойгонууга аракеттенип, алыста бүлбүлдөп калып бараткан ак жарык, ата-энеси, Заринасы көздөн учуп атып... акыркы ирет денеси бир «солк!» этти да!.. Бут серппей сулк жатып калды, кайран бала!!!

Коё турчу?!. Бу кандайча?!. Канат азыр эле бар эмес беле?! Азыр эле анын жүрөгү кагып, сүйүп турган! Азыр эле анын жап-жаш денесинде жаштыктын жалындаган от илеби чатырап, ысып-күйүп турган!

Ал эч нерсеге кана элек, бу жашоодон көптү көрүп, көптү ала элек жап-жаш бала эмес беле?! Сен ушундай жалган, сен ушундай арман белең, кем дүйнө?!

Армандуу ушул учурга күбө өтүп, демин ичине каткан жымжырттык гана Канаттын бөлмөсүндө «жым-жым!..» этип жымылдап ыйлап, ыргалып турду бу саам!

Сен ушуну туйдуңбу, Канат:

– Оо, эл-журт, Канатымдан айрылып, кара көзүм кашайды, кокуй! Андан көрө алдыңа мен кетсем болот эле го?! Оо, берекем!!! Кулунтайым!!! Кубатым эмес белең, кокуй! Таянеңди азапка таштап кайда кеттиң карангүн?! Боор этим менен тең эмес белең! Боздотпой ала кетсең болбойбу, ботом!!!

– Алтыным ай! Алдыңа гана кетип калайын артыгым, ай! Кантип гана жашоону кыйдың дейм да?! Жаның кейип, жандалбастап атканыңда, жаныңда болбой не болдум, ботом?! Көзүңдөн караан учуп, карбаластап атканыңда, кашыңда болбой не болдум, ботом?! Атаң-энең көздөн учуп арманда гана кете бердиң го, берекем!!! Ажалга алдырып, жулдуруп ийбедикпи заматта! – деп боорун тытып, боздоп калбадыбы, апаларың!

* * *

Канат экөө телефон менен сүйлөшкөндөн кийин Зарина саал санааркап калды. Эмнегедир анын үнү, сөздөрү бүгүн ага демейдегиден башкача, кандайдыр бир табышмактуу туюлду.

«Түндө эмнеге уктабады экен? Айткандайле, уйкуга мас окшобойбу, – деген ою кайра көңүлүн тынчытып койду. – Эмнеси болсо да кечинде өз оозунан угам го...»

А бирок, ал күткөн кеч түнгө алмашып, анткен менен Канатынан алигиче дайын жок. Эки-үч ирет өзү чалса, албай койду. Эмнегедир, Заринанын ыйлагысы келди.

– Дагы таарыныштыңарбы?

Кожойкесинин андайда канчалык азаптанаарын билген Наташа ушинтип сурады. Зарина унчукпай, тек гана көзүнүн жашын мөлтүлдөтүп, күлүмсүрөп койду.

– Мен ага такыр түшүнбөйм! – деди Наташа. – Ага кезиккени аябай эле азап тарттың, канча жолу ооруп да калдың. Ал өзү деги кандай бала?! Чынымды айтсам, мен ошол жигитти көргүм келет. Ал бир көз боочу болуп жүрбөсүн? Же сыйкырчы эмеспи?!

Наташанын чын дилинен ушинткенине Заринанын чындап эле күлкүсү келип, ый аралаш кыткылыктап күлүп атты:

– Ал көз боочу да, сыйкырчы да эмес, – деди анан: – Ал деген... Ал деген!.. Атургай аны айтууга сөзүм да жетпейт, Наташа! Ал бир асыл, бул жашоого бир келген белек, ал менин – сагынчым, үмүтүм! Билесиңби, Наташа, мен тагдырга ушунчалык, ушунчалык ыраазымын – мага ошол Канатымды жолуктурган күнү үчүн! Жада калса ошонун өзү дагы бакыт, ырахаттай сезилет – аны сагынганым, таарынганым күнү-түн!

– Сыягы, мен бул теманы эч качан түшүнбөйт окшойм, – деди Наташа ийнин куушуруп.

– Качандыр бир, өзүң да мага окшоп чыныгы сүйүүңдү тапканыңда, ошондо түшүнөсүң.

– Мүмкүн...

«Ал эртең сөзсүз чалат, – деди Зарина жатып атып да өзүн-өзү алдап. – Сыягы, дагы эле ойгоно элек окшобойбу. Бүгүн түнү түшүнө кирсем экен...»

А Канаты анда таптакыр ойгонбос болуп уктап жаткан!

Акыркы убактарда Зарина сабырдуулукту эш тутуп, жаман ойлордон жаа бою каччу болгон. Деги эле бул анын бала күндөн келаткан мүнөзү. Бирок, «адамдын азыткысы адам» деген чын белем, Канат экөөнүн махабатына кара санап, кастарын тиккендердин

ар кандай аракеттеринен улам адамдарга, айлана-чөйрөгө мамилеси азыраак карарып барып оңолду.

«Бүгүн жолукпасак, эртең сөзсүз жолугабыз, – деди ал. – Эртеңдердин ары-ары жагында биздин ажайып күндөрүбүз бар! Ар мүнөт, ирмемдерден канат тагынып алып, биз ошол бийик, ыйык күнгө оболоп баратпайбызбы! Андан ары Канатым ар дайым жанымда болот. Каалаган убагымда карагат каректерине карайм, капкара чачтарынан салаалап, кааласам жыргап-жыргап жыттап, кучагына жашынам!..»

А бирок Канат эртеси да кабарлашкан жок. Кандайдыр бир жамандыкты сезген сымак, жаны жай ала албай элеп-желеп боло берди кыз. Канатка кайра-кайра телефон чала берип, акырында: «Урматтуу абонент! Сиз чалган номер өчүрүлгөн!» – деген жооп алды!

Эртеси күнү эртең менен эрте аэропортко барып, Оштон келген таянесин тосуп алды Зарина. Кичинекей, чүкөдөй болгон байбиче жээн небересинин кыпкызыл «жоргосуна» отуруп, жол бою Жаратканга жалынып, ыраазы болуп компойду. Зарина таенесин өз үйүнө апкелип, ороп-чулгап отургузуп, ысык-ысык чай ууртатып, анда-санда ажыкыстана тийишип, тамашалашып жыргап алды.

– Сиз эми кичине эс алып уктап алыңыз, апашка! Мен сиздин кызыңыздыкына барып келейин. Же сиз да барасызбы? – деди Зарина чыгып баратып.

– Сеникинде эле калам! – деди таянеси да. – Эне керек болсо издеп келишээр!

* * *

– Апаке! – деди Зарина эшиктен кирип келип эле. – Апаке, сүйүнчү, таянем келди!

Эне-бала эрмектешип, кыйлага баарлашып отуруп чай ичишти. Ошонун ортосунда да жүрөгү сыгылып, ой-санаасы алда кайда оболоп учуп атты кыздын.

– Байбичеге качан барасыз? – деди кетип атып.

– Офисте азыраак жумушум бар, ошону бүтүрүп коюп кайрылам, – деди эне.

– Жарайт! – деген кыз жапакечтене апакесин өөп, кайра-кайра жыттап, анан: – Айтмакчы, кечинде өгүнкүдөй кылып, өз колум менен картөшкө кууруп бербесем... – деди.

– Макул, жанбиргем, – деди эне күлүп.

Зарина өз үйүнө келип эле Канатты сурады.

– Чалган жок, – деди Наташа. Ындыны сууп, томсоро түштү кыз. Андайда бөлмөсүнө кирип кетип, жалгыз калганды жакшы көрчү. Бу саам да ошентти. Көмкөрөсүнөн түшүп, жаздыгын кучактап жатып, эмнегедир эле букулдап ыйлап алды. Ошентсе да көксөөсү суубай, көкүрөгүндө кандайдыр бир түпөйүл нерсе өйүп турган... Көзү илинип кетсе, түшүндө коюу тумандын ичинде жүрүптүр. Кайдан-жайдан эле Канаттын үнү угулат:

– Зарина, каяктасың? – дейт ал.

– Сенчи?! Кайдасың Канат?! Мен сени таппай атам?!

Үн чыккан тарапка колун сунат кыз.

– Зарина, мен сени күтүп атам, келип кетчи?! – дейт да ашыгынын үнү алыстап жок болот.

Чочуп туруп эле телефон чалды кыз. Канаттын чөнтөк телефону иштей элек экен. Үйү болсо эмнегедир албай койду.

– Закуля, сени телефонго чакырып атат, – деди аңгыча Наташа баш багып. – Эмне дейин? Барсыңбы же жоксуңбу?

Демейде: «Мен Канаттан башканын баарына «жокмун»! – дечү кожойкеси бу саам анын ким экенин да сурабай, трубканы шашылыш ала койду:

– Алло?!

Телефон чалган Алима экен:

– Зарина?.. – деген менен ал андан ары эмне айтаарын унутуп калгандай саамга буйдала түштү:

– Зарина?..

– Эмне болду? – деди анын добушунан кандайдыр бир жамандыкты туйган өңдүү, ансыз да араң турган жандүйнөсү эңшериле түшүп.

– Канаттын... – деген кыз же «арты кайрылуу болсун» дей албай, же «өлгөнүн уктуң беле?» дей албай кепке какай түштү.

– Эмнени айта албай атасың? – деди Зарина ичинен канчалык чый-пыйы чыгып, чыдамы жетпей атканы менен токтоо, салмактуу унчугуп.

– Зайка, – деди Алима бу саам да шыр кете албай, – Канаттын...

– Эмне Канаттын?! Батыраак эле айтчы, бай болгур?!

– Сен Канаттын... өлгөнүн уккан жок белең?!

– Ыя-а?! – деп бир катуу чочуп алды кыз. Уккан кулагына бирде ишенип, бирде ишенбей, саамга эс-учун жоготпой эңгирей түштү. Кулагы чуулдап, заматта жер ага астын-үстүн болуп кеткенсиди.

– Эмне дейсиң?! – деди «балким каңырыш угуп алдымбы, ылайым эле калп болсо экен» деп үмүт учкуну бир жылт эте түшкөн кыз. А бирок:

– Эки-үч күн мурун эле каза болуптур. Эртең жайына коюшат экен!.. – деди курбусу бышыктап.

Заринанын колунан телефону түшүп кетти! Бир эле заматта өзгөрүлүп, ушунчалык муп-муздак болуп, болуп көрбөгөндөй мисирейип, бир чекитти тиктеп мелтиреген кожойкесин көрүп, анын бир шумдук кабар укканын билген Наташа:

– Зайка? – деди шыбырап. – Эмне болду, Зай?..

«Селт» деп, ойдон ойгоно түшкөн кыз:

– Наташа, – деди эриндерин араң, алсыз кыбыратып, – Канат... менин Канатым каза болуптур!..

– А-а! – Наташа эмне дээрин билбей, алакандары менен оозун басып, көздөрү алайып кетти. Мынчалык суук кабар угам деп эч качан ойлогон эмес!

Бирок Зарина антип көпкө турган жок. Салаалап аккан көзүнүн жашын алакандары менен арчып, өзүн-өзү токтоо, сабырдуу кармап, унчукпай күрмөсүн кийип, машинасынын ачкычын алды.

– Мен кеттим! – деп чыгып баратып, эмнегедир артына бир «жалт» карап алды.

– Зайка, сен кайда?! – деп соңунан кыйкырганы менен Наташа жооп ала алган жок.

Гараждан машинасын айдап чыкты да, Зарина түз эле Канаттын үйүн көздөй бет алды. Ал келгенде Москва көчөсүндөгү 141-үйдүн эшигинин алдында эл көп экен. Машинасын үйдөн обочороок, жол жээгине токтоткон кыз, короону көздөй басты. «Алима балким адашып, жаңылып аткандыр?..» – деген акыркы үмүтү аңгыча бычырап, бырын-чырыны чыга түштү! Канаттын короосунда боз үй тигилип, боз үйдүн ичиндеги аялдардын боздогон ыйы сай-сөөккө жетип атыптыр. Зарина да аңгычакты:

– Кана-ат! – деп көмөкөйүндө бир катуу чаңырып алды! – Канат?!!!

Боз үйдүн сыртында кара тасма байланган сүрөттө Канаты аны азыраак күлүмсүрөй, баягы-баягы кусалыгы ашып-ташыган каректерин жайнатып, кадала тиктеп туруптур!

– Келдиңби?..– деп жандана түшкөнсүдү сүрөт.

Зарина өзүн араң-араң кармап, кайра эле ыкчам артка кайтты. Ачуу арманга толгон ачуу чаңырыгын көкүрөгүнө көтөрүп, карегиндеги каканактаган ысык жаштан калкылдап жол көрүнбөй, жер айлан-көчөк болуп келатты.

Анын бу жерге келгенин Канатынан бөлөк эч кимиси билбей калды! Машинаны алысыраак алып барып токтотту да, рулга өбөктөп жатып алып солкулдап ыйлап атты.

Бул убакта Наташа Клара Досматовнага телефон чалды:

– Клара Досматовна, жаман иш болуптур!..

Чочуп кетти эне:

– Жаман ишиң эмне, кызым?!

– Канат... Биздин Канатыбыз каза болуп калыптыр!

– Эмне дейт, чунак кыз?! – деп жүрөгү «зырп» эткен эне, эмнегедир кызын сурап ийди:

– А Зарина каякта?!

– Ошол жакка кетти окшойт. Же сизге кеттиби, айтор айтпай эле чыгып кетти.

Клара Досматовнага заматтын ортосунда жер астын-үстүн болуп кетенсиди. Ошентсе да өзүн сабырдуу кармап, Заринаны азга аярлап күттү. Соткасына кайра-кайра чалса, эмнегедир кызы алган жок...

Бат эле анан  Сооронбай Жусуевичтин үйүнөн дарегин сурамжылап таап, жанына бирөөнү алып, көз көрсөткөнү чыкты. Билген кишиге алар турган жер Канаттын үйүнөн анча деле алыс эмес, беш-он мүнөттүк эле жол болчу. А бирок, «алдыраарда – жаздыраар» болуп,алар Москва көчөсүнөн 141-үйүн издеп, тегеренип жүрүшкөндө Зарина ошол үйдүн тушунда туруп, алардын алдында эле жүрүп кетен.

Анан калса, так ошол Зарина келген кезде, демейде эшикте турган Дайырдын да жок болуп калганын айт!

Клара Досмтовна келип эле баланын атасын сурамжылады.

– Ал тигине, тээтигил турган жигит, – деп Дайырды көрсөтүп беришти.

–  Кайрат кыл, Дайыр! – деди өзүнүн да өзөгү өрттөнүп турган эне. – Кантели, Канат менин да балам эле!.. Айла жок!..

Ансайын буркурап, сайсөөгү сыздап кетти атанын.

–  Кайрат кыл, Дайыр! –деген эне кызын сурады.

– Жок, келген жок. Кабар айттырып, балдарды жөнөттүм эле, таппай атышат... – деди уулдун атасы.

Эненин жүрөгү «зырп!» эти:

–  Анда мен азыр келем... Зайка келип калса... көз салып койчу? – деп шашылып чыккан Клара Досматовна ошондон эле туш-тушка телефон чалып, киши чаптырып кызын издей баштады...

* * *

Зарина бу кезде Манас аэропортун көздөй көзгө илээшпеген ылдамдыкта кетип бараткан. Баягы, Канаты экөө кубалашып, жарышып өтчү кара жол!

– Канатым менин! – деп баратты көзүнүн жашы тыйылбай, ыйлап бараткан кыз:

– Кайда кеттиң, Канатым?! Мен сени кайдан табам?! Каяктасың?! Биз эч качан, эч убакта айрылышпайбыз дебедик беле?! Анда эмнеге жыргалынан жыласы көп бу жалганга мени жалгыз таштадың?! Мен эми кантем, Канат?! Кантип сенсиз жашайм да, кантип сенсиз күн көрөм?! Канатым, ай-й! Кайда сенин мен искеген илебиң?! Кайда эриниң мен өпкөн?!

Кайда көзүң, эркелете караган?! Кайда сөзүң, кайда жыргал добушуң, уксам кумар тараган?! Кайда сүйүүң, уялаган жүрөктү?! Жек көрөм мен, сени менден ала качкан ач көз ажал түгөттү!!!

Борошолоп, тээ батыштан ызгаар уруп келди... Зарина эмнегедир, машиненин айнегин ачты. Ачык терезеден ырылдап соккон шамал анын саамайын, чачын туш келди чачып, каалашынча уйпалап, ырахаттанып атты. Ага деле кайыл болуп, ээ-жаа бербей салаалаган көз жашын дагы арчыбай, барчу жери бар өңдүү каяккадыр зымырап, каяккадыр эле баратты кыз...

– Мен сага баратам, Канат! – деди оюнда. – Мени күт, жаным!

Бул  2003-жылдын январь айынын он бири болчу.

Күнгө ишемби. Шыбыргактап, суу аралаш кар жаап келди.

Жер менен жер боло жапырылып, көзгө илээшпеген ушунчалык катуу ылдамдыкта бараткандыктан, атүгүл атайылып тоскон МАИ кызматкерлери да спорттук үлгүдөгү бул кызыл машинанын айдоочусун эле эмес, номерин тактоого үлгүрө албай, аркасынан кубалаганы менен караандап да койбой алда кайда калып атышты.

Кудум тирүү кездегидей чебелектеп:

– Зарина! Закуля! Анчалык катуу айдаба! Абайла! Токто! -дегендей Канаттын элеси бет маңдайынан элес-булас булактап, көрүнө калып аткансыды.

– Сен мени эч качан таштабайм дебедиң беле, Канат?!

– Мени кечир,Зарина? Сага берген антымды буздум. Убадама тура албадым. Ак никелүү жар болчу, биздин күнгө жетпей калдым! А бирок сен эсиңе кел! Сен дагы жашашың керек, Зарина?!

– Канат! Мага сенсиз жашоонун кымындай да кереги жок! Экөөбүз өлгөндө да бир болобуз дебедик беле?!

– Ал үчүн кечир мени?! Мен өлүмдүн мынчалык эрте келерин кайдан билдим, Зарина?!

– Жок, Канат! Өзүңсүз өткөн өмүр курусун! Кара жердин алдына сени кантип жалгыз жаткырам?! Кантип сени караңгы көргө жалгыз кыям?! Кантип гана сен жаткан боз топурак, жердин үстүн тебелеп басып жүрөм?! Анте албайм, жаным! Анте албайм! Андан көрөк, сен тарткан азапты кошо тартып, сен жамынган кара жерди жамынып, жаныңда жатканым жакшы! Азыр барам, жаным! Аз-аз чыда, аз-аз күт!!!

А бирок, ошо саам жандалбастап, Жаратканга жалынып, өң-алеттен кетип, өзүн издеп жүргөн апасынын элеси да көз алдына тартыла калды:

– Апаке-е! – деди көзүнүн жашы он талаа болгон кыз эреркеп да, өксүп дагы, - Апакебай! Алтыным апакем! Биз Канаттан айрылып калдык! Биздин Канатыбыз эми жок! Баягысындай тамашалап, баягысындай каткырып күлүп, ал мени эшигимдин алдынан тоспойт! Келесоом десе, эмнеге анчалык шашты дейм да?!

Кызыңды кечир, апа?! Өзүңдү кыйып, өлүмдү беттеп баратканым үчүн кечир?! О, менин алтын апакем! Мен үчүн өмүр сүрүп, кара жаныңды карч урганыңды, эмчек сүтүңдү, ак тилек, асыл ойлоруңду актабай кетет белем, апакебай?! Асылым апакем, менин! Азабымды тарттырып, сени азапка салам деп үч уктасам түшүмө кирген эмес! Мени кечир?! Мен да сага ыраазымын, апаке!!!

Ошол трассанын оң жагында, айылдан чыга берерде кыркаар тарта өскөн теректер бар. Ушул жолдо баратып, Канат менен Зарина ошол бактарга ар дайым токтоп, эрикпей ылдый түшүп барып, кызарып батып бараткан күндү карап, кыялданып тээ көпкө чейин тажабай отура беришчү.

Ошол бактардын оң тарабы айдоо аянты. Анда жаз-күз кылактап, кызыл-тазыл кийинген кыз-келиндер иштечү. Аларды саксактап, чыт курсак балдар, секелек кыздар сексеңдеп ойноп жүрүшөр эле. Сокосу жерди омкоруп, жүрүшү жерди солкулдаткан каз таман тракторлор да бу жерге бир башкача көрк берчү. Аңтарылган топурактын, шыбактын керимсел жыты керемет эле! Куштардын кубулжутуп сайраганы эки ашыкты кубантып, куштар кылчу.

– Мен ушул жерди ушунчалык жакшы көрүп калдым, -деген жигит бир күнү кызынын белинен имере кучактап отуруп.

– Мен дагы, – деген Зарина. – Деги эле сени менен кайсыл жерде болбоюн, ошол жер мага бейиш!

Эсине ушулар келе түшкөн кыз так ошол жерге келгенде, оюна бир нерсе түшө калгандай рулду ушунчалык чукул бурду.

Трассанын бийиктиги жерден эки метрге жакын өйдөтөдө болгондуктан, ансыз да дөңгөлөгү жерге тийип-тийбей келаткан машина ошончо бийиктикте калкылдап, абада учуп баратты!..

– Мен сага баратам, Канат!!! – Акыркы жолу оюна ушул келди. Эмнегедир ал азыр жанагыдай ыйлабай, тескерисинче баягыдан да башкача агынан жарыла күлүмсүрөп, эмнегедир ажарына чыга түштү. Чындап эле сүйгөнүнө бараткандай, тээ кайдадыр аны Канаты күтүп, адатынча кучак жайып, жаркылдап тосуп тургандай, мына-мына ал тарапка учуп кетүүчү өңдөнүп , ошо ирмемде өзү да бир талпынып алды...

Мунун баары көз ирмемге да жетпген убакытта болуп өттү.

Аңгычакты, кыз айдаган ошол кызыл унаа бет алдындагы терекке урунуп «карс!» дей түштү. Тамыры үзүлүп кетүүчүдөй чайпала түшкөн терек түгүл, жер өзү да болуп көрбөгөндөй бир катуу «солк!» этип алды, ошондо!

Теректин так жүрөгүнө барып урунган машина бат эле ылдый шыпырылып түшүп, бир милдеттен кутулуп: «Өх-х!» -дегендей дымырап, жерде жатты.

Заринанын жаны, руху ушунчалык шашылгандай, бир ирмемге да аярлабай, ошол эле замат Канатын издеп, чексиздикке «Зым-м!» эткен боюнча учуп чыгып кетти!..

* * *

Авария болгон жерге ары-бери өткөн машиналар токтоп, заматта эл чогулуп калды. Так ошол маалда «Манас» аэропортунан келаткан Клара Досматовнанын кызматкерлери да Заринанын кырсыкка учураганын көрүп токтоп, апасына телефон чалышты.

Ошондон көп өтпөй эле МАИнин, милиция органдарынын машинелери,«Тез жардам» менен удаа эле жакшы санаалаштары, жоро-жолдош, бирге иштешкендери коштогон Клара Досматовна да жетип келди.

Заринанын ошондогу элеси, ошол сүрөт эненин көз алдында өчпөс болуп, өмүр бою сакталып калды:

Машинанын алдыңкы, күбүлүп түшкөн айнегинен кудум азыр канат кагып, учканы обдулуп бараткан чабалакейге окшоп, Зарина белинен өйдө койкоюп чыгып, каяккдыр кош карегин жайнатып, күлүмсүрөп карап туруптур!..

Анын ошол турушу кол менен атайын жасап койгондой, өзгөчө бир көркөм болчу! Өзү да периштеге окшоп, башкача бир татынакай эле!..

Анын эч бир жеринде жаракат, кызыл-жаян кан тургай, чийин да жок болчу! Чачтары дагы азыр эле жасагандай сыйда, ирээттүү эле!.. Ал эми анын көздөрүчү?! Ал абалкысындай эле бадырайып, жууган карагаттай мөлтүрөп... бактылуудай бажырайып турган!

– Зайка?! Заринкам?! – деп кызына умтулган Клара Досматовнаны:

– Акырын! Азыр сенин үнүңдү укса алаксып, карай коем деп бир жерин оорутуп албасын! Көрдүңбү, кызың жапжакшынакай эле турат, – дешти жанындагылар токтотуп.

«Ырас эле...» – деди эне да ынанып.

Алдын ала сүйлөшүлгөн боюнча Зарина «түшкөн» «Тез жардам» жөн гана, энени убактылуу алаксытуу үчүн үстүндөгү жарыгын жаркылдатып,чындап эле тез жардам көрсөткөнү шашылып бараткандай алдыда «кыйкырып» келатты. Анын артынан калбай, Клара Досматовна түшкөн машина барат! Аңгыча, сааттай болуп алардын унаасы бузулуп, жолдо туруп калышса болобу! Эненин ошондогу чыйпыйынын чыкканы ай! А бирок анын да атайын эле алдыңкы машинадан «адашуу» үчүн жасалган аракет экенин эне кийин билип атпайбы!

Бир убакта:

– Адашып калдык! – деп калп эле жанындагылар шаарды кыдырып, ар кайсы оорукананы «сүзгүлөп», Заринаны «издеп» жүрүштү. Акыры, үчүнчү оорканадан табышты. Бул убакта саат түнкү ондон эчак өтүп калган маал болчу. А бирок алар азыр моргго келгенин эне анда да байкаган жок?!

Алдын-ала сүйлөшүлгөн боюнча:

– Азыр операция жасайбыз, – деди ак халатчан жигит чыгып. – Эки саатан кийин келиңиз, эже, кызыңыздын акыбалын ошондо айтабыз...

Бирок, баары бир эле эненин жүрөгү ыйлап туруп алган!..

* * *

Заринанын Канаттын артынан жан кыйганы тууралуу кабар ошол эле түнү Сооронбай атаныкына айтылды.

Ошондогу Дайырдын боздогону, ай! Анан калса, кечээ эле көрүстөндөн бирөөнү – уулуна, экинчисин өзүнө арнап эки орун алган, ал!

«Эртеби-кечпи, качандыр бир өлүм келет. Ошондо уулума жанаша жатайын! Тирүүсүндө жаныма алып жүрө албадым. Жок дегенде тиги дүйнөдө жакын болоюн!» – деген ата. А бирок ошол жерге өзү эмес, Заринанын жатып каларын ата каяктан билиптир, арман?!

– Айланып кетейиндерим, ай! Алдыңарга мен кетсем эмне?! – деп сыздаган атанын көз алдына балдардын баягы, Жылуу-Булактагы элестери биринен сала бири тартылып, эс-учунан тангычакты эчкирип ыйлай берип жүрөк оорусу кармап, ооруканынын кайра жандандыруу бөлүмүнө түшүп калганын өзү да билбей, тээ түндүн бир оокумунда гана эсине келди.

Ушул эле күнү эки жашты Чоң-Арык көрүстөнүнө жанаша коюуга уруксат сурап, Сооронбай аталар кыздын ата-энеси, урук-туугандарына киши чаптырышты.

– Болбогон кеп! Андай болууга эч качан мүмкүн эмес! – дешти Жеңиш Есенжановичтин урук-туугандары. А бирок:

– Апасы чечсин! – деди кыздын атасы.

Тигил жак да, бул жак да демдерин ичине катып, эмне деген кеп-сөз чыгаар экен деп Клара Досматовнаны караште эле:

– Эки баланын бири-бирин сүйгөнү жалган беле?! – деди алды-артын аңдап, көкүрөк-көңүлүндө көп нерсени салмактап көрө билген көрөгөч, кыраакы аял «кудалардын» сунуш-суроосун колдоп:

– Заринанын Канат үчүн кырчындай жаш өмүрүн кыйып, Канатынын артынан кеткени калппы?! Андай болсо, бул жалганда бири-бирине жетпей, бирге болбой калышса да, аркы дүйнөдө бирге болушсун! Мен – макулмун!

Анын айтканын кубаттагандай, көпчүлүк бир толкуп алды.

– Ырас айтат!

– Кеп эмес бекен, атаганат! – дешти уккандар.

А бирок Клара Досматовна уул тараптагылардын: «Канаттын сөөгүн дагы бир күнгө кармап, эки жашты бир күнү коелу», – дегендерине макул болгон жок:

– Жок, ансыз деле бала көбүрөөк кармалып калды окшойт. Бизди күтпөй, өз убагы, өз маалында эле кое бергениңер оң. Бир күндүн ары-бериси кайсыл? – деди. Бул акылды да ким-кимиси оң көрдү.

Январдын он экиси.

Шыбыргактап акырын кар жаап атты...

Сооронбай атанын эшигинин алдында эл көп. Канат менен коштошууга келгендер короого батпай, көчөнүн тээ тең жарымына чейин быкылдайт.

Канатты «сууга» алышып, жаназасы окулуп:

– Канат кандай адам эле?! – деди молдо калайык-калкка кайрылып. Туш-туштан:

– Жакшы адам эле!

– Жакшы жигит эле! – деген үндөр чыкты.

– Уулумдун бересеси болсо менден алгыла, аласасы болсо кечтим! – деп эртең менен эрте ооруканадан чыгып келген атасы эки-үч ирээт жар салды.

Канатты көрүстөндү көздөй алып жөнөй берерде чучуктай чыңырды энелер:

– Ала ке-ет, кубатым?!! Кагылып гана кетейиним ала кет, мени?!! Кара жанымды гана чабайын берекем ай, кара жердин астына кантип гана баратасың?!! Астыңа мен кетсем болбойт беле кокуй!!! Ай, Кудай, ай-й!!! Ай, балам ай!!! – деп небересинин артынан жүткүнүп, боорун тытып боздогон Шааркүл апаны катын-калачтар туш-туштан кармап, жөлөп-таяп боз үйгө алып кирип кетишти.

– Канатым-м!! Жалгызым, ай!! Жан балам, ай!!! Каралдым балам, ай-й!!! – деп чыңырган Гүлнаранын абалын айтууга дарманым жетпес!

Көрүстөнду көздөй чубалып, аяк-башы көрүнбөгөн көпчүлүктүн ичинде Зарина тараптан ага-тууганДары менен Жеңиш да бар эле.

Оо, оомалуу-төкмөлүү, бири кем дүйнө десең!

Ошол, Канатты жерге түшүрүп, көпчүлүк уучтап топурак салып атканда , жаңы эле дөмпөйгөн дөбөчөнүн жанында дагы бир жай казылып аткан болчу!..

«Оңурайып, оозу ачылган ошол оюкка эртең Жеңиштин боор эти менен тең бүткөн жанбирге, үлбүрөгөн назик, жароокер, жалгыз кызы келип түшөт!..»

Өзөгү өрттөнүп, эси эңгирей түшкөн Жеңишке, эки ийнин солкулдатып, эчкирип ыйлаган Дайырга, кайгыдан чайпалып араң турган Сооронбай атага угуза:

– Ким-кимиңер кайраттуу, сабырдуу болгула! -деди молдо бак-бак этип. – Башка түшкөндү көтөрбөскө аргабыз жок! Андан көрө баланын жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун! Курандан башка айла жок!

Сооронбай ата бетарчысы менен көзүнүн жашын аарчып, ичинен күңгүрөнүп:

– Кош, Кулунтайым?! Кош каралдым! Кош... Коркпой жат...-деди,– Оо, Жараткан?! Эне сүттөрү оозунан кете элек, наристе бойдон эмес беле, балдарым?! Бу не деген укмушуң?!

* * *

Эртеси, 13-январь күнү Заринаны жайына алып чыгаарда Канат тараптан Сооронбай ата, Дайыр баш болгон жоон топ адам келди.

Заринанын эшигинин алдында боз үй тигилип, ак маңдай кыз сүрөтүндө келип-кеткен адамдарды күлүмсүрөй тосуп алып, ар бирине агынан жарыла, мээримин төшөп тургансыйт.

Тигине, көпчүлүктүн арасында кучагы толо кып-кызыл роза көтөрүп, а бирок эриндери кеберсип, өңү чүпүрөктөй кубарган бир адамды эки жагынан жөлөп-таяп, жетелеп келатышат!...

Буту жерге тийип-тийбей, ортодо сүйрөлүп, эс-учун жоготуп келаткан шол адам – Канаттын атасы, Дайыр!

Арман күн десең! Ата өз баласын канчалык жакшы көрсө, Заринаны да ошончолук жакын, жанындай көрчү эмес беле! Жандилинде жапакеч кызына жалынып: «Айланып кетейин аруу кызым!» – деп өз атадай эбедейи эзилип атчу. Уулунун бактысына бажырайган баёо, акыл-эстүү, эң эле жароокер, камкор кыздын кабылганына каниет кылчу! Эми ошол эки «эгизинен» тең айрылып, шорго малынып атса кантет, катыгүн?!

Бир жолу уулу кыпкызыл розаларды көтөрүп алыптыр болчу:

– Атаке, караңызчы?! Кандай экен? – деген бапырандап.

– Чын эле жакшынакай экен. Бул кимге? – атасы кимге экенин баамдап турса да сурап койгон.

– Заринага! Бул анын жакшы көргөн гүлү! – деген уулу.

Ошол розаларды кайра-кайра жыттап, көздөрүн күлмүңдөтүп узап бараткан уулун атасы көпкө чейин сыймык менен караган.

– Апаке, мен кийин жалаң кызыл розалардан гүл бакча жасайм! – дептир болчу апасына бир ирет. – Билесизби, эмнеге?

– Эмнеге? – деген Гүлнара чын эле ынтызарлана.

– Анткени кызыл розалар – болочок келиниңиздин жакшы көргөн гүлү.

Анан да, Канат өзүнүн апасы менен Заринанын туулган күнү бир күнгө туш келип калганына кубанар эле:

– Кандай жакшы, ээ? Экөөңөрдүн туулган күндү кийин дайыма бирге тосот турбайбызбы, – дечү.

Мына-мына жыгылып кетүүчүдөй темтеңдеп, теңселип араң басып келаткан Дайыр ушуларды ойлоп келатты:

– Уулум! Мен сенин Заринаңа, ар дайым кызыл розаларын алып барып турам!!! – деди уулунун гүл кучактап, күлмүңдөгөн элеси көз алдына тартыла калып.

Эки бетин салаалаган көз жашы жууп, ыйга муунган Дайыр боз үйгө жетип-жетпей, Заринанын сүрөтүнүн алдына бөк түшүп, чөгөлөп отурду да, бооруна кыскан беш жүз тал роза гүлүн өтө аяр, өтө урматтоо менен коюп, көпкө чейин, кызга таазим этип, эки ийинин солкулдатып ыйлап отурду.

Гүлдүн тең жарымын боз үйдүн ичине киргизип, сөөктүн аягына койдурушту.

Ошентип, ошол күнү маркумдардын шаарчасына – жалган дүйнөдөн жоготкон жанбирге, жакын адамын издеп жап-жаш, кудум тирүү кездегидей кош кареги жайнап, күлүмсүрөгөн жакшынакай, аруу кыз келди. Келди да, ашыгынан эми эч качан, эч качан айрылбастыгына ыраазы өңдүү, Канатынын жанына, ал жамынган кара жердин бир учун жамынып, суналып жатып калды!..

* * *

Эки ашыктын аз өмүрдүн, арзуудан тапкан бактылуу да, армандуу да таржымалы тууралуу ушул аңыз ошондон кийин ылдам эле элди аралап, узун элдин учуна кетти. Ыйлабаган жан калбады!..

Адамдар армандуу бу тагдырга аза күтүп, кайгырып да, кайра ошончо башты бийик көтөрүп, атамзаманда адам баласы менен кошо туулган ыйык сезимдин бүгүн да бар экендигине каниет кылып атышты:

– Капырай! Сүйүүнү жок дейсиңер! Мына – сүйүү! Ал эч качан жок болбойт! Сүйүү жашайт, сүйүү бар! Сүйүүнү майдаланып, ыпыластыкка айланып кетти дейсиңер! Көрсө, жаңылыпсыңар! Мынакей, ага далил! Сүйүүнү дене кумар, жанкумардын көз ирмемдик ырахаты дейсиңер! Жок, сүйүү бу жашоонун бардык ырахатынан ыйык! Ал – руханий улуулук!

Ошондон көп узабай эле кыргыз адабиятынын алтын казынасына сүйүүнүн улуулугун даңазалаган жаңы каармандар, жаңы дастан, чыгармалар кошулду. Көкүрөк дарты, көз жашынан сыя жасап, аза менен арманга жүрөгү ууланып, муңканып отуруп жазган Сооронбай Жусуевичтин «Канат менен Заринасы» окурмандар арасында колдон-колго өтүп окулган, жандүйнөлөрдү жашытып, ошону менен катар эле аруулукка, адалдыкка, махабаттын бийиктигине чакырган парасаттуу чыгармага айланды! Жыл айланбай бул дастан башка элдердин адабий казынасынан да орун алып түрк, орус, тажик жана башка бир канча тилге которулду.

Алар чыныгы турмуштан алынган, жалганы жок тарыхый бу чыгарманы тегин жерден сүйүшпөдү! Өз элинде, өз урпактарына махабатты даңазалап, анын улуулугун даңктап, рухдүйнөлөргө жаназык кылуу үчүн алышты.

Ага удаа эле эки ашыктын кыска, нуска өмүр-таржымалы, армандуу да, ак сүйүүсү тууралуу ондогон акындар чыгармаларды жаратышып, ондогон обондор оболоду. Эл артисти Насыр Давлесовдун реквиеми оркестрдин коштоосунда, кыргыз искусствосунун не бир чеберлеринин аткаруусунда чоң сахналарда жаңырып, мини-спектаклдер, бийлер жаралды.

Бул, албетте, өлүмдү даңазалоо эмес! Тескерисинче, андан да бийик, андан дагы ак, чыныгы, таза махабаттын бар экендигин даңктоо! Сүйүү үчүн, сүйүүгө чын татыктуу жигит Канаты үчүн кырчындай кезинде кыйылган кыз – ал тирүү! Ал өзү менен кошо Канатын да кайра тирилтип алып аалам кезип, жер кезип ырдап кетишти!

Өлбөстүккө айланып арабызда, жүрөгүбүздө, куштай учкан мезгилдин канатында жашап, алар кылымдардын канча бир кырын ашып, түбөлүккө жашатат.

Канат менен Зарина жаткан жер бүгүн эле МАХАБАТТЫН МАЗАРЫНА айланууда. Андай болсо, сүйүү үчүн, сүйгөнү үчүн Зарина кыз жан кыйган 11-январь – СҮЙҮҮНҮН КҮНҮ экендигин ким танат?

* * *

Ата-энелер ат тезегин кургатпай, Канат менен Заринанын «айлына» тез-тез каттай беришет. Балдар бар кезде, куда-сөөк боло элек кезде бири-бирине сый мамиледе болсо, эми алар чындап эле чырмалышып, бири-бирине ичтери ысып имерилип, ымалашып калышкан.

Бир күнү таң эрте келишсе, Зарина каза болгон жерди айланчыктап, колуна чака көтөргөн тестиер бала жүрүптүр.

– Мында эмне кылып жүрөсүң? – дейт Клара-апа таң калып.

– Заринанын багын актап атам, – дейт бала.

– Неге?

Булар аны азыр айыпка жыгуучудай буркуюп, жер караган бала анда: – Анткени, бул... ыйык бак да, – дейт.

Жеңиш менен Кларанын көздөрүнө жаш тегеренип кетти. Алардан жеме укпай турганына көзү жеткен бала ошондо гана жайдаңдап:

– Бул жерди биз дайыма карап турабыз, – дейт. -Антпесек, бу тегеректе мал көп. Алар гүлдөрдү жеп коет. Анан да апамдар, атамдар, баары эле келип куран окуп турушат.

Ошол бакта куушуп ойногон эки апакай көпөлөктү кыздын ата-энеси келген сайын көрөт. Ар дайым, алар келген сайын кош чымчык ошол бутакта безилдешип, кубулжутуп сайрап аткан болот. Атүгүл, тегереги тосулган ошол белгинин айланасында башкача бир кооз, үлбүрчөк назик гүл жайы, кышы менен мөлтүрөп гүлдөп турду... Анан калса, ал жерде гүлдөр жалгыздап, же болбосо топ-топ болуп эмес, эки-экиден жупташып өсүшөт.

Зарина гүлдү сүйүүчү: «Гүлдөр өтө сезимтал. Алар назик, анан да алар эч качан адамды алдабайт! – дечү ал. – Алар адамдын тилин, дилин түшүнүшөт. Алар кубанышат, кайгырып, ыйлашат...»

Менин үстөлүмдө азыр Заринанын Канатка жазган дагы бир каты жатат. Аны мага Клара Досматовна жанараак эле берди:

«Гүл бар жерде – аруулук,
Махабат бар таптаза!
Ишен, жаным,
Алар – тирүү, алар ыйык башкача!
Сөз дагы айтып жеткире алгыс сүйүүнү,

Анан дагы –
Сени жүрөк эч убакта кыйбасын,
Алар гана айта алышат, кымбатым!..
Каник! Туулган күнүң менен!
Мен сени ушунчалык – ушунчалык сүйөөрүмдү
жана ар дайым сени күтүп, сагынаарымды, сен деп жашап жүрөөрүмдү билсең экен...
Сенин Зайкаң, 21.11.2000.»

Зарина каза болгондон кийин, анын өз үйүндө, гүлгө байланышкан бир таңкалыштуу окуя болуп өттү.

Эртең менен туруп карашса эле, Заринанын портретинин алдына коюлган ак, кызыл гвоздикалар жарым кулачтай алыстыктан бири-бирине мойнун созуп, кудум кучакташып алып ыйлап атышкан сымак, бири-бирине беттешип, чапталышып алышыптыр. Анан да ак гүл кызгылтым түстү, ал эми, кызыл гүл агыш түстү өзүнө сиңирип алганычы?!. Укмуш эле бул!

Канат менен Заринага байланышкан ушундай укмуштуу, таңкалыштуу окуялар алар өлгөндөн тартып, ушул күнгө чейин кандайдыр бир жакшылыкка, сүйүүнүн жаралышына, асылдык, пакизалыкка чакыргандай тирүүлөргө сыр берип, кез-кез кезиге калып келатат...

Зарина ким бирөөлөргө калем карматып, ыр жаздырат экен...

Ыйык кыздан аян болуп, ыр кураган ошол жандар буга чейин колуна калем кармап, эч убакта эки сөздүн башын курап көрбөгөндөрүн айтышат.

– Таңкы саат төрт экен... – дейт Наталья Васильевна. – «Наташа, калемсапты колуңа ал!» – деп кайдан-жайдан мага тааныш, жагымдуу үн угулду. «Зайка?!.» – дейм уккан кулагыма ишенбей шашкалактап. «Жазгының!» – дейт ал. Уйку-соонун ортосунда калем-кагазымды колума алып, күтүп калдым... Эмнегедир, аларды ошол күнү башыма коюп жаткамын.

Аңгыча эле көкүрөгүмдү тээп, мен эзели ойлобогон, укпаган дагы, жашоо-өмүр тууралуу ойлор, ыр саптары куюлушуп келе баштады... А мен аларды араң-араң жетишип, кагазыма көчүрдүм.. Эртең менен ушунчалык сергек, жеп-жеңил ойгондум да: «Жана мен түш көрдүмбү же чын эле ыр жаздымбы?» – дейм . А бирок, чындап эле дептеримдин бетинде ушундай ыр саптары калыптыр:

«Чексиздикке кайып болуп,
Бул жашоодон алыстап,
Кеттиң узап!..
Кандай кайгы!
Тагдыр мынча табышмак?!
Жалбырактар шуудурашат,
Шооратыбы, жамгырдын?
Жандүйнөмдө жоготуу, муң –
Сенден кантип айрылдым!

Бүгүн барбыз,
Эртең жокпуз неге биз?
Билбейм неге жаралабыз, өлөбүз?
Ким күнөөлүү –
Жаза таюу, жаңылуу,
Жана да не,
Өксүп күз жаш төгөбүз?

Өкүнсөк да

Келбейт бирок өткөндүр,
Каталар да
Кайра эч качан түзүлбөйт!

****

Кучагында сагынычтын, кусанын,
Сенден алыс,
Алыс-алыс узадым!
Анткен менен абай салып, айланып,
Айрыла албай,
Ар убак саа арбалып,
Жалбырактай калкып учуп асманда,
Тегеренем сени санаа басканда.

Мен ушуну салтка айлантып алгамын,
Жазгы желге айланам да айдарым,
Саамайыңдан эркелетип өбөмүн,
Жолдоруңа ак жарык нур төгөмүн.
«Кимсиң?» – дейсиң,
«Периштеңмин, сени дайым коргогон!»
«Каяктасың?»
«Кайда от жанса,
Ошол жакта мен болом!..»
«Сүйүм! Сенчи?
Бир белги бер, өтүнөм?!.»

А мен шамды,
«Үлп!» эттирип өчүрөм!..
19-март, 2003-жыл»

* * *

Дагы бир ажайып кызык – туулган күнүндү Зарина-кыздын ата-энелерди дарбыз менен тосуп алганы! Бул окуя мындайча болгон.

Чоң-Арык көрүстөнүндө корукчу болуп иштеген Алихан күндөрдүн биринде эки жаштын күмбөзүнүн башында өскөн дарбызды көрүп таң калат да, ким бирөөлөр жулуп кетпесин деп үстүн чөп-чар менен жаап коет.

Деги эле бул тегеректе дарбыз өскөнүн, же ким бирөөнүн өстүргөнүн ал уккан да, көргөн да эмес. Кандайча болуп бул дарбыздын өсүп калганы аны айран таң кылат. Ошентип, дарбыз күн санап чоңоюп, чатырап чоңое берет. Заринанын туулган күнүнө келген ата-энелерди Алихандын жаңылыгы абдан таң калтырат. Дарбызды өз колдору менен үзүп, ошол жерден союп, куран окушат... Чындап эле өрттөй кып-кызыл бышкан, муп-муздак, болуп көрбөгөндөй ширин дарбыз Заринанын аларга атайын арнап жазган жайыл дастаркону сыяктуу сезим калтырган....

Анан калса, апасына ар дайым Зарина кыз ак булуттардын арасынан көрүнө берет.

– Жеңиш, карасаң Заринаны! Тигине, – дейт эне.

– Койчу, Клара! Мен эч нерсе көрбөй эле турам! – дейт ал.

Дагы бир жолу, кеч күздө экөө эс алганы көлгө барышат. Эненин эсинде качан болбосун кызы жүрөт да, ошондо да жалгыздап келатып:

– Зайка, Закуля, эгерде сен азыр мени көрүп, туюп атсаң... Эгерде сен чындап эле бар болсоң, анда мага кандайдыр бир белги берчи? – дейт. Айлана-тегеректе бак-дарак түгүл, бир көл, бир кумдан башка эч нерсе жок эле. Аңгыча кайдан-жайдан калкып учуп келет да, сары-кызыл жалбырактын алаканына конуп атканы! Эненин жүрөгү «дирт» эте түштү:

– Закуля! Алтын кызым, менин! Ишенем, сен ар дайым менин жүрөгүмдө эле эмес, жанымдасың берекем!.. Мен ар убак сенин шыбыртыңды, шооратыңды туям! Өзүңдү сагынып, сабыркаган жаныма кайра өзүң кайрат, дем берип келесиң, кереметим!.. – эне жалбыракты эрдине тийгизип, бооруна кысты...

А бирок, ушундай окуя, белги болгонуна Жеңиш дагы эле ишенер-ишенбесин билбей турду.

– Бая күнү ар кайсыны ойлоп, кызымдын кылык-жоруктарын эстеп, капаланып атып уктагам. Түн ортосунда эле... уктап атсам эшик кыйч этет. Ойгонуп кеттим. Демимди ичиме катып, эшик жакты карап жатсам, ким бирөө акырын ачып аткандай дагы ошентти. Эмнегедир жүрөгүм кубанып, «болк» дей түштү. Чындап эле, кызым тирүү кирип келаткандай ордумдан ыргып туруп, жарыкты күйгүздүм. Ашканага өтүп барып дарстарконго кызымдын жакшы көргөн тамак-ашын, анын ичинде алмасын коюп, өзүм да шашпай отуруп чай ичтим...

Эмнегедир, ошол учурда чындап эле менин жанымда Зайкам отургандай сезилип атты. Эми элеки кайгы-капам жуулуп, көңүлүм көтөрүлүп, кубаттана түшкөнсүдүм, – дейт эне.

– Апама барып айтып коюңузчу, – дептир бир жолу чоочун эле бир аялдын түшүнө кирип, – Апам ыйлабасынчы, мен жакшы элемин...

Ошондон кийин Клара-апа ыйлаганын койгон.

– Канат экөөбүз уулдуу болдук. Жети ай болуп калды... Апама сүйүнчүлөп койсоңуз! – деген экен дагы бирөөгө аян берип. Аппак кийинип, абалкысындай эле эки ууртунан күлкүсү төгүлүп, колуна торолуп калган эркек баланы көтөрүп алган имиш.

Айткандай эле, эки ашыктан, Жараткан Теңирден аян болуп келген ошол наристе азыр эмгектеп, кас-кас туруп басып калды...

Бул да өзүнчө бир чийеленишкен, кызык окуя. Уулу өлгөндөн кийин жоготуу азасына кошул-ташыл, Гүлнара катуу ооруп калды.

– Жатынды операция жасаш керек! – деди дарыгерлер бир ооздон. Бирок эле бир күнү:

– Операцияга барбасын! Анын жети айлык боюнда бар. Кудагыйыңа айт! – дейт Роза аттуу көзү ачык Клара Досматовнаны чакыртып:

– Анын үстүнө бул жөн бала эмес, Канат менен Заринанын рухунан бүткөн касиеттүү бала!

Ошол күндөрү Зарина да: «Апама айтып койгулачы, мен 17-үйдөмүн,» – деп дагы бирөөнүн түшүнө кирет. Ошондон бери: «Бул 17 деген сан эмне болду экен?» – деп Клара-апа түйшөлө берер эле. А көрсө Зарина аны дагы жөн жеринен айтпаптыр... Анын сыры кийин ачылып атпайбы!

Клара-апа Роза эженин айткандарына бирде ишенсе, бирде ишенбейт. Ишенейин десе, эки эле кат болуп, эч кандай ичи билинбеген Гүлнара канча дарыгердин көз алдынан өтүп, канча аппаратка түшүп, ошонун негизинде диагнозу коюлуп атпайбы! Ишенбейин десе, бул аял аябай эле ишеничтүү айтып атат. Анын үстүнө өгүнү эле Зарина ким бирөөнүн түшүнө кирип: «Канат экөөбүз балалуу болдук!» – деп атса?!. Акыры, эмнеси болсо да көрө жатарбыз деп, Розанын кабарын кудагыйына айттырат. Анткен менен, Гүлнара ага адегенде макул болбой, атүгүл капа болуп, таарынып да калат:

– Каяктагы жети айлык бала? Менин эч кандай боюмда жок! Мени эмне, тамашалап атасыңарбы? Ошол эле жетпей атты эле! – дейт ал.

Клара-апа чындап эле оңтойсуз абалда калат. Роза эже болсо, кайра да айттырат. Ошондо гана Клара Досматовна өзү барып:

– Гүлнара, сен балаңдан айрылсаң, мен да баламдан айрылдым. Экөөбүз бирдей эле азап тартып, аза күтүп турабыз. Бир жолу менин айтканыма көнүп койчу? Акыркы жолу, дагы бир жолу жакшылап текшерилип көрчү? – деп атып акыры ынандырат да, экөө шаардагы эң күчтүү, эң жогорку квалификациялуу деп саналган медициналык борборлордун бирине барышат.

Текшерүү учурунда эле... Мына укмуш! Аппараттын экранында колу-бутун тарбаңдатып... эркек бала жатат! Атургай ал кимдир бирөөлөрдүн өзүн карап, тынчын алып атканын билип аткандай чукуранып, көздөрүн бүлбүлдөтүп ачып-жумуп атканы!..

– О, Кудай! Сүйүнчү, Гүлнара?! Биз уулдуу болот экенбиз! – деген Клара-апанын кубангандан жүрөгү лакылдап, карегине жаш толуп кетти. А бирок баланын апасын ишендирүү, ынандыруу оңойго турган жок!

– Андай болсо ичим чоңоюп, кандайдыр бир белгилер болот эле го?! – дейт ал.

Айткандай эле, ал качан ошого муюп, макул болгондон кийин гана, эки-үч күндүн аралыгында курсагы кадимкидей жайылып, чоңойгону!.. Кандай жакшы?! Кандай кубаныч! Кудайдын сүйүп берген белеги бул!

Ошондон эки ай өтүп-өтпөй эле Канаттын апасы – Гүлнара алмончоктой уул төрөп, Сооронбай ата наристеге Аян деген ысым ыйгарды. Ал эми Зарина айттырган «17» деген сан – ал Аяндын туулган күнү – 17-июнь экен!

А бирок, бул жашоодо ар адам өзүнчө жалгыз! Шааркүл апа кенедейинен жонуна көтөрүп баккан тун небереси, жанбиргеси Канатынын кайгысын андан ары көтөрө алган жок!.. Канатынан айрылган алгачкы күндөн тартып эле абалкысындай боло албай, аздап-аздап алы-күчүнөн тайып, азайып отуруп... акыры бир күн балдарынын аркасынан өзү да кайрылгыс сапарына аттанып кете берди!.. Сооронбай ата, бала-бакырасы, жакын урук-тууугандары эле эмес, ошентип кыргыз адабияты, маданиятынын өкүлдөрү да асыл апабыздан айрылып, аза күттүк! Айрыкча, поэзия жанрын туу туткан акын кыздар үчүн Шааркүл апа ким эле?! Ар бир жолу «төркүлөп» барганыбызда апабыз агынан жарыла кубанып, кучагын жайып тосуп алуучу да, берерге ашын, айтаарга сөзүн таппай, ар бирибизге айланып-тегеренип, энелик мээрим менен эркелетип:

– Айланып кетейиндер! Садага болоюндар!.. – деп жалынып-жалбарып, өпкө-жүрөгүн чаап атуучу.

Олда, кайратыңдан кагылайын асыл ай! Сооронбай атабыздын айкөлдүгүн айтам... Кабыргасы кайышып, канчалык катуу кайгырып, кан жутуп атса да бала-бакырага кайрат берип, калдайып караан болуп, бармактайынан баш кошкон байбичесин узатуу расмисин ырастап, бары-жогунун башында турбадыбы!..

* * *

Кечээ, жакында эле акын Бактыгүл Чотурованын «Сагыныч» аттуу ырлар жыйнагы жарыкка чыкты. Бактыгүл эжемдин кубанганын сурабаңыз! Ал да өзүнчө бир айкөл, асыл адам!

Эжемдин карегинде кылгыра түшкөн жашты көрүп, менин да ыйлагым келип кетти. Эжекем экөөбүз бири-бирибизди карап, кайра кытылдап күлүп атабыз...

– Эже, эмне болду? – десем кайра ал мага:

– А сага эмне болду? – деп коет.

Бул – кубанычтын көз жашы эле. Акын үчүн китебинин жарыкка чыгышы – сөз менен айтып жеткирүүгө болбой турган ырахат!

– Соронбай агай менен Клара Досматовнага рахмат! – деди эжем. – Алар болбосо, бул китеп качан чыгат эле?! Чыгат беле?!.

Айткандай эле, бу күндөрү «Канат менен Зарина» фондуна ыраазычылык билдирген таланттар көп. Өзүнүн уюшулганына аз эле күндөр болсо дагы фонд канча бир автордун китебин жарыкка чыгарып, композиторлордун концерттерин каржылап, искусствонун кайсыл тармагында болбосун чыгармачыл адамдарга колдоо көрсөтүп келет.

Оюна бир нерсе түшүп кеткендей бир убакта эжем:

– Жүрү, Соронбай агайдыкына барып, китепти көрсөтүп келебиз? – дейт. Колунда – «Сагынычтын» мукабасы али даяр боло элек биринчи экземпляры.

– Мукабасы чыкканда баралыбы? – дейм.

– Жок! Бара береличи... – дейт акын эжем.

Биз келсек, Соронбай агай иштеп отуруптур. Эжемди куттуктап, мени да: «Китебиңди аяктап калдым деп атасың, куттуктайм!» – деп бетимден өөп, жылуу кабыл алды. Агай тынымсыз иштеп, канча бир чет элдик поэзия өкүлдөрүн которуп, басмага даярдап аткан экен. Эмки жылга өзүнүн ырларын да басууга берерин айтты.

Агай аркы үйгө кирип кеткенде эжем мени муңая карады:

– Шааркүл апа эсиме түшүп кетти... – деп.

Мен дагы үйдүн ичине тегерете көз кырым салып, Шааркүл апа менен Канат азыр көрүнө калуучудай боло бердим...

Кайтаарыбызда Соронбай Жусуевич тартмасынан конфет алып чыгып, чөнтөгүбүзгө салды.

– Агай бизди кичинекей баладай эле көрөт, – деди эжем сыртка чыкканда күлүп...

Биринен-бири өткөн ушундай асыл адамдардын арасында жүргөнүм менен ичимде сыймыктанып бараттым.

* * *

Күндөрдүн бир күндөрүндө Зарина апасынын түшүнө кирет:

– Апа, сиз алып берген ак мончогумду эч кимге бербеңиз. Аны Наташа күйөөгө чыкканда тагынсын.

Ошондон кийин эненин оюу ордунда эмес: «Эми эмне кылам? Мен аны эчак эле бирөөнө кармата койбодум беле...» – дейт. Акыры, ордуна башка мончок алпарып берип, Заринаныкын кайра апкелип коеюн деген чечимге келет. Бирок, бир күнү Заринаныкына барса эле, баягы мончок үйдө турат дейт!

– Ай, муну мен бирөөнө бербедим беле?! – дейт таң калган эне.

– Сиз берген башка. Ал – Канат алып берген мончок болчу. Бул – сиз алып берген мончок эмеспи, – дейт Наташа. Ал абалкысындай эле, куран окутуп келип-кеткендерди тосуп, Заринанын буюм-кечелерин ирээттеп, үй-жайын жыйнап-тазалап бул үйдө. Эненин ошондогу бир кубанганын сурабаңыз!

Көп өтпөй эле Наташа чиркөөгө камынат. А бирок, ал сыйынууга эзели барып көргөн эмес. Деги эле чиркөөгө баруу буга чейин анын үч уктаса түшүнө да кирбептир! Бирок эле жүрөгү ээленип, баргысы келбей атса дагы кандайдыр бир күчкө жетеленип, чиркөөгө жөнөйт.

Ошол чиркөөдөн ал бир жигит менен таанышат. Экөө тең адегенде бири-биринен көз ала албай арбала калышат. Чыгып баратканда жигит анын атын сурайт. Экөө аялдамага чейин кобурашып келишет. Наташанын баамында ошол жигит кандайдыр бир сырдуу, оор басырыктуу, ойлуу эле. Айлана-тегерекке абай салып, ким бирөөнү издеп атканcып эле сезиле берген. Ушул сырдуу жигит тууралуу Наташа келип эле Клара Досматовнага айтат:

– Эмнеге экенин билбейм. Мунун баары тең кандайдыр бир... менин эркимден тышкары болду. Мындай жолугушуу, мындай сезим болот деп эч качан күткөн эмесмин. Анын үстүнө, анын көз карашы бир башкача сыйкырдуу эле... Ал көздөр менин акыл-эсимди таптакыр ээлеп алгандай!.. Анан да, ал жигит мага түшүнө кирип, Бишкекке чакыра берүүчү, өзү эч качан өңүндө көрбөгөн бир кыргыз кызды издеп жүргөнүн айтты. Таң каларлык!..

Ушундан улам Клара-апанын оюна бир нерсе «тык» эте түштү:

– Наташа, бул баягы-баягы, сага Зарина айткан жигит эмеспи?

Эсиңдеби, ал сени күйөөгө өзүм берем, жигитти өзүм таап берем дечү эмес беле? Түшүмө кирип, мончок тууралуу айтканычы?

– Билбейм, – деди эмнегедир жүзү тамылжый түшкөн кыз ийнин куушуруп.

– «Ошол биринчи жолугушууда менин көйнөгүмдү кийип бар» дегени эсиңдеби? – деди эне.

– Эсимде...

Анткен менен Наташа Заринанын кай көйнөгүн кийерин элестете алган жок. Анткени, кийиминин дээрлик көбү элге тарап кеткен. Анын үстүнө, Зарина көп учурда шым кийер эле. Анын саналуу, бир-эки эле көйнөгү боло турган. А бирок, буга да жооп табылды. Кайсы бир күнү кыз Заринанын кийимин кайра да бир ирээттеп, жыйнап атып анын көк сарафанын таап алды. Буга чейин көйнөктүн кай жакта жашынып жатканына таң берди кыз. Кожойкесинен алда канча сөөк-саактуу экендигине карабай, атайылап ага арнап алгандай чак келип калганын айт!

Алар кайсы бир кафеден жолугушмак. Эмнеси болсо да көрөйүнчү деп, Заринанын сүрөтүн өзү менен кошо алып, жолугушууга чыкты. Вадим аны күтүп отуруптур. Эмнегедир, Наташа кирип келгенде эле нес болгон адамча көз ала албай, аңкая тиктеп калды.

– Наташа, кечирип койчу, бирок... алиги менин түшүмө кирип жүргөн кыз да ар дайым ушундай көйнөк кийет, – деди.

Сыр алдырбаганы менен, Наташанын келмеси оозунан ыргып кетти. Ушундай укмуш болоорун ал эч ойлогон эмес. Бирөө айтса да ишенбейт эле! Ошентсе да сыр алдырбай отурду. Качан-качан ыгы келе калганда блокнотун баракта п атып, «капысынан эле» Заринанын сүрөтүн колунан түшүрүп алды. Аны алып бере коеюн деп эңкейе калган жигит сүрөттү колуна кармаган боюнча эле... ката түштү!

– Эмне болду? – деди Наташа.

– Бул ким?! – деди Вадим жооп берүүнүн ордуна кайра өзүнө суроо берип.

– Зарина, – деди кыз. Анда тигил жигит:

– Мен издеген кыз ушул! – дебеспи!

– Койчу?! – чындап эле көздөрү алайды кыздын. – Кантип эле?..

– Ырас айтам! – кубангандан көздөрү жайнаган жигит, – Мен аны менен таанышуум керек! – деди.

Наташа ага Зарина жөнүндө болгонун болгондой кылып, атүгүл өзү тууралуу ушинтип убада бергенин дагы айтып берди. Ошондо гана алар Зарина ал экөөнү атайылап табыштырып, тааныштырып, бири-бирине жол ачып атканына ишенип:

– Бул – керемет! Бул – адам баласынын акылын айран кылуучу укмуш жомок! – дешти. Экөө ошондон кийин ысык-ынак болуп, сагынышкандай тез-тез жолугуша турган болду. Кийин-кийин жигит эки-үч айга дайынсыз жоголуп кетип, күндөрдүн бир күндөрүндө:

– Заринанын тилин албай коюп, аварияга учурап ооруканага жатып чыктым, – деп келди. Көрсө, окуя мындайча болуптур:

Алматыда, өзүнүн офисинде отурса эле, эшиктен Заринанын элеси шашылыш кирип келет имиш.

– Бүгүн Карабалтага барбай эле кой, – дейт кыз, -кырсыкка учурап каласың.

Аны менен сүйлөшүү кадыресе көрүнүш катары болуп калган жигит:

– Жок, барышым керек! Антпесем ишим үзгүлтүккө учурап калат! – деп караманча ынанбай, жолго камынат. Ошондо кыз:

– Болуптур, тил албадың. Наристе бирок аман калат. Өзүң жаракат аласың, – дейт.

Жаштык – мастык эмеспи. Анын үстүнө Заринанын айткандарын дагы бир жолу сынамакка жолго чыгат. Адегенде баары тең эле ойдогудай өңдөнгөн. Атүгүл кайра чыгаарда айдоочуга ишенбей, рулга өзү отуруптур. Ээн жол, алдыда да, артта да эч машина жок болчу дейт. Аңгыча эле, кайдан-жайдан беш-алты жашар бала алдынан чыга калып, андан качам деп машина аласалып, кабыргаларынан кан түкүрүп ооруканага түшүп, эми-эми айыгып чыккандагысы экен бу...

* * *

Ушул китепти жазып жүрүп, ушундай сырдуу, а бирок көздөй адамдардан уккан окуялардан улам мен дагы эзелтен таанып-билген эң жакын, жакшы көргөн Бермет Алымбаева эжеме барып жүрдүм. Бермет эже – эки жолку жогорку билими бар, беш бала өстүргөн асылкеч эне. Адегенде Ленинград полиграфиялык институтунун бүтүрүп, редактор адистиги менен «Мектеп» басмасында иштеп, кийин Кыргыз Улуттук университетинин орус тили, адабияты факультетин бүтүрүп түштүктө мугалим болуп иштеген.

Бир ыр жыйнагы, эки прозалык чыгармалардан турган китептин автору. Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү. Бирок, анын мен айтайын деген өзгөчө касиети башка. Ал көрүп-көрбөй туруп эле кимдин болбосун өткөн-кеткенин жана алдыда эмне күтүп атканын айта алат.

– Бермет эже, Канат менен Зарина жөнүндө айтып бериңизчи? – дедим бир күнү атайылап барып.

– Канат менен Зарина жөнүндө эмнени билгиң келет? – деди ал.

– Менимче, эки ашыктын бу жалган жашоодогу тагдыр, таржымалын жазып атпаймынбы, жакшы эле билем го... Экөөнүн аркы дүйнөдөгү жашоосу барбы? Ошону айтсаңыз? -десем эже теспесин карап отуруп:

– Бейшемби күндөрү, экөөнүн күмбөзүнө барган кезде тынч туруп тыңшасаңар, кандайдыр бир жумшак, назик шоорат угулуп турат... – деди.

– ?..

– Ал эки жаштын шоораты. Экөө кол кармашып алып тээ закымдарга, чексиздикке аалам кезип, сабалап учуп кетишет да, кайра өздөрүнүн бейитине келип конушат. Эмнегедир, алар Канаттын мүрзөсүнүн үстүнө көп аярлашат экен.

Анан да, а балким ата-энеси өзү деле сезбесе керек, Зарина бала күндөн кандайдыр бир касиеттүү кыз болуптур. Аны булутка окшогон кандайдыр бир аппак нерсе ар дайым колдоп, коргоп турчу экен...

– Анда, эмнеге ал Заринаны ажалдан коргоп калган жок?

Ушу арада «булут» жөнүндө айтканы көкүрөгүмө «тык» этип, Заринанын булутту жакшы көрөрү, апасына ак булуттардын арасынан көрүнөөрү көңүлүмө уялай калса дагы ушинтип сурадым.

– Анткени, бу – тагдыр, – деди Бермет эже. – Алар төрөлгөндө эле Алла-Таалам бешенесине ошону жазыптыр... Анан да, Зарина менен Канат ата-энелерине абдан ыраазыдай.

Биздин маегибизге шериктеш болгон сыяктуу, радиодон Алина Жетигенованын аткаруусундагы, Камчыбек Букалаевдин «Канат менен Заринанын сүйүүсү» деген ыры сыбызгып, бөлмөгө кандайдыр бир жакшы маанай, жагымдуулук жаратып, көңүлдү көтөрүп ийди:

Сүйүүнү ким ырдабаган, жазбаган?
Сүйүүдөн ким ыйлабаган, азбаган?
Кылым ырдап бүтпөс бирок бир ырды,
Зарина кыз эчак ырдап таштаган...

Адамзат жок өтпөй турган өмүрдөн,
Арман да жок кетпей турган көңүлдөн.
Эки ашыктын махабаты күн санап,
Нурга айланып барат ырдап төгүлгөн.
«Махабат жок!..» -деген өксүк кейиштен,
Жүрөктөрдү сакайтууга келишкен,
Алар тунук сезимдердин символу,
Арзуудагы адаштырбас периштем!

Канат менен Заринанын сүйүүсү,
Кылымдардан-кылымга ырдап жүрүүчү,
Өлбөс улуу касиетке эгедер,
Жүрөктөрдө ырга айланып жүрүүчү!...

* * *

Чоң-Арык көрүстөнүндө кош бейит бар...

Бейиттердин үстүнөн жылдын кай мезгили болбосун келип кеткен адамдардын аягы, гүл үзүлбөйт. Куран окуп, ар бир жолу келген сайын ата-энелер кош дөбөнүн үстүн улам эскире баштаган гүлдөрдөн арылтып, тазалап турушат.

Былтыр бул мүрзөгө эки-экиден ээрчишип, алты адам үзбөй каттачу. А быйыл алар бирге кем! Анткени, Сооронбай ата акыркы күндөрдө жалгыз келет. Келет да, балдарга, анан да балдарын сагынып, аркасынын кошо ээрчип кеткен байбичесине куран окуйт...

Анакей, Канат менен Заринанын күмбөзүн издеп, дагы бирөөлөр келатышат. Кыз-жигиттер... Алар төртөө экен. Акырын басып келишип, эки ашыктын мүрзөсүнө гүл коюшту да, көпкө чейин тунжурашып, эстеликтин бетиндеги Канат менен Заринанын сүрөтүнөн көз ала албай карап турушту.

Маркумдардын махабатка айланган руху алардын жандилине аруу сезимдин асылдыгын сездиргендей, кандайдыр бир нурдан б?тк?н жылуулук – жандүйнө, дене-бойлорун өрдөп, балкытып өткөн өңдүү...

– Мен сени сүйөм, Арнас! Сен менин... Канатымсың! – деди кыздардын бири карегине каканактай түшкөн ысык жашты алаканы менен арчып, жигитине эркелеп да, эреркей да, акырын унчугуп.

– Мен да сени сүйөм, менин «Заринам!»..– деди жигит да кыздын чачынан аяр жыттап.

Кыз жигитине жакын ыктай, ый аралаш күлө багып, сүйүү толгон кош каректер бири-бирине жалжылдай тиктеди...

Айтмакчы, ушул тапта обончу-ырчы жигит Бакыт Мамаев да кыялында кыңылдап ырдап, арзуунун ак дастанына айланган даңазалуу кыз-жигиттин таржымалынан

таасирленип жазган жаңы обонун кайрып, ошонун ыргагында өзү кошо оболоп, кыз-жигит жаткан МАХАБАТТЫН МАЗАРЫНА сыйынууга алып-учуп келаткан:

Сүйүү жок деген жалган! Жалган! Жалган!
Сүйүүсүз жашоо көрктүү болмок кайдан?!
Чыныгы сүйүү – жыргал, азап, кайгы!
А бирок сүйбөй өтүү андан да арман!

Жашоонун өзү арман, жашоо – жалган!
Бир күнү келет ажал кайдан-жайдан!
А бирок арман ошол – жүз жыл жашап,
Бирок да татым сүйүү татпай калган!

Сүйүү – чын! Сүйүүнүн кош канаты бар,
Ал жактан бир-бириңди табасыңар!
Айланып Аалам кезип, сүйүүнү ырдап,
Өзүңөр ырга айланып каласыңар!

Аз жашап, чоң сүйүүгө кезиккендер,
Ээрчишип, эгиз учуп кетишкендер!
Мазары махабаттын болоор дайым,
Экөөңдү кучагына бекиткен жер!

Эрчишип, эгиз учуп кетишкендер...

* * *

Ошол эле күнү кечке маал Чоң-Арык көрүстөнүнүн алдына жылтылдаган жап-жаңы «Мерседес» келип токтоп, андан бутунан-башына чейин кара кийген беш жигит түштү.

Улам көрүстөнгө жакындаган сайын Азыктын жүрөгү опкоолжуп, эмнегедир тамагы жашка муунуп баратты. Каректеринде каканактаган ысык жашты аарчып, бет алдынан чыккан эле бирөөдөн Канат менен Заринанын бейитин сурады.

– Аа, алар тигине, жакын эле жерде. Көрүнүп турбайбы, – деди ал адам гүлгө оронгон кош бейитти жаңсай.

– Рахмат! – деген Азык шашкалактап, жанындагылардан алда канча алдыда баратты.

– Зарина? Канат?.. – деди кыз-жигиттин бейитине гүлсебетин койгон Азык эриндери дир-дир эте. – Мени кечиргиле?! Жаткан жериңер жайлуу, топурагыңар торко болсун!.. Жанболот! – деди анан жанагы эле таш эстеликтин бетиндеги сүрөттөн көз албаган калыбында.

– Ии?

– Куран окуйлу?

– Азыр...

Жигиттер кыркаар тарта тизилип олтуруп, Жанболот коңур, мукам, муңдуу үн созуп, куран окуп атты. Ансайын Азыктын көзүнүн жашы токтобой, баягы-баягы күндөр – Канат менен Заринанын элеси биринен сала бири эсине түшүп, жаш балача балбаалап ыйлап атты. Аны көрүп, калгандары да эриндерин кырча тиштеп, баштарын жерден албай, качанкы бир кылыктары үчүн кыз-жигиттен уялгандай тунжурап олтурушту. Качан гана Жанболот:

– Оомийин! – дегенде ким-кимисине жан киргендей козголо, алакан жайышты. – Ушул курандын сообу Дайыр уулу Канат менен Жеңиш кызы Заринага тийсин!.. Жаткан жерлери жайлуу, топурагы торко болуп, Кудайым жанын жанатта кылсын!..

Бата кылышкандан кийин да жигиттер ар кимиси өз-өзүнчө ойго чөмүп, көпкө отурушту.

– Менин күнөөлөрүмдү кечир, Кудай?! – деди Азык өзү менен өзү сүйлөшүп аткандай күңгүрөнүп. – Силерге кыянаттык кылып, силердин сүйүүңөрдү «уурдайм» деген мен чынында эле келесоо окшобоймунбу! Көрсө, экөөңөрдү ажал дагы ажырата алмак эмес тура? Кандай бактылуусуң, Канат?! Заринанын артыңдан кошо ээрип кеткени үчүн эмес, ошондой аруу кыздын тамчыдай таза, тунук махабатына арзыганыңды айтам... А менчи? «Бактылуу менен баарлашпа, таалайлуу менен талашпа» болуп!..

Мен... Бирок Заринадан адамдан башкача бир асылдыкты, туруктуулукту, тунуктукту ошондо туура эле туюптурмун! Балким, мени өзүнө арбаган ошол улуу касиеттер болгондур? Албетте, адам деген ач көз, анын өзү тойсо да, көзү тойбойт! Ал өзүндө жокту издейт! Ошону тапкысы, ошого жеткиси келет! Ал эми өзү ошого арзыйбы, арзыбайбы, аны менен иши да жок! Анткени, анын да башкалардай бактылуу болгусу келет! Бир гана ирет келчү бул өмүрдү каалаган адамы менен, каалаганындай өткөргүсү келет!..

Кечиргиле?!. А бирок силерди убагында убарага салып, кыянаттык кылганым үчүн мен эми өмүр бою өкүнүп, өксүгүмдү өчүрө албай жүрүп өтөрмүн, арман! Анткен менен, мен экөөңөргө чексиз ыраазымын! Силер мени адам кылып, адамча жашоого, адамча ой жүгүртүүгө үйрөттүңөр! Силер менин турмушумду башка нукка бурдуңар!.. Силер мени өзгөрттүңөр...

– Шеф, – деди бир убакта баягы узун чач Шерип деген жигит акырын унчугуп. Бирок бу саам ал чачын кыска кырктырып, сыйдалап артка тарап алыптыр.  – Убакыт болуп калды, шеф...

Машинанын арткы отургучунда чалкалай, термелип ойлуу келаткан Азык жол боюндагы «Зарина» деген дүкөндү көрүп:

– Токтотчу! – деди. Анын катарында эле «Аян» аттуу дагы бир дүкөн бар экен.

– Бул дүкөндөр... кимдики болду экен? – деди Азык. Анын оюн илгиртпей биле койгон Шерип:

– Жок, булардын Заринага эч кандай тиешеси жок. Бөтөн эле бирөөлөрдүкү, – деди.

– Кеттик! – «шеф» машина ордунан козголгондо дүкөндү эмес, «Зарина» деген жазууну дагы бир кылчайып карап алды.

Алар «Асанбай» кичи району жакка бурулушту.

– Бул окуя биз кеткенден кийин бат эле, бир-эки күндөн кийин болуптур да? – деди баятан бери унчукпай келаткан Азык.

– Биз жетисинде кеткенбиз. Канат сегизинде, Зарина он биринде каза болуптур, – деди Шерип тактап.

Кайрадан унчугушпай калды.

«Мерседес» Зарина жашаган үйдүн так алдына, баягы-баягы биринчи жолу «Хундайды» кубалап келип токтогон жерде турду. «Баягычы? Ошондо ушундай болбоду беле?!.» – дешип бир жарым жыл мурунку окуяны баштан-аяк эстеп атышканда, кудум ошол күнкүдөй болуп, тигил коңшу үй тараптан Кубан көрүндү.

– Эй, карагыла! Баягы жигит – Зарининын «агасы»! – деп аны көрө калган Жанболот шашып кетти.

– Кана?! – деп ал тарапка жапырт караган жигиттер чындап эле жоготкон күндөрүн кайра таап алгандай шашкалактап, машинадан чыга калышты эле, Кубан да аларды таанып, бир чети сестенгендей, бир чети таң калгандай токтоп калды.

– Кандай дос?! – деди Шерип озуна кол сунуп. – Жакшыбы?!

– Кандай?! – деп калгандары да жайдаңдап кол беришип, жакшы тааныштардай учурашып атышты. Акырында калган Азык да Кубандын колун кысып, көпкө кармап турду да, жаш тегеренип кеткен көздөрүн ала качып, жигитти күтүүсүз эле жерден бооруна тартып, далысынан таптагылып, кучактап калды...

Кубан да аларды түшүндү. Анткен менен өзү да араң турган окшоп, муун-жүүнү бошоп кетти.

– Кечир? – деди Азык. – Баягылар үчүн кечир?!.

Кубан: «Эч нерсе эмес! Өткөн иш өтү-кетти!» – дегендей эки ийнин куушура, күлүмсүрөп койду.

– Бизди Зарина табыштырды эле, тааныш болуп жүрөлү! – деди Азык жөнөй бererде. – Бирок, чочулабай эле кой, биз «баягылар» эмеспиз! Азыр жакшы иш баштаганбыз, жакында биздин фирманын бет ачары болот. Кааласаң ишке кел?

– Рахмат, – деди Кубан дагы чын дилинен. – Силерди Канат менен Заринанын руху колдосун!..